# Москва кайрыктары - 5



# МОСКВА КАЙРЫКТАРЫ – 5

*Жыйнак*

«Улуу Тоолор»
Бишкек –2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
М 25

**Бапанов Багытбек Шериевич**

М 25 **Москва кайрыктары-5.** Жыйнак. – Б., Улуу тоолор, 2016. – 364 б.

ISBN 978-9967-475-85-9

Москва шаарында «Нур» ар тармактуу компаниясынын алкагында уюшулуп, адабий чөйрөгө, ыр-аңгеме жазууга дилгир жарандардын баштары биригип «Москва кайрыктары» адабий клубунун арасындагы мигранттык жашоодо өз ырысын таап иштеп жүрүшкөн жана дүйнө жүзүнүн кайсы бурчунда болбосун «кыргызым» деп жүрөктөрү соккон мекендештерибиздин ырлары жарык көрдү. Ата мекен, кусалык, эл-жерди, ата-энени сүйүү, ыйман, мигранттык турмуш, жаратылыш, сүйүү темалары да камтылды. «Москва кайрыктары» 5, жыйнак китебибиз Кыргызстандагы «Тарых жана маданият» жылына арналат.

М 4702300200-16

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-475-85-9

© «Москва кайрыктары» адабий клубу, 2016

# БАШ СӨЗ



*«Москва кайрыктары» адабий клубубуздун негизделишине быйыл 6 (алты) жыл болду. Клубдун мүчөлөрү 500дөн ашык. Ыр жазган таланттуу эмгек мигранттардын жүрөктөн чыккан ырларын, Москвадан чыгуучу «Нур» аттуу кыргызча гезитке ар басылышында жарыялап келүүдөбүз. Москвадагы Кыргызстан Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөлөрү: Айтаалы Жандаров, Акылбек Мамадалиев, Адашкан Пирматов, Акрам Турдубаевдердин жаш акындарга баш-көз болуп алардын чыгармачылыктары калыптанышына чоң салымдарын кошушууда.*

*Кыргызстандан келген атактуу акын эжелерибиз, клубубуздун чогулушуна катышып «**бул ыр эмес, пыр!**» деген сынына кабылып да жүрдүк. Бирок жаш акындарыбыз духун жоготпой кайра алга умтулуп аракет кылып көп ийгиликтерге жетишти. Албетте, жаш акындарыбыз акын болуп төрөлбөгөндөн кийин аларды колдоп, көңүлүн көтөрүп,*

*түрткү берип туруу биздин бирден-бир милдетибиз. Акындын 1% процентти талант, калганы 99% эмгек дейт эмеспи. Чынында эле жаш акындын ыры азырынча начар болгону менен анын жүрөгүндө чыныгы ырлар кайнап жатканын сезилип турчу.*

*Кыргызстандан атайын атактуу акын Нурлан Калыбековду Москвага чакырып, клубубуздун мүчөлөрүнө эки күн бою ыр жазуу тууралуу мастер-класс өткөрттүк.*

*Жыл сайын поэзия конкурстарды уюштуруп, жеңүүчү акындарга «Нур» компаниясынын атынан дипломдор, грамоталар берилип, ресторанда романтикалуу кечки тамактарга жөнөтүп, мед.центрге акысыз консультацияларга жолдоп эмгектерин баалаганга аракеттерди көрүүдөбүз.*

*Адабий клубубуздун мүчөлөрүнүн көптөрүнүн ыр китептери жарык көрүп, ага акын Акылбек Мамадалиев жана Адашкан Пирматовдор редакторлук кылышты.*

*«Москва кайрыктары» адабий клубубуздун мүчөлөрүнөн бешөө КУЖС мүчө болушту. Азыркы убактагы адабий клубубуздун редакторлору Жамал Сабаеванын, Дамир Абсатаровдун, Муханбет Каныбек уулунун эмгектери чоң. Өзгөчө үчүрдагы клубдун редактору Жамал Сабаева өзүнүн ден-соолугуна карабай кечке котормочулук иштерин кылып, андан кийин убактысын акындарыбызга бөлүп, маданий иш чараларды жакшы уюштурууда.*

*Айта кетчү нерсе, Москвада маданий борборубуз жок болгонуна байланыштуу адабий клубубуздун мүчөлөрү бир күн элчиликтин имаратында, бир күн кафеде, бир күн бир башка офистерде татаал*

*шарттарда поэзия кечелерин өткөрүүдөбүз. Россия жана Кыргызстандын майрамдарын белгилөөдө да маданий иш чаралар, жер жогунан жакшы уюшулбай калууда. Азыр Москва жана Москва областында баш аягы болуп 450 000 эмгек мигрант жашап, эмгектенет. Москвадагы кыргыз диаспорасы, кыргыз маданият борборун ачуу тууралуу, Кыргызстандагы мамлекет башчыларына жыл сайын билдирип келүүдө. Азырынча, бул маселе чечиле элек.*

*Ушул убакытка чейин адабий клубубуздун «Москва кайрыктары» 1, 2, 3, 4-деген жыйнак китептерибиз жарык көргөн. Азыркы 5-жыйнак китебибизде 70 кыргыз атуулдарыбыздын ырлары кирди.*

*Жыйнак Кыргызстанда жарыяланган «Тарых жана маданият» жылына (2016-ж.) арналат!*

**Багытбек Шериевич Бапанов** –
«Нур» Компаниясынын башкы директору,
Москвадагы «Нур» газетасынын редактору,
«Москва кайрыктары» адабий клубунун негиздөөчүсү.
КР маданиятынын мыкты кызматкери

# РЕДАКТОРДОН КИРИШ СӨЗ



Жамал Турдакуновна САБАЕВА,
«Москва кайрыктары» адабий клубунун жооптуу редактору

*Жалпы кыргыз адабияты азыркы замандын татаал шарттарына баш ийип, ар бир инсан өз арабасын өзү айдап, жан багып жаткан учурда, кийинки кезде пайда болгон «мигранттар адабиятында» поэзия жанрында жаш таланттар жана такшалып калган акындардын биргелешип, бул ыр жыйнакты чыгаруусу бизге жаңыча дем-күч берди. Кыргыз элибизден алыс жүргөнүбүздөн улам, тууган жерди сагынуу менен кусага толгон ой мүдөөлөрүбүздү билдирүүгө, мигранттык жашоонун ар кырдуу татаалдыгын өжөрлүк менен жеңип, баш көтөрсөк деген ой ниетте ички дүйнөбүздү тазалоого аракет кылган таланттардын ырларын чогулттук. Бөлөк эл, бөтөн жер болсо дагы азыркы Москва «кичинекей Кыргызстанга» айланып бара жаткандыгы, миграциялык агым азайбастан, күндөн-күнгө күчөп жаткандыгы, мекендештерибиздин*

*ар түрдүү шарттарга байланыштуу отурукташып, жашап жаткандыктары да чындык.*

*Мына ушундай шарттарда ар бир улут, ар бир эл өзүнүн каада-салтын, тилин, маданий, руханий байлыктарын, жекече аң-сезимин дагы өнүктүрүп, мекендештер менен байма-бай жолугушуп тургулары келет. Биздин «Москва кайрыктары» адабий клубу далай мигранттык жашоонун ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, бүгүнкү алты жылдык маарекеге жетишти. Клубдун негиздөөчүсү эл-жерим, кыргызым деп жанган жаш таланттарга алтын казынадай атына заты жарашып, багыт берген КР. Маданиятынын мыкты кызматкери Багыт Бапанов агайыбыз. Ар бир жаш талантка өз алдынча кеңеш берип жана демөөрчүлүк кубат көргөзүп, канатына калкалап, бапестеп адабият майданына учурган, атадай мамиле кылган кыргыздын атуулу. Өзүнүн кесиби врач экендигине карабастан, талантту адамды көз кыры менен байкап, психологиялык кадамдарын, ар бирөөбүздүн ички дүйнөбүздү таанып, тамырыбызды тартууга аракеттенет. Таланттуу, ынтымактуу жана көп кырдуу жамаатты узак убактан бери жетектеп келет. Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөлөрү, насаатчыларыбыз дагы жаш канаттарга арка бел болуп келе жатышат, сары ооз балапан болуп келген жаштар, таанымал кыргыз акыны деген сыймыкка жетишип жаткандыгы өзгөчө көрүнүш.*

*Поэзия дүйнөсүнө сүңгүп кирүүгө умтулган жаштарыбыздын калемдеринен жаралган ырларын да бул китепке камтыдык. Ошону менен бирге «Москва кайрыктары» адабий клубу кулачын кенен жайып, жер жүзүнүн ар кай-*

*сы бурчундагы мекендештерибизди да мүчөлүккө кабыл алып, ордобуз бапырап турган учур. АКШ мамлекетинен, Кыргыз Республикасынын ар кайсы бурчунан келген каттар, байланыштар, ой-пикирлер, каалоолор кыргыз адабиятына, поэзияга кадам койгон жаш таланттарга сабак, тажрыйба, түрткү гана болуп берип жаткандыгы айкын. Татыктуу чыгармаларды жаратышкан агайларыбыздан, эжейлерибизден баштап, арабызда чыгармачылыкка бел байлаганына жыл айланбай өздөрүнүн тунук, аруу иштери менен бааланган мекендештерибиз, негизги иштеринде, үй-бүлөөдө, коомдо жана чыгармачылык ашууда да ашып бара жатышат.*

*Миграннтык жана турмуштук көйгөйлөрдү чече албаган деле учурлар болот, бирок биздин адабий клубдун таланттары, бирин-бири сүйөп-таяп, «бир акынды алга чыгарыш үчүн миң акынды таптоо керек» деген девиз алдында иш алып бара жаткандай. Идея менен автор, автор менен образдын ортолорунда өзүн-өзү билбей калган абалга жеткен чыгармачылык эргүү жаралбаса, анда көркөм чыгарма акылдын гана туундусу болуп калат деген сөзгө жараша, ар бир автор изденип, окуяны башынан кечирип, поэтикалык бийиктикти, улуу чыгармаларды жаратаары маалым.*

*Мигрант жаш таланттардын чыгармачылыгын өөрчүтүүгө багытталган, улуттук кыргыз адабиятыбызга салым кошуп келе жаткан талантту акындардын тушоолору да «Москва кайрыктары» адабий клубунда кесилген.*

*Талантыбыз талбай, табылгалар кирешеленип келе берсин, окурмандардын аудиториясы кеңейип, Ата ме-*

*кен, эл-жерибизге татыктуу чыгармаларыбыз менен салымыбызды кошо берели, ар бир чыгарманын өз күйөрманы пайда боло берсин. Тил, дил жана улуттук сезим менен арууланып, кайда жүрбөйлү, эмне иш менен алектенбейли, талантттуу жаштарга мүмкүнчүлүк түзүп, колдоо көрсөтө билели.*

*Эмесе, урматтуу окурман журтчулугубуз, таптал-ган да, тапталып жаткан да ыр ынтызарларынын куш калеминен жаралган, аруу сезимди козгогон поэтикалык ыр жыйнагыбызга көңүлүңүздөрдү бурабыз.*

# АЙТАЛЫ ЖАНДАРОВ



*1954-жылы, 2-июнда Жалал-Абад областынын Аксы районунун Кашка-Суу айылында туулган. Жогорку билимдүү. Москва шаарынын ардактуу тургуну. КРУЖЧС мүчөсү. «Москва кайрыктары» адабий клубунун насаатчы ардагери. 4 поэтикалык китептин автору. Жакында «Алыкул жана залкарлар» деген, кыргыз поэзиясынын классиги Алыкул Осмоновдун туулгасынын 100 жылдыгына арналган ыр жыйнагы жарык көрдү. Төмөндө акындын жаңы ырларына көңүлүңүздөрдү бурабыз.*

## Адамзат

Кубанып жашоосуна элди көрүп,
Маданият билимден өсүп-өнүп.
Жакшынакай жашоого эшик түрүп,
Кемчилдикке кез болсо ондоп көнүп.

Жакшылык бар эмгектен делген беле,
Алыкулдун көөнүнө ал жеткен беле.

Жакшы күндүн пейили келип турат,
Ырахаты таланттан төккөн дебе.

Рахатын ал берип ыры менен,
Аты калды заманга чыны менен.
Ойлогондо мыйзамы бул турмуштун,
Уурдап жүрүп өмүрдү мезгил жеген.

Тирүүлүк берип турар жашоо көркүн,
Алыкул миң-миң жүрөк гүлдөтөсүң.
Мандайда колун берип турса бакыт,
Жыргал деп кабылдайсың өмүр өртүн.

Негедир жашай албай... жүрөгүм тар...
Сагынып жүрүп кайра болом бейзар.
Көралбас узак өмүр, бакыттарын,
Жаңыртып жаап турган болбодум кар.

Сыр менен кереметти жүрөк эзген,
Талантты Кудай сага берген экен.
Тоо баткан жүрөгүндөн чыккан саптар,
Тооруган ооруну да жеңген экен.

## «Жамандоо»

Айталы, жанда жүрөт жамандык да,
Турмуштун сынагындай кезиккени.
Бактыга жеткиргени негизгиси,
Болсо да утурумдук кечиккени.

Айталы, зардуу кабар укканыңда,
Кайгы тарт, муңуңду айт чыгарып үн.
Ал күн да өтөт-кетет, келет жыргал,
Ал кезде жарык болот караңгы түн.

Айталы, дартың болсо дарыгер бар,
Канчаны айыктырган алтын колу.
Жаш чыгат сокур көздөн чын ыйласа,
Жакшылык-аракет го анын жолу.

Айталы, моюн бербе азаптарга,
Туткунду басып алгыч жакшы көрөт.
Такшалган адам гана моюн бербей,
Тайманбай сыноолордон өтүп келет.

Айталы, ажырайсың көп нерседен,
Даанышман гана досту таштап кетпейт
Достукту сыйлап жүргөн күнгө жетпес.
Андайга баардыгынын күчү жетпейт.

## Алыкулга

Кудайданбы өмүрүң кыйып салган,
Ата Журттун оорусун өзүнө алган.
Жүрөгүнө батырып бүт дүйнөнү,
«Кыргызым» деп эртелеп кетти арман.

Тойду- жеди күн өтсө болду эсеп,
Эмне кылса өзүнө баардыгы эп.
Ортодо кайран өмүр кор болосуң,
Мезгил өтөт өзүнчө убайым жеп.

Пайдалуу адамзатка эмне, канча...
Адамзат мээнет кылып күйүп-жанса.
Мезгил дагы суктанып ыраазы го,
Доор менен кылымга эмгек калса.

Жүзгө чыккан болсоң да бар бекенсиң,
«Жок» деп айтат болбосо эчтемеси.
Бүл өмүрүң кызыксыз өтүп кетер,
Турбаса көзгө сүртөөр бир нерсеси.

Келди... кетти... табытка турпак салат,
«Жүзгө чыкты» – дешет да абазданат.
Коробос мезгил дагы суудай агат,
Кыламык кардай өмүр кетип калат.

Ыры менен жүрөгүн элдин бийлеп,
Саптарына сөздөрдүн гүлүн иргеп.
Кынап койгон кыштарын кылымдарга,
Кийин келген муунду өзүң бил деп.

Отуз беште Алыкул өттү десе,
Далай жандар көз жашын төктү десе.
Зыркыратып жүрөгүн мезгил ыйлап,
Залкар эрте келбеске кетти кече.

## «Табият жана музыка»

Угасың үйгө келип музыканы,
Музыка коштоп турат сырларыңды.
Эрийсиң ушунчалык дене балкып,
Унутуп жүрөктөгү бир кайгыңды.

Музыка – асман, жерди чарк айлантып,
Кыйнаган ооруңа да карабады.
Тагдырдын күндөрүнө арга барбы,
Кээ бир дос саламга да жарабады.

Музыка – көлдөй толкуп көздөрүңө,
Эстөөлөр, сагынуулар, жагым эрмек....
Өзүңө табышмактуу кубат алып,
Мындайды башка нерсе кайдан бермек.

# АКЫЛБЕК МУРАТАЛИЕВ



*1957-жылы 20-августта, Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунда, Аң-Өстөн айылында туулган. 1979-жылы М.С. Щепкин атындагы театралдык окуу жайды бүтүп Кыргыз Драма Театрында драма жана кино актёру деген кесип менен эмгек жолун баштаган. Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген артисти деген наамдын ээси, «Керме Тоо» жекече оюн-зоок кино компаниясынын директору, «Жети-Өгүз эли» коомдук бирикменин төрагасы, Кыргыз киностудиясында директордун орун басары, Ош «Тазарт» кино компаниясынын башкы директору, «Манас жаңырыгы» теле радио компаниясында вице-президент, «Манас жолу» Алтай-Алатоо улуу жүрүшү элдик иш-чарасынын уюштуруу штабынын жетекчиси, 2012-жылдан бери КРнын Омбудсменинин Москва шаары боюнча кеңешчиси, Россия Жазуучулар Союзунун мүчөсү, «Айкөл нуру» коомдук фондунун президенти. Учурда Москва шаарындагы Поликультурный борбордо маданият бөлүмүнүн жетекчиси, «Москва кайрыктары» адабий клубунун ардактуу мүчөсү, насаатчы. Үй-бүлөлүү, беш кыздын атасы. Москва шаарында жашап чыгармачылык менен алектенет.*

## Мөлтүр булак

Далымдан баскан ойлор дартка айланып,
Даарысын таба албастан сезим чарпып,
Дилимден олтурамын суроо салып,
Данакер булак сууга жүзүм чайып.
Дабыш чыгып булактан добуш салат,
«Дартыңды билесиңби сен – Адамзат,
Дабаа болчу өмүргө, жан дүйнөгө,
Дарегинде ар тамчынын сыр катылат,
Даанышман Ата-бабаң билип туйган,
Далайдын өмүрүнө өмүр курган,
Дат баскан жан дүйнөңө шыпаа болсун,
Дал ушул бир тамчыга өмүр сыйган».
Досундай акыл айтса ишене албай,
Долудай кармаганын эч качырбай,
Делөөрүп көпкө тиктеп ал булакты,
Демимди тартам ичке ишене албай,
Илбериңки добуш салып мөлтүр булак,
«Ичкин» деп, жыл-жулт этип жаңсап турат,
Ийип кеткен эненин эмчегиндей,
Из калтырган тамчылары тып-тып тамат,
Эмчегин энекемдин эстеп улам
Эркеп дембе-дем мен сууну жутам,
Эсим ооп көзүмдү ачсам көпкөк асман,
Эстей албай көк шиберде жалгыз жатам,
Күздөгү чагылгандай
күтүүсүз кабар алдым,
Караанын эч бирөөнүн
Кайсалап көрө албадым,
Кайыптан кабар берген

Картайган карып булак,
Карегиме карегимди
Кадалтып кармап турат,
«Кабарды кайдан алдың, кимден уктуң?
Карайлап жок издедиң эмне туттуң?
Тааныдыңбы кабар берген ким экенин?
Тартынбастан мындан кийин өзүңдү уккун»!
Кайыптан кабар берген мөлтүр булак,
Катылып көкүрөктө күлүп турат…

## Арыба, аруу кыргыз!

Эркелеп Улуу Рухтар кучагында,
Эрөркеп өткөн доорго кирип барам,
Эстутум алсыз болуп жетпей торго,
Энесиз жаш баладай жан кыйналат.
Ата-бабам арманы ат башындай,
Акактадым «улуулукту жеткизе албай»
Улуттун унут болгон улуулугун,
Урпагым, улантасың тайсалдабай!
Кадырын Улуу элдин баары билсин,
Кам көрбөсөң келечекке анда Кимсиң!
Барк албай башкаларды пир туткандар,
Баа берип Бабаларга Тегин билсин!
Камчыңды ал! Биз канатпыз, бери бурул!
Калкыган суу үстүндө жолуң ушул,
Жарк этип Нур жайнаган көзүбүз бол,
Жан эритип жаа тарткан сөзүбүз бол.
Оңбой калат Улуу элдин жолу тайкы,
Ошондуктан ойлонбостон бери кайткын!

Кан кускан Аталардын муңун айткын,
Кайгы баскан Апалардын ыйын айткын,
Катылган кара Кыргыз Касиетин,
Кастарлап багып жүргөн Сырын айткын! »...
Эстутум алсыз болуп жетпей торго,
Энесиз жаш баладай жан кыйналат...
Арыба Аруу Кыргыз!

## Уулун күтөт

Томсоргон Ала- Тоо
Томуктай уулун күтөт,
Торолуп Азаматым,
Тозоктой жүгүн алып,
Топуктуу Кыргызыма
Той берип качан келет!?
Ала-Тоом Атакем деп,
Азаттык мынакей деп,
Ак илбирс тукумунун
Атуулу качан келет?!
Арыба Аруу Кыргыз!

## Ак тилек

Чынар терек түбүндө
Чүкөдөй бала олтурат,
Чиймелеп жердин бетин
Чийедей ойун улап...
Чоңдугун бул дүйнөнүн,

Чындыгын чоң дүйнөнүн,
Чече албай сыр түйүнүн,
Чырагы өчүп-жанат.
Чымчыктай балапандын,
Чындыкты изденгенин...
Чыдабай Чынар терек,
Чырпыктай кезин эстейт.
Кырк үр кыз Көк асмандан,
Күүлөнүп жерге түшөт.
Кырк пери Нурдан бүткөн,
Кырк кайып жандап түшөт.
Айкашып ай ааламда
Сырдашып сырдуу түндө,
Сыбызгы үнү коштойт
Сыйкырлуу ушул түндө.
Эркелеп кучагында,
Эңсешип, серпилишет,
Эңсөөнүн балы таттуу,
Эң алгач биригишет.
Таң сүрүп Нур чачканда,
Теребел көз ачканда,
Термелип баба Терек,
Табыштайт чырпыгына.
Теңирим тартуулаган,
Тентеги Нурдан бүткөн,
Телегей тегиз болот,
Теңдик бул, баары күткөн.
Кыйчалыш кыйындыкта,
Кырылып бүтпөс болсун,
Кабарлаш кайып пирдин,
Канаты Кыргыз болсун.

Теңирим тартуулады,
Татына көл берметин,
Теңирим ташка катты,
Таалайын, касиетин.
Бар болсун баатыр Кыргыз,
Багына түркүн элдин,
Чырпыгым түшүндүңбү,
Чындыктын кайда экенин.
Муну айтып буйрук кылган,
Мээримдүү Теңир ата,
Мунарык басып калган,
Муңканган Адамзатка.
Буйругун буза албайсың Жаратканлын,
Буулуккан Адамзатка башчы болот,
Бул дүйнө эчен келип, эчен кеткен,
Булбулу жаңы Доордун Кыргыз болот,
Карытып кылымдардан кылымдарды,
Кайран эл үлгү болуп жашап келет,
Калтырып Адамзатка акыл эсин,
Кайрадан жылдызына учуп кетет...
Чынар терек түбүндө,
Чүкөдөй бала олтурат,
Чырагы болуп Теңирдин,
Чырпыгы Кыргыз олтурат.
Жаралган жалган дүйнөнүн,
Жарыгы Кыргыз олтурат,
Жалгаган жаңы доордун,
Жарчысы Кыргыз олтурат.

## Эсиңе кел, кыргызым

Ааламдан жаңы кабар келген менен,
Адамдар аңдабайсың муну неге?
Койо бергин мыйзамын өткөн доордун,
Калам десең Кыргыз деген ысым менен,
Басалы жолу менен ата-баба
Баалуулукту берем десең балдарыңа
Турмуш чиркин нечен келип, нечен кеткен,
Чыгарбагын Улуу Кыргыз муну эстен,
Чогулуп улуу жолго бир тарталы,
Биригели бир багытка аттаналы,
Доордун талабы бул, мээрим сурайт,
Макул болсо экиден, бирден курайт,
Талабын аткарбасаң, улуу мыйзам,
Талкалап жок кылаарын билип, туйам,
Эмне үчүн кыйналганын Кыргызыңдын,
Эшиткин сен, ойлонгун сен, сыгылгының.
Кайсалап жүрсөң эгер башка жолдо,
Салат да, ар бириңди чыкпас торго.
Кармабасаң ата- баба салт түнөгүн,
Каласың сен улагада, жат бирөөнүн.
Өзүңдүн таанybасаң ким экениң,
Өзгөлөр тээп таштайт берекеңди.
Улуу Кыргыз дегенди, «жомок» дешет,
Уялбастан каршылашып сен, мен дешет,
Уясын буздурбаган улуу Кыргыз,
Унуткандын өзөгүн көзөй тешет.
Адашканды кечирип, билип келген,
А, болбосо жондон кайыш тилип келген,
Манасты да биз таныП жомок дедик,

Мандайында турса дагы Үмөт деген.
Канындагы Манасыңды танасыңбы, же
Маңкурт болуп ушул бойдон каласыңбы,
Ойлон Кыргыз, ойгон Кыргыз, дегендерди, же
Туу тутуп кайра Кыргыз жанасыңбы,?
Сыйлабасаң өзүңдү сыйлабагын,
Улуу рухтар арбактарын, кыйнабагын.
Же барын, же жогун, же билбейсиң.
Ойду-тоону сен оттоп не кирдейсиң.
Ушул беле бабалардын тилегени,
Урпагынан үмүт кылган күнү-түнү
Эсиңе кел, этегинди эрте жапкын,
Аруу жолго аталардын кайра кайткын.

# АКЫЛБЕК МАМАДАЛИЕВ



*1980-жылы 19-майда Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Кара-Дарыя айылында туулган. КР Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү. Т. Эргешов атындагы Республикалык адабий сыйлыгынын лауреаты. 2012-жыл жыйынтыгында Москвадагы «Нур» гезитинин окурмандары тарабынан тастыкталган «Жылдын мыкты адамы» номинациясынын ээси, 2013-жыл жыйынтыгында КР Улуттук Жазуучулар Союзу тарабынан ыйгарылган «Жылдын мыкты акыны» жана «Алтын Калем» сыйлыгынын лауреаты. «Кусалык», «Махабат», «Аманат», «Таазим» поэтикалык китептеринин автору. «Москва кайрыктары» адабий клубунун ардактуу мүчөсү.*

## Калбагандай башка тема жазарга

...Калбагандай башка тема жазарга,
Каралдым ай, сен жөнүндө жазам да.
Жана дагы «Айым аман жүрсүн» – деп,
Жаратканга жалбарамын жатарда.

Өзүңсүң го бүтпөс эргүү, булагым,
Өзүңдөн мен кубат алып турамын.
Сени гана көрүп менин көздөрүм,
Сенин гана үнүң угат кулагым.

Бир жүрөккө батат тура бир сүйүү,
Бизге буйруп өмүр бою бир жүрүү.
Куурабасын бирге тиккен көчөттөр,
Кулабасын үйүбүздүн түркүгү!..

## Мен талыкпай ойлойм өзүң жөнүндө

Мейли таңда, мейли күндүз, кечинде,
Мен талыкпай ойлойм өзүң жөнүндө!
Сени ойлосом дем кошулуп демиме,
Сени ойлосом шаттык тарайт көңүлгө!

Сезимталым, ушуну эстен чыгарба,
Сенин барың мага чексиз жыргал да!
Сага арналып Акыл жазган чыгарма,
Санат болуп атың калат ырларда!

Менсиз канттиң? Жок-жок антип сүйлөбө,
Сенсиз аттиң! Билбейм, чыны, не болмок?
Сенделмекмин сүйүүсү жок дүйнөдө,
Сенсиз балким, өмүр бошко коромок...

## Сүйүү

Каралдым, канбай келем жыргалыңа,
Каармансың, талбай жазчу ырларыма!
Сүйүү эмне? Сүйүү деген балким өзүң,
Сүртүлгөн боёк болуп жылдарыма.

Чүрөгүм, жаркылдасаң таңдай жаркып,
Жүрөмүн тагдырыма ракмат айтып.
Бир мага сенден бөлөк бакыт жоктой,
Бир сага байланганым кандай бакыт!

Жандууга керек өңдүү аба дайым,
Жарыгым, керексиң го мага дайым!
Эң бир назик көңүлүң оорубасын,
Эч качан сага кара санабайын!

## Сапарыбыз болсун дайым байсалдуу

Ой гүлдөрүн өзүң үчүн терейин,
Ошол болсун менин баалуу белегим.
Керегиңе жарагым бар, ар качан,
Керек десең жанымды да берейин.

Өзүң үчүн сөз берметин тандайын,
Өзүңсүң го менин бакыт-таалайым.
Сезимиме жарык чачып келесиң,
Сен жөнүндө ыр жазуудан талбайын!

Көңүлдөгү ойлорумду айтсамбы?
Көп тосолу өмүрдөгү ак таңды.
Санаабызга кир жугузбай анан да,
Сапарыбыз болсун дайым байсалдуу!


## Бак кушум

Тагдыр ушул, ар ким издейт бактысын,
Табуу кыйын, ак сүйүүнүн ачкычын!
А мен болсо өксүбөймүн өмүрдө,
Асманымда кайкып учса бак кушум!

Акылымды ээлеп алган акырын,
Акберметим, арзыганым, асылым.
Чөккүм келет тереңине көзүңдүн,
Төккүм келет жүрөгүмдүн жарыгын.

Жүрөгүмдүн жарыгын төккөн себебим,
«Жүрөктөшүм бир бололу!» дегеним.
Жетелешип жүрөлүчү бөлүнбөй,
Желбиретип махабаттын желегин!..

## АКРАМ ТУРДУБАЕВ



*1960-жылы 15-мартта Ала-Бука районуна караштуу Көк-Серек айылында туулган. 1981-жылдан бери Москва шаарында жашап, эмгектенет. «Жүрөгүмдө жашайт табигат», «Өмүр жана көз ирмем», «Жаңырык» ырлар жыйнактарынын автору. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Ыр пардасын ачкым келет

Мен бүгүн ачкым келет,
Энеге ыр пардасын.
Апасын күтүп, эңсеп
Балага ый бербесин.

Мээринен кубат алып,
Өзүнө тартуу башым.
Энесиз журтта калып,
Күчүк да улубасын.

Балапан бакканга тооп,
Каректей сактап карап.
Уяда кароосу жок
Калбасын темир канат...

Энелүү жашоо улук!
Табигат мыйзамы чын.
Бөрүнү каргыш уруп,
Бөлтүрүк кыңшыбасын.

Бере албай сүт акысын,
Жар салам азанымда.
Бейиштин жатканы чын
Эненин таманында.

Кайгыга толуп чыксаң,
Бук болуп эрте-кечте.
Төшөлгөн мамык жууркан,
Эненин мээрин эсте.

Чындыкчыл болуп калыс,
Жашайлы акты самап.
Ойлонбой жасалган иш,
Энеге тийген наалат.

## Чабактар менен сырдашкан бала

Окуу бүткөн. Жай айлары. Дем алыш.
Тоо айылы. Агын суулуу Кең-Алыш.
Узун арал. Өспүрүмдөр суу бурат
Жаш тентектер кошо кылып кол кабыш.

Кыйкырышып кылып жүргөн максаты,
Аркы нукка сууну буруп таштаашы.
Анан калса ийримдерде көлмөк суу
Торду алып балык кармай баштачу.

Тоголотуп эки-үчөөлөп бир катар,
Тизилишти жону сыйдам чоң таштар.
Кыйгачынан тосмо кылып коюлду,
Арасына жалбырактуу жаш шактар.

Мурабындай суусун кечкен алыштын,
Башка оюнду баары унутуп салышкан.
Тоонун суусун аркы нукка бурушту,
Таш үстүнө саздан кыркып басып чым.

Алмустактан адам кумар бул оюн,
Чуркатышып үйлөрүнө бир тобун.
Качырбастан төмөн жактан тосушту,
Жылжып аккан балык өтөр суу жолун.

Бири барып ызылдатып апасын,
Үйдөн алып сурабастан чакасын.
Бастырмадан шыпка илинген торду алып
Бери чуркайт арал жакка тез, бачым.

Кимдир бирөө алда кайдан келди таап,
Оозу кенен калбырга окшош канар кап.
Эки өспүрүм сууга салып капты ачып,
Калгандары балык айдайт чурулдап.

Жырткычтардай андан алган кумар бар,
Колдорунда узун таяк чыбыктар.
Көлчүк тарып жан коёрго жер таппайт,
Капталдары жылт-жулт эткен чабактар.

Кыяматта кылган сымал жан арга,
Бир топ чабак качып кирди канарга.
Так көтөрсө суу сузулуп кетти да,
Туйлап, ыйлап калды баары канарда.

Балык тутуу кумар тура кызыктуу,
Чабагын да калтырбастан сузушту.
Чоңу түшсө бекем кыса кармашып,
Таноосунан тал чыбыкка тизишти...

Көптөр менен кичинекей тыпыйган,
Бала жүрдү бакыраң көз аты Ыйман.
Ал көрүүчү. Кайдан беш жаш балага
Өспүрүмдөй таш көтөрүп суу бурган.

Чабактарды салып коюп чакага,
Сай толтура болуп улам шакаба.
– Качты карма! Торду мында тос! – дешип,
Түшүп жатты балдар бака-шакага.

Жашоо жолу жалаң тосмо талаптар,
Кээде өмүр башталбастан аяктар.
Челектеги тыгыздыктан кыйналып,
Аба жетпей ооз ачышат чабактар.

Калган балдар ызылдашып бойлоп суу,
Түшүп жатты өз алдынча чуру-чуу.
Чабактардын кыйкырыгын уккандай,
Чака алдынан Ыйман жылбай олтурду.

Боору ооруп тартып чабак коогасын,
Таппай кантип жардам берер айласын.
Колун созот. Бултаңдаса чабактар
Кайра тартат. Билбей кантип кармашын.

Аста гана чабактардан сурайт тек:
– Эркин ойноп, сүзгүң келип жатабы?
Абаныбы оозуң менен нени издеп,
Чакырдыңбы же алыста апаңы?..

Ооз ачышса жаңыргандай кыйкырык,
Күтүшкөндөй жаш балыктар жардамды.
Бала үйрөндү алаканга бек кысып,
Чабактарды кармап колго алганды.

Бооркерликби? Билбейм эмне оюнда?
Кандын күчөп каршы туруу өнөрү.
Эки чабак кысып эки колуна,
Эрдемсинип агын суугa жөнөдү.

Жакын келип ишке ашырып ойлорун,
Салды суугa чабак туткан колдорун.
Буйтагандай бултаңдатып куйругун,
Айтты чабак өтө ыраазы болгонун.

Балдар жакты улам карап кылчактап,
Бир топ чабак Ыйман ушинтип ташыды.

Күлкү күчөп, сүрөп улам шарактап,
Балдар сайда түшөт улам чуру-чуу.

Таза жүрөк тура албастан тек чыдап,
Арылбастай балык ташып кадамы.
Сүйрөп келип, суута түртүп тынды бат,
Чабак толгон кызыл калай чаканы...

– Э...эй, кара!.. Ит баласын сен карасаң!
– Оу, Ыйман, мурдуңду мен канжалатам.
– Көңтөрдү чабактарды кайра сууга,
Болбойбу чаканы өзүң карап турсаң?

Дегенге жообун таап ыкчам Сыргак:
– Байланган торпок белем? Мында турмак.
Жарашмак өзүң эле турсаң карап,
Жүрөсүң балык улап, жаның жыргап...

Далдайып басып бери дардаң Туман:
– Сен баланы... Суута чабак агызчу...
– Коркутпагын жаш баланы, – деп анан
Эки өспүрүм жакалашып калышты.

Чабакка сууда сүзүп жашоо жыргал,
Калыстык бооркерликти кылдың тумар.
Жүрөккө кайдан консун акыйкаттык,
Күрөшүп тарта турган азабы бар.

Жүрөктү мыкчыгандай эпсиз кыйнап,
Актыктын тосмосу көп кыйын багыт.
Айылга кеткен жолдо Ыйман ыйлап,
Баратты сайда сууда челек агып...

Аста койгон кадамынан баланын,
Toктогондой тирүү жанга кыямат.
Мезгил өтсө ошол алган сабагың,
Жүрсө болду жүрөгүңдү уялап...

**Тоңкулдаткан чоң жумуш**

Тоңк-туңк, тоңк-туңк,
Бактагы тынчтыкты бузуп,
Тоңкулдаган үн уктук,
Даракты жаткан чукуп.

Балдарга баары кызык.
Олтура албадык тек.
Чыктык үйдөн сызып,
Тоңкулдатканды издеп.

Чурулдап издеп бактан,
Кыйкырсак учуп кетмек.
Жолду тороп багбан
Токтотту:
– Чоочутпагыла, – деп...

Аста кезеп сөөмөйүн,
Балдарга көрсөттү багбан.
Кучактап теректин өзөгүн
Ишке алаксып алган.

Кабыкты оюп, даракка азап
Берген куртту узатпай көп.
Даракты дарылап жатат,
Азапкечти сууруп жеп.

Учкур тумшук чымчык,
Аты Тоңкулдак имиш.
Тумшуту менен чымчып,
Кылат экен чоң жумуш...

## Ким биринчи эмнени үйрөнөт

– Балапандар биринчи,
Үйрөнүшөт учканды.
– Андай эмес калпычы,
Көргөм сөөлжан жутканды...

– Мыймый болсо кармашты,
Билиш керек биринчи.
– Андай эмес жалганчы,
Эсиңдеби Кабылан,
Сүттү берсең шимирчү...
Адегенде талашты...
Анан... дагы... дагы улам
Билиш керек жалашты.

– Эң биринчи күчүктөр,
Билбейт көзүн ачканды.
– Көң төбөдө жатып көр,
Көргүң келбейт ак таңды.
Көкүрөгүн суу кылып,
Ылайларды басканды.
Көзү жумук тымпыйып,
Сезет бүргө чакканды.

– Үйрөнүшөт, бөбөктөр
«Жашоого эртең керек» – деп,
Окуганды, жазганды.
– Жалганыңды айтпа көп.
Агу, агу айтканды
Ал биринчи үйрөнөт.
Окуш кайдан, олтурбайт
Оңой эмес сүйлөмөк...

Акылы көп азамат,
Ташта жаман адатты.
Тартышканды унут бат,
Токтотуп сал талашты.

Жакшы сыйчыл жигитчи?
Коёт сөздү бузганды.
Үйрөнөт ал биринчи
Улууну тынч укканды.

## Ат араба

Тоодо жалгыз кошуна,
Көңүлүндө кири жок.
Кирип-чыгып отуна,
Жатыркоонун изи жок.

– Тийбегин, – деп итине
Ал кошуна бооркер жан.
Менден бир аз кичине,
Жалгыз кызы тыпыйган.

Конгону ээн тоо же түз,
Малчыда айла, чара жок.
Эрмек элек экөөбүз,
Тоодо башка бала жок.

Жолукканда шат болуп,
Оюн таап экөөлөп.
Мен лөкүйгөн ат болуп,
Ал кыз бакчу жетелеп.

Оңго, солго кээде түз
Жетелечү ээ болуп.
Сезди бекен мончок кыз
Чоңоёрун бээ болуп.

Өтүп ылдам биздин көч,
Акырындап болдук жат.
Эске түшсө эрте-кеч,
Болгум келет кайра ат.

Жаздык болуп араба,
Жолук менен чиркетип.
Али жүрөт мойнумда
Жүгү оорлоп чиркешип.

Гүл бүрүндөй «жалп» эткен,
Ал кезегим өчкөн шам.
Арабаңды чегип сен,
Айдаганы башка жан.

...Такыр башка жомогу,
Гүл бантиктүү неберең.
Анын бүгүн коногу,
Барби менен досу Кэн.

Оюн барын бир кызык,
Кайдан билсин секелек.
Ойнор жолу түз сызык,
Айдаганы кабриолет..

# АНАРБЕК АКМАТБЕКОВ



*Кыргыз элибизге өз эмгектери менен эмгеги сиңген акын, котормочу, акылман, чет өлкөлөрдө, АКШдагы кыргыздардын Бакай атасы деген ыйык атка ээ болгон Анарбек Акматбеков агайыбыз «Москва кайрыктары» адабий клубубузга мүчө. КМУнун филология факультетин бүтүрүп Кыргызстан Илимдер Академиясынын алдындагы «Кыргыз энциклопедиясы» редакциясында, Республикалык китеп сүйүүчүлөр коомунун редакторлук кызматтарында иштеген. Союз убагындагы КР Министрлер Советинин алдындагы Ички Кызматтын подполковниги, КР Журналисттер жана Жазуучулар Союздарынын мүчөсү, КР эл агартуусунун отличниги, эки томдук «Манас» сөздүгүнүн авторлорунун бири, «Кыргыз милициясы» энциклопедиясын түзүүгө катышкан. Чет элдик акындардын, аалымдардын накылдарын, ошондой эле орус жазуучуларынын балдарга арналган чыгармаларын да кыргыз тилине которгон. «Жүрөк толкуну» ыр жыйнагынын, «Жандуу тамгалар», «Турмуштан тамган тамчылар» (Сезим серпиндилери) – «Капли жизни» (Впечатления жизни) китептеринин*

*автору. 2008 -жылдан бери Нью-Йорк шаарынын резиденти, ушул шаарда чыгып туруучу «Орто Азия Ата – Мекен» журналында ырлары жарыяланып турат.*

## Эне тилим

Эне тилим , туумсуң сен башынан ,
Аппак дилим , өмүр – энчим жашыман.....
Мени менен тагдырлашсың , биргесиң ,
Кем көрбөймүн денемдеги канымдан...
Кенчтей тутам, сыймыктанып ар убак ,
Керек болсо, жарыламын агыман...

* * *

Өмүрдөгү эне тилим байлыгым,
Өзүң менен окуйм, жазам, тагдырым
сага гана байланышкан билемин,
дагы бийик көкөлөсүн кадырың...
Кумар тарап, пикирлешсем дилимде ,
үмүт отун жандырамын акырын...

* * *

Эне тилим, СЕН бар кезде, эл да бар,
Жоголбойсуң, түптүү элдин тилисиң!
Кубаттанам, кучагыңда бой керем,
Эң байыркы, зор тилдердин бирисиң!
«Жок болот» деп, айткандарга кошулбайм,
Анткени СЕН, ЖҮРӨГҮМДҮН ПИРИСИҢ !!

## Толорсуктай Торкашка

Кыргыз, кыргыз кыйындыктан качпаган,
Кыргыз, кыргыз баба наркын сактаган...
Күн түнөтүп жүрөгүндө улуу журт,
Күлүк атты, сулуу кызды барктаган...

* * *

Кез болсо да, тарыхтарда утулган,
Кез болсо да, ай, күндөрү тутулган...
Эл ичинде асылдыктар сакталып,
Эч, эч качан өзгөрбөгөн ушул заң...

* * *

Улап урпак, баба кандай жол басса,
Урмат кылган күлүктөргө, жорго атка...
Ушундай бир улуу сөзгө арзыган,
Уламышка айланган бул ТОР КАШКА....

* * *

Кулагында жанып дайым шам чырак,
Күндүз деле, күйчү дешет жаркырап...
Көрбөсөм да, ал тууралуу укканда,
Көз алдыма ПЕГАС сымал тартылат...

* * *

Калып тоолор, калып суулар арышта,
Кайран күлүк жарачу экен намыска...
Уччу дешет канаты бар сыяктуу,
Урунбастан туяк жерге жарышта....

* * *

Чуркаганда калкып көктө учкандай,
Чуу койчу экен, зымырык куш, шумкардай...
Кереметтин ээси болуп туруптур,
КЕТМЕН-ТӨБӨ өрөөнүндө Дыйканбай....

* * *

Шамал гана болуп ага атаандаш,
Шаңданчу экен, чыкпай күлүк катарлаш...
Мээр-нуру, көркөмү да бир укмуш,
Мен, мен деген акындар да жазалбас...

* * *

Келип турган кезегинде түргө бир,
Жеңип турган кезегинде күндө бир...
Чогултуп бүт дубандардан Эл Журтту,
Чоң той өтмөк болуп калат ЧҮЙДӨ бир...

* * *

Канда бар да, тартып турмай бутунан,
Калды күлүк артта чуркаар тушунан...
Бир топтон соң, бузуп чыгып тосмону,
Учту сызып, жалын жанып бутунан...

* * *

Жакшыга эргип, жамандыкка ардана,
Жашайбыз биз көнүп жокко, барга да...
Гөзөл кыргыз, жаман-жакшың барабар,
Көралбастык жасап турган малга да...

* * *

Адилеттик түшпөйт бирок ор казса,
Асылдыкта, аруулукта жол башка...
Элдин баарын тамшандырып мында да,
Эң биринчи чыгып келди ТОР КАШКА!

* * *

Жылкынын да, жылкысы бар асыл баа,
Жылдыз жанган, бакыт турган башында...
Элик болуп, учуп-жанып ТОР КАШКА,
Эр намысын алып берди Баатырга...

* * *

Кыргыз, кыргыз кыйындыктан качпаган,
Кыргыз, кыргыз ар – намысын сактаган...
КҮН ТҮНӨТҮП, жүрөгүнө УЛУУ ЖУРТ,
КҮЛҮК АТТЫ, СУЛУУ КЫЗДЫ барктаган!

## Сен жана Жаз

*(Ырлар түрмөгү)*

* * *

Сыртта жамгыр, а мен ойлуу отурам,
Кадалгансып, так терезе түбүндө...
Каркырадай, жалгыз калган кусалуу,
Өз тобунан адашкандай күзүндө.

* * *

Тоо башынан булут көчүп жылса да,
Жамгырга окшоп, көзүмдөн жаш төгүлөт...

Канчалык мен, унутайын десем да,
Ички сезим, ээ- жаа бербей сөгүлөт...

* * *

Балким сен да, жалгызсырап мага окшоп,
Тургандырсың, тиктеп сыртта жаанды...
А мен болсом, ушу жаанга аралаш,
Төккүм келет, сага гана арманды...

* * *

Карап турсаң, сүйүү деген кызык да,
Болот кээде, бороону да, күтпөгөн...
Кээ бирөөгө, ыйык колун карматса,
Мага неге, арман болду бүтпөгөн?

* * *

Унуттурбай, унутайын десем да,
Жан дүйнөмө, ойлор төгүп көз жашын...
Бүтүрө албай, айтып келем жомоктоп,
Жүрөктөгү бүтпөс сүйүү дастанын....

## Махабат бүтпөйт ырымда

*(Ыр түрмөктөн )*

Өмүр бою өкүт менен өтпөйүн,
Өзүң болсоң, жаш кайыңдай көктөйүн...
Күлкү ойногон, көз карашың жамынып,
Кайда жүрсөм, кайгы кечип чөкпөйүн...

* * *

Ар убакта, ойлой калсам өзүңдү,
Канаттуудай сезип кетем өзүмдү...
Кыялымда, учуп жетип заматта,
Өпкүм келет, музоо кирпик көзүңдү...

* * *

Ак кебездей, жумшак беле мүнөзүң,
Ар убакта, жарк-журк этип күлөсүң!
Кимге кандай, мага ушундай сезилет,
Караңгыны, жарык кылып жүрөсүң!

* * *

Ырың уксам, жан дүйнөдөн бөлүнгөн,
Жамгыр сындуу, сезимдерге төгүлгөн...
Бир ажайып, дүйнө аралап жүргөнсүйм,
Чачтарыңды улам жыттап, өрүлгөн...

## АЛИЖАН ТӨРӨБЕКОВ



*Ош областынын Базар-Коргон районунда туулган. Билими жогорку. Мамлекеттик кызматкер. Үй-бүлөлүү, төрт кыз, эки уулдун атасы. «Шамал» аттуу ыр жыйнагынын автору. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Кыргызым

Тарыхы бар, теги бар, улуу элбиз,
Урпактары Кыргыздын Кыргыз болсок.
Кыргыздардан сакталган ата салтын,
Бөлүнүшпөй ынтымакты бийик койсок.

Түп атабыз кыргыздын каны болсок,
Адам деген чыныгы атка консок.
Кереги жок мүнөздөрдөн арылып,
Жараткандын жолунда адал болсок.

Бөтөн улут кийимин кийип албай,
Сымбаты зор калпак кийсек болбойбу?
Дамбал, селде, чүпүрөкө оронбой,
Бизге таандык чепкен кийсек болбойбу?

Ата-бабам мурастаган жобону,
Насаат кебин, асыл сөзүн сактайлы.
Ыйык тутуп ата салтын унутпай,
Кыргызымдын кыргыз атын сактайлы.

## Сезчи мени

Сезесиңби ич дүйнөмдүн кыйналганын,
Жанымдын туңгуюкка камалганын.
Өзүң менен, өзүңсүз да жашоосу жок,
Аргасыз жүрөгүмдүн сыздаганын.

Билесиңби көңүлүмдүн кир басканын,
Сүйүүмдүн булагы жок чаң тартканын.
Жүрөгүңдөн өз ордумду таппай калып,
Намысымдын тебеленип калган чагын.

Сезе алдыңбы арманымдын чек ашканын,
Көңүлүмдү дабасы жок дарт басканын.
Өзүң деген келечектин үмүт гүлү,
Суусу жок азап чегип турган чагын.

## Сагындым

Сагындым мурдакыдай жүргөнүңдү,
Сүйкүмдүү мени карап күлгөнүңдү.
Турмуштун бар-жогуна кайыл болуп,
Дилинден аппак таза сүйгөнүңдү.

Сагындым наристе жыт тамагыңды,
Эркелеп чымчып койчу адатыңды.
Капаланткан шоктугуңду ичке басып,
Ак жүздүү мээрим төккөн маанайыңды.

Сагындым тамаша сөз айтканыңды,
Кайгырган ойлорумду катканыңды.
Махабаттын илебине багындырып,
Сүйүүнүн кумар отун басканыңды.

Сагындым токтоо мүнөз кабагыңды,
Миң талдап өтө талдап бааларыңды.
Жабыркаган ойлорума ышкы болуп,
Көңүлүмдү майрам кылчу маанайыңды.

## Турмуш ачкычы

Таба албаймын кайгы дабасын,
Жеңе аламбы көңүл капасын.
Арманда жүрүп өтөмбү,
Күчөтүп душман табасын.

Таба аламбы тагдыр ачкычын,
Биле аламбы турмуш баскычын.
Же түшүнбөй жүрүп өтөмбү,
Шылтоолоп тагдыр жазмышын.

## Издейм сени

Билгениме жете албай,
Билбегенди туя албай.
Тумчугуп жаным баратат,
Өз жолунан издеп таба албай.

Ич дүйнөм өзүн куралбай,
Өзөгүн издеп таба албай.
Жан дүйнөм барат буулугуп,
Жыргалын издеп таба албай.

Кандырган жооп таба албай,
Жашоонун сырын чече албай.
Кыйналып жаным изденет,
Багытын нуктап ала албай.

# АДАШКАН ПИРМАТОВ



*1963-жылы 29-апрелде Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылында туулган. «Жан шеригим», «Асыл турагым» аттуу ырлар жыйнактарынын автору. Жогорку билимдүү. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун ардактуу насаатчысы. КР Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү.*

## Энелер

Эртелеп тоо кырынан чыккан Күнүм,
Эриткен мээрим менен назик үнүң.
Энелер бүт ааламга нурун чачкан,
Эскерип турган күнүм сени бүгүн.

Түн катып бешигимди тербеткенге,
Ак сүтүнө карыз экен ар бир пенде.
Арбалган ыйык тутам эмгегиңди,
Ардактайм Ай чырайлуу келбетиңде.

Үмүттүү чолпон жылдыз күйүп турган,
Үй бүлөөгө ырыс-кешик ыбаа сунган.
Үзүр айтпай ак дилден төгүлүшкөн,
Үйрөтүп акыл калчап мээрим туткан.

Энелер элдин көркү, элдин наркы,
Эненин мукам үнү куш го таңкы.
Энелер ажыраса балдарынан,
Эзилип өмүр бою кетпейт дарты.

Буурул тарткан саамайыңдан айнанайын,
Бар өмүрдү өткөзүп биз деп баарын.
Булактардай агабыз артыңардан,
Бул өмүрдө унутулгус сагынаарым.

## Бал сүйүү

Келгин куштар сапар тартып кетишкен,
Күз салкындап согот шамал эшиктен.
Кайда калган мезгилдерим карыбай,
Калган тура туңгуч сезим кезиккен.

Жаш кезимде сени жакшы көрчү элем,
Жалтаң карап, аяр сыйлап өтчү элем.
Жадыраган гүлдөй кезде суктанып,
Жаркын жаздын илебинен өпчү элем.

Балдай тамган балалыгым сиңирген,
Көңүл сүйүп көшөгөдөй илинген.
Жарым кылым көтөрүпмүн унутпай,
Балалык ай, кандай аксың, дилиңден.

Көрбөгөнгө көп жылдарга кезиптир,
Көктөм жазым, өз кулундай эзиптир.
Карт дарактай жүрөктөрдүн тамыры,
Кайра эскерип кайран жүрөк сезиптир.
Касиеттүүм бир көрүүгө кезиктир.

Жолугууга балапандай талпынам,
Далай сүйүү күттүм, ээрчип артынан.
Менде калган баёо кезде сезимдер,
Өчпөйт тура жетпесем да бактыман.
Эстей жүргүн, менин балдай жакшынам.

## Урматтаймын

Мен сени унутпаймын, урматтаймын,
Башкага бир эгерим үн катпаймын.
Өңүттүү илбирс сымал сыйкырланып,
Сени деп намыска бек сыр сактаймын.

Жаздагы шүүдүрүмдөй мончок болгон,
Карегиң бул тагдырда муңга толгон.
Жүрөгүм сезип турат сеникиндей,
Жараткан жакшы адамга сыноо койгон.

Асылзат энекеңдин сөзүн угуп,
Алгансың тарбияны кыттай уюп.
Өзүң жаш акылыңды картайткансың,
Ойлордун ширелери сенде тунуп.

А менчи, жолоочудай жолугупмун,
Ыр окуп жаш баладай оолугупмун.

Бул жашоо мага кымбат, убакыт аз,
Мен үчүн, бир күн өмүр жанып кутум.

Сестенбе, бир шагыңа зыяным жок,
Жашымдан зээн кейиткен кыялым жок.
Акылга сугум артып жашап келем,
Аянба, аярлаба ыйманым ток.

Колуңа куш конгондой конуп улам,
Тагдырга таштай катып ооруп турам.
Ардагым акыл калчап өзүң туйгун,
Аздектеп, канат күүлөп көңүл сунам.

## Куу жалган

Жакыр жашоо көз алдымда сүрөттөй,
Таза жанын, капчык карап күн өтмөй.
Бийлигиңден пайдаланган ачкөздүк,
Карапайым элге түйшүк жүдөтмөй.

Ишеничи кайран гана элимдин,
Жанчып келет моло ташы теминдин.
Назары ач, куу дөбөттөй жулкунуп,
Бейбактарды кусуру урсун жеримдин.

Келечегин көрчү алардын томуктай,
Кошоматчы желбиреген жоолуктай.
Ажыдаардай жалын болуп турушат,
Бийлик десе азоо аттай оолукмай.

Айыкпаган тукумунда дарт алган,
Акча менен, байлык менен даңк алган.
Кошоматчы адамдыкты билбеген,
Жашап келет, көздү боёп куу жалган.

Урматты да, уят-сыйды билбеген,
Капчык соруп, жан дүйнөсү кирдеген.
Аралашып жүрөт, жүзүн өзгөртүп,
Таза адамды, издегеним – издеген.

Таппай келем карегиңди түз карап,
Элим үчүн эмгектенген кан талап.
Раззаков сыяктуулар бар бекен,
Жулкунбайлар жоголсо экен жер сабап.

## Мен бүгүн өзгөчөмүн

Мен бүгүн өзгөчөмүн башка күндөн,
Телефондон «алоо», деген жылуу үндөн.
Мекенден жан-шеригим алоо деди,
Бул добуш, жан дүйнөмө сиңип бүткөн.

Оо жаным, кандай сенин ден соолугуң,
Түбөлүк мени күткөн ак жоолугуң.
Желбиреп балдарыма акыл болгон,
Саламың алгансыдым кош колуңдун.

«Кандайсыз», деген сөзгө жаным үрөп,
Кабарың угуп алып шагым бүрдөп.
Кайталап сагынуудан уккум келди,
Кабагым кең талаадай өмүр гүлдөп.

Тоолордой толуп турам, ташкынымбы,
Өткөргөм сен коштогон жаштыгымды.
Күндөрдүн, бир күнүндө учам сага,
Урматта, мени күткөн жаздыгымды.

## АБДЫЖАПАР ЭГЕМБЕРДИЕВ



*1951-жылы Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Токтоян айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетин, Ташкент саясат жана башкаруу институтунун журналистика бөлүмүн бүтүргөн.*

*1979-жылдан тарта партиялык жана мамлекеттик кызматтарда, 1993-жылдан бери облустук «Ысык-Көл кабарлары» гезитин жетектеп келүүдө. Поэтикалык жана публицистикалык 8 китеби жарык көргөн. СССР Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү, Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты, эл аралык Поэзия академиясынын академиги, Ысык-Көл облусунун ардактуу атуулу.*

*Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына, «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардак наамына, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисине татыктуу болгон.*

## Эгемендик ыры

Бул турмуштан аз эмес алганыбыз
Эсен-сообуз, бапырап мал-жаныбыз.
Кырк уруудан таралып кылым кезген,
Кыргыз деген атанын балдарыбыз.

Эрежеге айланып казат деген,
Эркиндикке жетишиң азап белем.
Кырылышып, кыл чайнап кастарынан,
Сактап калган көкжалы Манас деген.

Аз болсок да алптарга теңатабыз,
Айбат менен ашуу-жон, бел ашабыз.
Керек кезде «Манастап!» ураан таштап,
Арбагына сыйынып келатабыз.

Азаттык деп канчалар күрөшүүдө,
Алдуулары алсызын жүдөтүүдө.
Өлкөсү жок, жери жок, түндүгү жок,
Кырк миллион күрддөрдүн күнү өтүүдө.

Жетпегенге жетчүдөй деп акыры,
Миллиондоп саналып кем-ашыгы.
Таруудайдан чачылып дүйнө кезип,
Цыгандардын табору келатыры.

Мамлекет боло албай аты БУУда,
Уйгур калкы ураанын чакырууда.
Миллиондон он алты болуп туруп,
Кыжылдаган кытайга баш ургууда.

Бекер эмес алганы-бергенибиз,
Элдики элде, жерде бар жердегибиз.
Замандардын бороону буюктурбай,
Ушул күнгө эсен-соо келгенибиз.

Жарык кездин көрүнүп чеке бели,
Эл бактысы эргитти, жетеледи.
Баштагыдай бейкапар, баео болбой,
Эгемендик баркына жетели эми.

**Балалык**

Балалык өттү айылда,
Бала элем жармач бүлөдө.
Ай нурун төкчү кайыңга,
Үлбүрөп таңда Күн өбө.

Чеги жок сындуу дүйнөнүн,
Бейкапар күндөр узады.
Ченемсиз каалап, сүйгөмүн,
Керемет дүйнө, музаны.

Аялуу карап малга да,
Сабалган же бир союлган.
Санаага салчу анда да,
Сарыккан суулар моюлдан.

Керемет болуп кетчү күн,
Кыялым ташып кыяндай.
Буулугуп кээде кетчүмүн,
Көзүмдүн жашын тыя албай.

Кошулуп топко тез эле,
Түшчүдөй болуп жарышка.
Өскүлөң, тынчсыз кез эле,
Умтулуп турчум алыска.

Белгисиз бир күч азгырып,
Делөөрүп дайым турчу элем.
Баштагы ой недир жазгырып,
Чатакка жакын, курч элем.

Таңында туруп сөгүлчү,
Таңыркай карайм – агат кар.
Көзүмө ысык көрүнчү,
Көгөргөн чексиз тараптар.

Жыбылжып ырдын шоораты,
Жүрөктү эчен жибиткен.
Күттүргөн акын – ооба чын,
Жүдөңкү ушул жигиттен.

Тагдырды болжоп болобу,
Батпайын бекер күнөөгө.
Турмуштун болбой коногу,
Жанымды салдым бүдөөгө.

## Күчүк жөнүндө ыр

Сары күчүк серендеген,
Шыйпаңдайсың, жалайсың.
Кыңшылаган үнүң да жок,
Неге муңдуу карайсың.

Борс-борс үрүп кана электе,
Балалыктын ойнуна.
Чүнчүп, ойлуу тунжурайсың,
Башың катып койнуңа.

Ачка эмессиң, жайың жылуу,
Неден жаның күймөлдү.
Санаам тынбай сапырылган,
Сездиң бекен дүйнөмдү.

Башка иттерден запкы көрүп,
Кыйнадыбы жаныңды.
Же адамдын тилин билбей,
Айталбайсың аныңды.

Жай турмуштун жолу башка,
Жандан өтөт көйгөйү.
Кичинесиң, өзүңдү ойло,
Не кыласың өзгөнү?!

## Ысык илеп жүрөктү өрөпкүтүп

Ысык илеп жүрөктү өрөпкүтүп,
Сезим ташып биле албай болжолумду.
Жамалыңдан сүйүүгө батынбастан,
Жаным эрип кармагам колдоруңду.

Булут минген Ай аста уяң карап,
Алтын нурун айнекке сепкен эле.
Чакан бөлмө көөшүгөн түнгө аралаш,
Аалам болуп жайылып кеткен эле.

Ак жүзүндөн албырган аяр сылап,
Жүзүн буруп тагдырга бу дүйнө-күн.
Периштем деп өзүндөн көзүмдү албай,
Унуткамын бар-жогун бу дүйнөнүн.

Бороз салып өмүрдүн айдыңына.
Аруу сезим үрөнүн септик дагы.
Жаздын алгач көктөмүн күтө албастан,
Алыс жайга адашып кеттик, жаным.

Көңүлүңдүн бөксөсүн сезип турам,
Сабыр тутуп, санаага каттабачы.
Ансыз деле дүйнөнүн көйгөйү көп,
Жаның кыйнап, көзүңдү жаштабачы.

Кайрып алгыс күндөрдүн баасын билгем,
Көздөн учуп карааның бөлүнгөндө.
Көкүрөгүм көксөөгө толуп турар,
Айдын нуру айнекке төгүлгөндө.

## Жаш баладай алиге токтолбогон

Жаш баладай алиге токтолбогон,
ай, энөөлүк жайыма күйөм бүгүн.
Сирень жытың суктана жыттап жүрүп,
билбептирмин сүйөрүң сирень гүлүн.

«Жамгыр жаады, – деп айттың, – кечээ кечте,
шөмтүрөдүм суу болуп баягыдай.
Өзүң жоксуң бооруңа аяр кысып,
мээримиңе жылынтып аягыдай.

Жылуу эле тар бөлмөң бир өзгөчө,
эстегенде кылгырып жашым келет.
Жашыл тартып көрүнгөн бүркөк асман,
терезең да андагы жашыл беле?!

Жаандуу кеч шыбыргак жүрүп турган,
сансыз жарык. Тынч калаа. Ичке жолчо.
Көкүрөгүң кулундай азоо туйлап,
кучагың да, алтыным, жылуу болчу.

Жалооруйсуң кусалык жүдөттү деп,
көп эстебе, өзүңдү колуңа алгын.
Эгер мени сагынсаң шактан үзүп,
сирень гүлүн бөлмөңө коюп алгын.

Суусун жаңырт, түбүнөн кесип улам,
жыпар чачаар көйкөлүп ачылганы.
Жаңыргандай көңүлүң тазарат да,
көкүрөгүң сезесиң басылганын.

Бизди тагдыр түбөлүк табыштырган,
жалгыз гана, жолугуу – кыял жетпес.
Жан дүйнөнүн шыбыры жаңырыктап,
жалынтаарын билбеппиз ошо кезде».

Периштем ай татына, кичинекей,
үлбүрөгөн мүнөзүң гүлдө беле?!
Шактан үзүп бөлмөмө коёюн дейм,
шаарыбызда сирендер гүлдөй элек.

# АСАН ЭРКЕЧБАЕВ



*1963-жылы 23-апрелде Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Кеңеш айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Учурда Москва шаарында эмгектенет.*

## Оорубагын апаке

Буурул тарткан саамайларың сылайын,
Оорубачы, сак болуп кет ылайым.
Бир жылмайган, Айдай болгон жүзүңдү,
Кучагыма ыйык алып турайын.
Оорубачы, жайнаган кабагыңдан көрөйүн,
Карып калган колдоруңдан өбөйүн.
Карызымдан кутула албай жүргөндө,
Бир сиз үчүн, бар болгонун төлөйүн.
Кымбат туткан кыздарыңыз келишип,
Көз жаштары кардай болуп эришип.
Колдоруңдан көпкө кармап турушат,

Жашка түшкөн кирпиктериң теришип.
Мен талаада санааркаймын сагынып,
Санаам кетти, жазда нөшөр агылып.
Токтой турчу көп жылдарга биз менен,
Кубат болуп, тумар болуп тагылып.

## Жашоо кыйын

Бекеринен келген жоктур алыска,
Мекендештер, өзүң калчап калыста,
Үй бүлөөнү таштап неге келишкен?
Биздин максат, иштеп акча табышта.
Кызыгып ойногонго келген жокпуз,
Аз-аздан акча тапсак, көңүл токпуз.
Шарт болсо, келбей эле коймок элек,
Иш издеп, сурасаңыз, Мекен жоопсуз.
Жакшылык, жамандык бар салтыбызда,
Катташып турсак сонун жакшыбызда.
Сүннөт той, үй той, үйлөнүү тойго,
Кантип бармак элек, жок болсо артыбызда.
Колдо барың ошентип айта берет,
Кеттим, Россияга барбаймын деп, кайра келет.
Жаштарга тез кетүүгө бир жолу бар,
Кыргызстанга завод, фабрика куруу керек.

## Өкүнбө

Сынтакпа эч бир жанга,
Сыр айтпа кырс адамга.
Жакшыга жанашкының,
Жадырап кеп, саламга.

Өзгөрүлүп, өксүк болуп өкүнбө,
Кайрат болуп карегиңде, көзүңдө.
Берекелүү уугуңду улаган,
Маңыз болсун, адеп болсун сөзүңдө.
Өткөндөрдү эске салып турганың,
Эске түшөт, өскөн жериң туулганың.
Бизге арнаган күндү бекер өткөрбө,
Өмүр баала, жаша жолун улагын!

## Кундуз эжеме

Эркелетип элтеңдетип жетелеп,
Көктөм басып мен эжеме эркелеп.
Оокат берип, кийимимди тазалап,
Жакшы акыл бергени эстен кете элек.
Апакемдин оң колу эле эжекем,
Үй бүлөө, мээр шыбага сен элең.
Капарды да, Сүйүндү да чоңойтуп,
Кундуз эжем жүк көтөргөн бел экен.
Унутулбайт сиз өстүргөн чырпыктар,
Урматталат сиз өстүргөн чымчыктар.
Азыр Чынар, азыр чоң куш жетилген,
Жашап келет жүрөгүмдө, чындыктар.
Асыл эжем апакемдин үлгүсү,
Асыл эжем үй-бүлөөнүн күзгүсү.
Баардыгына азык ташып келесиң,
Дале болсо туугандардын сүлгүсү.

## Уулум Манасбекке арноом

Уулум менин тиреп турган уугумсуң,
Уулум менин куштай конгон туурумсуң.
Урматымды учугумду улаган,
Улгайганда кубат болоор туумсуң.

Манасбегим эл журтумдун чеби бол,
Азык берген түгөнбөгөн кени бол.
Менин уулум элдин уулу болсун деп,
Максат кылгын, ишеничтүү керип кол.
Апаң сенин, эжейлериң бөпөлөйт,
Көңүл кушум ал ансайын көкөлөйт.
Айдай толуп, мээрим төгүп апакең,
Көргөнүмдө көңүл сергийт, жөжөлөйт.

## АЛМАЗБЕК ГАЛБАЕВ



*1971-жылы 27-январда Ош областынын Ноокат районуна караштуу Кулатов айылында төрөлгөн. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Бир элес

Айлана да, көзгө сүйкүм сапсары,
Коңур күздө биз жолуктук капыстан.
Жашап келди жүрөгүмдө элесиң,
Өзгөрбөпсүң, окшоштурдум алыстан.
Каректериң чагылышып көзүмө,
Көөдөнүмдү жылуу сезим каптады.
Тулку боюм жылыгандай сезилди,
Кетсе дагын, Күндүн ыссык аптабы.
Кобураштык, эске салып өткөндү,

Мүнөздөрүң калган өңдүү токтолуп.
Эстей кетсем биз олтурган көктөмдү,
Кылт дей түштү, кыялдарым шоктонуп.
Ак жамгырдан кол чатырга бекинип,
Аллей басып колтукташып бараттык.
Кусалыкты көп жыл бою сагынткан,
Көз кырында, жылмайгансып тараттык.
Ошол кездер эске түшүп бактагы,
Жүрөгүмдө калды сүйүү дактары.
Сезимдерди сары оруудай жаралап,
Коңур күз да, бүгүн дагы сапсары.

**Сыясысың ырларымдын жазылган**

Жылдызсыңбы, көз талгыча караткан,
Көк асмандай, көк көйнөгүң жарашкан.
Же Айсыңбы, карегимде толкуган,
Жарышкансып, бирге чогуу бараткан.
Шамалсыңбы көк деңизди үйлөгөн,
Толкундарын жээкти көздөй сүйрөгөн.
Торго түшүп, аргасы жок камалган,
Балыксыңбы, аянычтуу сүйлөгөн.
Жомоксуң го уламыштай бөлүнгөн,
Каухар болуп, суу түбүндө көрүнгөн.
Ырларымдын дептериме жазылган,
Сыясысың, Күн нурундай төгүлгөн.
Ак куу болуп көздөрүмө көрүнгөн,
Сулуу кызсың, узун чачың өрүлгөн.

## Жаштыгымдын кечтери

Бара жаттым бүгүн жолдо кыялап,
Эмнегедир бирок сени эстедим.
Сагындымбы? Балким назик үнүңдү,
Жаштыгымдын бирге болгон кечтерин.
Булбул сайрап арчасында тоолордун,
Коштоп турчу сен ырдаган ырыңды.
Табышмактуу агып жаткан булактай,
Биле албадым секелек кыз сырыңды.
Айга сунуп колубузду жетем деп,
Жылдыз санап жарышчу элек түнкүсүн,
Адаштырып Саманчынын жолунда,
Жоготтум го, ошол кыздын күлкүсүн.
Ак булуттар бир-бирине уланып,
Кербенчидей бүгүн дагы көрүнүп.
Мен жетелеп кыялымда өзүңдү,
Кала бердим булуттардан бөлүнүп.

## Түш

Көлдүн жээги, бүгүн тыптынч айлана,
Колтукташып бара жаттык жай гана.
Ачык асман, топ жылдыздар көрүнөт,
Ээрчигенсийт бизди бирок Ай гана.
Сырын айтып мага окшоп Ай дагы,
Көрүнгөнсүйт күлүмсүрөп жайдары.
Унутулгус түндөр калат сакталып,
Жаз мезгили биз жолуккан майдагы.
Кучактасам, сен артылып мойнума,
Киргим келди кучагыңа-койнуңа.

Асмандагы жылдыздар да жымыңдап,
Көзүн кысып, Ай да күлүп койду да.
Ошол күнкү, түшүм мени сойду да.

### Көз ирмем

Эстеп кеттим ошол жаздын көктөмүн,
Ак жамгырды, эч басылбай төккөнүн.
Эске түшөт көз алдыма тартылып,
Алгач ирет мен жүзүңдөн өпкөнүм.
Жаады жамгыр токтобостон нөшөрлөп,
Кучактасам, сен мойнума артылып.
Түшкөнсүдүк биз ошондо сүрөткө,
Чагылганга жаркылдаган тартылып.
Колтукташып биз бараттык билектен,
Бак-дарактар коштогонсуп тилектен.
Эске түшөт бүгүнкүдөй көз ирмем,
Өпкөн кезим алгач ирет илептен.
Тып-тып эткен ыргагына жамгырдын,
Бак-дарактар бийлегенсип көрүнөт.
Ошол жамгыр, дагы жаады нөшөрлөп,
Сезимдер да, ойго чөгүп бөлүнөт.

## АЙСУЛУУ КАМАЛОВА



*1985-жылы 15-ноябрда Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Кыргыз-Ата айылында туулган. Орто билимдүү. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Эркелетчи

Жаным деп жароокер эркелесем,
Жалынып жалбарып эркелетчи?!
Жүрөгүмдү бүтүн бойдон сага арнасам,
Ал жүрөктүн кадырына жетсеңчи?!

Жалгызым деп жалооруп эркелесем,
Жалжалым деп сен мени эркелетчи?!
Жан дүйнөмдүн сырларын сага ачсам,
Ал дүйнөнүн кадырына жетсеңчи?!

Буулугуп таарынып эркелесем,
Булбулум деп сен мени эркелетчи?!
Сезимимдин сандыгын сага ачсам,
Ал сезимимдин кадырына жетсеңчи?!

Сүйөмүн деп мен сага эркелесем,
Сүйүктүүм деп сен мени эркелетчи?!
Сүйүүмдү тамчы койбой сага арнасам,
Ал сүйүүнүн кадырына жетсеңчи?!

## Кечир мени

Кечир мени, сени унутуп баратамын,
Ойлогон сага сүйүүм жанат дайым.
Бирок аттиң сүйүүнү абай кармап,
Сактай албай калдыкпы каражаным?

Кечир мени, сени ойлобой калды көңүл,
Эми сенсиз таңдар атып, өтөт өмүр.
Мейли эми сен мени сүйбөсөң да,
Махабатты алоолонгон унутпай жүр.

Кечир мени, сени чексиз сүйгөн үчүн,
Өтпөөчүдөй сезилчү сенсиз күнүм.
Кайда жүрөт, ким менен деп кызганып,
Өтөт эле ойлонуп ар бир түнүм.

Кечир мени, эгер сени кыйнап койсом,
Тилейт элем сага өмүрлүк жубай болсом.
Бирок тагдыр өзүнүкүн бербейт тура,
Арман болду ал күндөрдү ойлосом.

Кечир мени, эгер сага үмүт берсем,
Коштошо албайм, жүрөгүңдү кыйнап эзсең.
Кантейин сени унутуш кыйын болду.
Чечтим эми, жашооңдон чыгып кетсем.

Кечир мени, башкага эгер баш байласам,
Сүйүү кечип, тагдырымдан качалбасам.
Кантейин мен да сендей алсыз окшойм,
Баарына даяр болуп жашабасам…

Кечир мени, сезим өчүп сүйбөй калдым,
Баягындай жалындап күйбөй калдым.
Эми сенсиз, жаңы жашоо баштайын деп,
Айла жок, тагдырга баш ийип калдым.

## Сенин элесиң

Көз алдымда дайым сенин элесиң,
Жайыма койбой түшүмө дагы киресиң.
Өзүң эмес, элесиң эле болсо да,
Негедир менин жашоомо дем бересиң.

Эч эле менден кетпей койду элесиң,
Элесимде сырдуу карай бересиң.
Жалооруган ошол кыял чын болуп,
Качан эми чын жашоодо келесиң?

Жүрөгүмдү туйлата берет элесиң,
Жүрөгүмдү дарылап качан кетесиң?
Кыялымда элес гана болбой сен,
Кынаптаган кыштай жылуу белемсиң.

Мейли, мейли чын жашоомдо келбесең,
Мейли сүйүү, арзуулугун бербесең.
Бирок жалгыз суранаарым Кудайдан,
Эч кетпесин менден сырдуу элесиң....

## Жалгыздык

Жалгыздык жан досумдай келет жандап,
Качкым келди канча ирет алыстап.
Канчалык качайын деп далбастасам,
Ошончолук кайра барам жакындап.

Жалгыздык мени дайым жандап жүрөт,
Сүрөткө түшсөм дагы кошо түшөт.
Чыгып кетчү, жылчык издеп тырышсам да,
Жалгыздык мени менен өмүр сүрөт.

Жалгыздык менден неге кетпей калдың,
Деги мен эмнем менен сага жактым?
Көнүп сага калсам дагы түшүн мени,
Тапкым келет маңдайга жазган бактым.

Жалгыздык жалынамын алыс кетчи,
Жададым сенден өтө аны сезчи.
Чулгап албай туш тарабым куса менен,
Суранамын дем алайын аба берчи!

Жалгыздыгым мурда сени жактырчу элем,
Ал тургай өзүм сени чакырчу элем.
Көкүрөгүмө көк таштай катуу тийдиң,
Кетчи менден адашып, сурайт элем.

Жалгыздык. Жүрөгүмдү сыздатпачы.
Ага кошуп жуурканымды муздатпачы.
Жакшы эле дос болдук, жалгыздыгым,
Жабыркабайм, кетип калчы сурантпачы…

## Өзгөргүм келди миң себептен

Көздөрүмдү уялтып күн күлөт,
Кимдер катарымда бир жүрөт,
Орундалбай ойлорум миң кыял,
Жалгыздык мени менен өмүр сүрөт.
Өкүндүм эми сабыр калганына,
Өмүрдүн сүйүү бар жалганына,
Ким эле келип көңүл бөлмөк,
Бактылуу бактысыз арманына.
Өзүңө өзүң көңүл бербесең,
Өзгөргүм келди миң себептен,
Баарынан бир жарыла арылсам,
Барга-бар, жокко-жок керектен.

## АПАЛ ИТИГУЛОВА



*1967-жылы 23-апрелде Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында туулган. «Табылга» китебинин автору. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Учурда Москва шаарында эмгектенет.*

### Бүтүн болсун жер жүзү

Жараткан буйруган ырыскыга,
Жашоонун шары менен агып келдим.
Көңүлүм жайланбай өмүрдү барк албай,
Жан багып арасында көп элдин.
Мейли ысык, мейли суук болсо да,
Баары белен, жылуу-жумшак үй ичи.
Өз айлыма сагынычым ашып-ташып,
Татыбады окемдердин бейиши.
Бирок да эртели-кеч шүгүр дейин,
Орус ачып койгон экен эшигин.

Мен сыңары түйшүк тартып канчалар,
Узатышты Россиянын кешигин.
Көз көрөт бешенеде жазылганын,
Көтөрөт моюнуна тагылганын.
Кудурет берсе экен деп Кудайдан,
Тиледим жердин бүтүн калганын.

## Сүйүү менен сүйлөшүү

Ач кирне сыңары,
Аңдыйт сүйүү ырларды.
Өз ичине камтыган,
Арман менен жыргалды.
Кагылыштык кай жерде,
Кармашып кирдим түз эле.
Күчкө толуп калганда,
Күрөшүп бүтпөйм түк эле.
Жеңиле турган эмессиң,
Жеңилип мен да кетпеймин.
Көзүңдү артпа ырыма,
Жеңилсем дагы бербеймин.
Ырларым менин сырларым,
Катылган көңүл ыргагым.
Обонго чыксын жаңырып,
Черте алсаң жүрөк кылдарын.

## Кетпе илхам

Бир кездерде жок эле,
Билбейм качан жолуккам.
Жашап калдык жанаша,

Илхам болду кошунам.
Келип калса кошунам,
Көргөнүмдү жоорутам.
Кээде чечпей түйүндү,
Таза башым оорутам.
Дасторкондо тизилген,
Табитке төп келбеген.
Тамак өңдүү беймазе,
Калып кетсе желбеген.
Мен ошондон коркомун,
Маанисине жетпеген.
Бербе андай ырларды,
Кейүү угуп кемиткен.
Шайтан гана үмүтсүз,
Ыр жаралсын күтүүсүз.
Кете койбо жанымдан,
Буйрук берчи тынымсыз.

## Үч баатыр

Улуу орус элинин,
Сүрөттөгү үч баатыр.
Үч аялды буларга,
Окшоштурдум мен азыр.
Жумушу – имарат кайтарат,
Күнү-түнү уктабайт.
Алысты аңдып көздөрү,
Чычканга кебек алдырбайт.
Бири туруп босогодо,
Экинчиси кыдырат.
Үчүнчүсү короодо,
Унааларды утурлайт.

Чоо-жайын сурап келгендин,
Дарбазадан киргендин.
Аялга жеңил иш эмес,
Эгер баалап билгендин.
Кароолчулук чоң эмгек,
Керек болсо жан бермек.
Аткарып жаткан үч аял,
Үч баатырга тең демек.

## Жолдор

Жол чыйырдан башталып,
Тасма болуп узарат.
Тирүүлүктүн мыйзамы,
Жашоо күрөш уланат.
Бутагын жайган дарактай,
Жолдор тарайт туш-тушка.
Ошол жолдо тынымсыз,
Адамдар каттайт жумушка.
Темирди кынап шатыдай,
Жерге төшөп койгондой.
Зымырап поезд баратса,
Жүргүнчү уктайт ойгонбой.
Таш көпүрө тургузуп,
Жолду жолго улаган.
Айласын тапкан адамдар,
Жер астын казып жол салган.
Жолдор, жолдор, жолдор,
Өтсө да сан миң доор.
Мүмкүн эмес жашоо сенсиз,
Айлан-көчөк жолдор чексиз.

# АЙБЕК ТАВАКАЛ УУЛУ



*1992-жылдын 13-январь айында Баткен облусуна караштуу Кадамжай районунун Чекелик айылында туулган. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Учурда Москва шаарында эмгектенет.*

## Ата-энем жана жаштыгым

Эртеден кечке тойбостон биз ойунга,
Маани деле бербей окуу, сабакка.
Кызык экен балалык ал күндөрүм,
Эшек минип, келбейт элем тамакка.
Апам байкуш апакай жууп тараса,
Кадырлабай, маани бербей жүрүпмүн.
Ак кийимди кирдетип мен бат эле,
Туш тарапка тоодой кылып үйүпмүн.
Атакемдин келсе кээде ачуусу,

Шок баладан өзгөрүлчүм молдого.
Айткан ишин аткарып жай-жайында,
Түшчү элем терс жолдон эх, оң жолго.
Активдүү катышып мен мектепте,
Тапшырмамды так аткарып Эжейге.
Беш баа алып үйгө келип мактанып,
Беш баа үчүн беш сом алгам, эсимде.

## Нуризат

Сыртка чыктым олтуралбай үй ичинде,
Мен бараткам ойго батып жол четинде.
Сезбептирмин чоң жолго жеткенимди,
Жол унаасы мага келип жеткенине.
Көпкө жатып мен өзүмө келгенимде,
Жанымда турган экен бир периште.
Ысымы да сонун экен, Нуризат,
Жүргөнсүдүм аны менен бейиште.
Нуризат, жүрөгүмө жарык бердиң,
Нуризат, түгөнбөгүс бакыт бердиң.
Нуризат, кайгы капа күндөрүмдө,
Нуризат, көмөк болуп кошо сездиң.
Ыраазымын бул жашоого келгениме,
Жаратканым сени мага бергенине.
Өткөргөн бактылуулук күндөрүмдү,
Кубанамын сени менен кезгениме.

## Таш боор сүйүү

Сүйүүгө нечен жаштар кабылышпайт,
Сүйүү деп нечен жаштар жаңылышпайт.

Сүйүп жүрүп жете албасаң кайгырып,
Анда сүйүү келбе мага кайрылып.

Кеттиң менин жаш жүрөгүм жаралап,
Мени таштап канча адамды аралап.

Эми кантем сенден көөнүм калды го,
Арман сүйүүм алоолонуп жанды го.

Кайра келсең армансыз өзүң кел,
Кайталаба арманыңды, сүйүүң бер.

Сүйүшкөндөр табышпаса чындап эгер,
Кош бол, сүйүү, арман бойдон кала бер...

## Сенсиз жашоом

Тагдыр бизди кезиктирди, арбады,
Арман кылып ажыратты, алдады.
Даам таттырып махабаттын балынан,
Кайра неге жүрөккө от таштады?
Менден кеттиң башкасына жалынып,
Кала бердим артыңдан мен зарыгып.
Неге кеттиң? Неге мени таштадың?
Күндө сени эстей берем сагынып.
Сенсиз жашоом түп-тамырдан өзгөрдү,
Жат адамдай көңүлүң менден үзүлдү.
Күндөр өтөт бирок аттиң кыйналам,
Арман жашы араласа жүзүмдү.

## АНАРА АСКАРОВА



**1971. 05.** *Ош областынын Отуз-Адыр айылында туулган. Жогорку билимдүү. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Салам, Москва

Кремль деп сүрөтүңөн таанычам,
Окуучулук күндөрдү эстеп сагынам.
Эми болсо бир өзүңдө турамын,
Москва, мага акча бер деп, жагынам.
Турмуш татаал, мага окшогон канчасы,
Эмне качкан, өз жерине барсачы.
Ал анткени бизди бага албаган,
Акча тушап, башка бүлүк салсачы.
Көп жылдарды кезип иштеп калгандар,
Жан аябай иштеп акча салгандар.
Оңолуптур, үмүттөрүм алдыда,

Кезиктирдим өз элинен тангандар.
Сендик болуп жашаймбы же качамбы,
Салам сага ичтен тилейм батамды.
Үй бүлөөмө жакшы барсам экен деп,
Үшкүрүнөм кээде кармап жакамды.

## Жети-Өгүз

Жер соорусу ажайып кооз Жети-Өгүз,
Жүрөк сергип эс алууга өтөбүз.
Кайталангыс кооздугуңа суктанып,
Кереметтүү сүйүү таптык экөөбүз.
Алмаштыргыс асыл сенин көркөмүң,
Таманымдан сылап өтөт көктөмүң.
Махабаттын даамын татып магдырап,
Күндөрүмдүн сонун күнүн өткөнүн.
Жериң кооз, элиң сыйлуу экенин,
Аңдабастан билбей жүргөн экемин.
Жүрөгүмө түнөк алып турамын,
Эми сени кантип таштап кетемин?
Сенде калды бир сулуу көз булагым,
Унутулгус гүлдөп турган убагым.
Улагаңдан урмат-сыйды көп көрдүм,
Карыздармын, кутула албай турамын.

## Ак элечек

Апам кийген ак элечек жарашып,
Эл сыйлашып күндөй жанып карашып.
Ааламдагы теңдеши жок асыл зат,
Апам турду Ала-Тоого жанашып.

Ак элечек энелердин мээрими,
Кабыл чыксын тилеп алган келини.
Үмүттөрү жылдыздардай жайнасын,
Эне баккан, эне көргөн элеси.
Апа сага, ак элечек сонун жарашат,
Айылымда кыз-келиндер талашат.
Жаштарга айткан акыл менен насааты,
Жакшылыктын жышаанына баратат.

## Кызым Кундузга

Кыл чачымды жерге төшөп баккамын,
Кырман кызып бар өмүрдө тапкамын.
Кызыгына байып калган кезимде,
Кыраан куштай учурууга таптадым,
Кымбат тура кыз баланы бакканың.
Айнанайын менин жаным Кундузум,
Эмизгемин ак сүтүмдүн мен уузун.
Бой жетилдиң Ала-Тоонун гүлүндөй,
Бактың тилеп азырынча мен сузмун.
Ак кептердей учуп чыгып асманга,
Бөбөк кызым сени күткөм ак таңда.
Канат күүлө Кундуз кызым шаттанып,
Таалайлуу бол турмуш жолун басканда.
Сен жөнүндө уксам жакшы сөздөрдү,
Небак туулган кулак ачып көз көрдү.
Жылуу сөзүң мага керек абадай,
Сен кичүүсүң көктөп дүйнөм өзгөрдү.

## Уулум Эртабылдыга

Эсендигиң апаң тилеп сагынаар,
Сен ойлогон ойлор жанып табылаар.
Күлүктөрдөй жашоолорго үмүткөр,
Сырдуу ойго бир күн камчы чабылаар.
Жол издебе турмуш өзү даңгыр жол,
Таалайыңа тайманбастан оңду-сол.
Адамдардын изде аруу пайдасын,
Жакшыларга жанаш уулум берип кол.
Бир өзүңдөн асыл ойлор ачылат,
Мекениңе гүлдөй нуруң чачырап.
Эсен болгун үмүттөнгөн кулунум,
Бир кездерде апа дээрсиң асырап,
Калган кезде мууну-башым алсырап.

## БУРУЛЧА ТӨРӨБЕКОВА

*1963-жылы 1-октябрда Базар-Коргон районунун Беш-Бадал айылында туулган. Жогорку билимдүү. Москвадагы «Кыргызстан аялдары» коомдук фондунун президенти. Москвада жашап, эмгектенет. 3 баланын энеси, 3 неберенин тайэнеси. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*



### Маркум жан шеригиме

Өмүр жолу ачкан экен бактымды,
Эркек тура көкөлөткөн баркымды.
Туйгун куштай, кош канатым бар эле,
Сынды канат, жулуп кетти жартымды.
Айрылганда канатымдан калдайган,
Канталады кан түкүрүп, кайран жан.
Аскалардан түшкөн таштай жанчылдым,
Эс-учумду жыя албадым, айран-таң.
Уул-кыздарың калды сары ооз балапан,
Аталашып соолуп жүрөк карасаң.

Кайгы-муңдун чеңгелинде калгамын,
Сенден артык көзгө илбей жан адам.
Болоттой курч, эки миздүү канжарым,
Армандандым, сенден ажырап калгамын.
Алоолонгон жалын болуп күйдүм го,
Тамырымдан жарылчудай кандарым.

## Ашыктыгым эстегин

Бир мен үчүн Кудайдан каралгандай,
Баркташ үчүн атайын жаралгандай.
Ымалабыз келишип ынак элек,
Ызаа ташып кайрылып бара алгандай.
Сагынычты ортодо жазышалы,
Жалын тийип, от болуп жагылалы.
Албууттаган махабат дайрасындай,
Чулдуктардай сүйүшүп агышалы.
Сезимимде ойногон санат болчу,
Чалкып жаткан аскадан канат болчу.
Сыр жашырбай актыкка тосуп турган,
Коштошоордо бир жарк деп карап койчу.
Санааларга шамал бол сапырылган,
Тазалыкка дайра бол атырылган.
Ашыктыкка мол болуп унутпастан,
Ашыктыгым эстегин жазып ырдан.

## Кызыл чарчы

Балалык баео кезден,
Канталап жүрөктү эзген.
Өткөндү эске салдың,
Болоорун муну сезгем.

Өткөндү эске салдың,
Төрүндө эски тамдын.
Төрт чарчы эски сандык,
Жамгырдан, жай аптаптан.
Боегу өчкөн оңуп,
Катылган канча жылдар.
Ичинде жатчу анын,
Атамдын бел курчоосу,
Күн жеген кызыл чарчы,
Көргөндө терим чачып.
Көңүлдөн оюм азып,
Атамды көрүп турдум,
Көз жаштан чарчы жуудум.

## Кыргызымдын уул-кыздары

Кыргызым, кылымдардын белин ашкан,
Арманын артып келген Алтай жактан.
Кыр-кырлап, кылыч сабын кармап өлгөн,
Кансырап кандуу күндөр, кечип баштан.
Энелер, өрт-жалында калып кеткен,
Жоо басып, жоомартчылык чыгып эстен.
Эр экен бабалардын жүрөктөрү
Эл үчүн эркиндикке кандай жеткен.
Мына ошол баатыр Кыргыз баласыбыз,
Жашоого туруктуу, көз карашыбыз.
Алыстан ат арытып келгенден соң,
Бир болсун ынтымагың, ал ашыңыз!
Аткарып орустардын айткан кебин,
Дил бузбай, оокатыңды ала жегин.
Уул-кызым, Ата-Журтуң унутпагын,
Умсунсаң, күтөт сени өскөн жериң.

## Балдарыма

Бул жашоомдо Айым, Күнүм, жылдызым,
Бактылуумун, айланайын уул-кызым.
Силер үчүн жаралгамын дүйнөгө,
Силер үчүн мээрим төктүм, ак уузум.
Тизгин кармап тилегиме жеткемин,
Аманат деп атаң, таштап кеткеним.
Эстеп алып, кыл чылбырдай чыйралам,
Колдоп учат, кош канатым кептерим.
Бакчамсыңар гүлдөп турган кезинде,
Унут болбой, өткөн күндөр эсимде.
Түшүмүңөр элим үчүн жайнасын,
Ай болоюн жарык берип кечинде.
Ааламдагы асылдарым, нурларым,
Силер үчүн жаздым мээрим ырларын.
Арманым жок, силер менин жарыгым,
Ушул жашоо силер менен жыргалым.
Менден арноо силер үчүн ырларым.

## БУРМАКАН ТУРГУНБАЕВА



*1977-жылы Кара-Суу районунун Жар-Ооз айылында туулган. Химия-биология мугалими. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Кыштын дагы бир өзүнчө көркү бар

Кар жаады мына карачы,
Аппак бубак дарактардын арасы.
Жан-жаныбар качып кирип чээнине,
Үшүп жатат катуу суукта чамасы.
Чарчашабы жаныбарлар кышында,
Алы келбей ийиндеринен туруyга.
Дарактар да кышындасы укташат,
Күчүн топтоп жазда көктөп чыгууга.
Тыным албай аа баягы адамдар,
Жумуштарга барат суукка карабай.
Тып-тып этип беттен терин агызып,
Карды күрөп жол салышат аталар.

Кыштын деле бир өзүнчө көркү бар,
Муз тебишип, кар ойношот жаш балдар.
Аталары отун-суусун камдаса,
Оокат асып бышырышат апалар.
Тоңгонуна кайыл болуп балдары,
Жылгаяк тээп кызыгына батканы.
«Тоңуп калды, кечикти го балам» деп,
Апалары жолдо күтөт баягы.

## Адам бойдон жашайлычы

Адам бойдон жашайлычы, адам бойдон,
Жаңыдан баштайлычы кадам коюп.
Жамандык ойлобостон эч бир жанга,
Жашагыла ар бириңер таза бойдон!
Адам бойдон жашайлычы, адам бойдон,
Өзгөрүп кетпегиле наадан болуп.
Жашоого бир келебиз, кетебиз да,
Убактылуу биз мында мейман болуп.
Адам бойдон жашайлычы, адам бойдон!

## Намыстуу бол жигиттер!

Намыстуу бол жигиттер бул заманда,
Наадандарга теңелбей, башын каткан.
Тарыхта болгон эмес, эй жигиттер,
Үйдө олтуруп үй шыпырган, бала баккан.
Өзгөрүп айылдар да баштагыдан,
Курушту намыстуулар үйүн таштан.
Бирөөлөр күндө ойноп, күндө тойлойт,

Наны жок капысынан барып калсаң.
Намыстуу бол жигиттер, бул заманда,
Кыргызды бөлгөн эмес мындай салттар.
Заманга шылтоолобо, өзүң ойло,
Жалкоонун иши болбойт кайда барсаң.

## Бар болгула карыларым

Сагынганда айылыма барамын,
Карыларды жолдон көрүп каламын.
Саламдашып кучак жайып тосушат,
Кубанышат көргөнүндө балдарын.
Акыл насаат айтып турат баарына,
Жакшы бол деп балдарына дайыма.
Уккан сайын уккум келет негедир,
Кары сөзүн салып алам кабыма.
Сейилдешет чоң энелер айылда,
Көңүл ачат таза абада, багында.
Небересин ээрчитишип жүрүшөт,
Жомок айтып эркелетип жанына.
Кубанамын мен аларды көргөндө,
Жакшынакай карыларым өзгөчө.
Карылыкка биз да жетээр бекенбиз,
Эркелетип неберени өпкөнгө.

## Ичим жаман туз куйгандай ачышат

Самолетто мына учуп баратам,
Көк асманда ак булутту аралап.
А ойлорум учуп кетти чачырап,

Булуттардын арасында сабалап.
Карап-карап бийиктиктен тоолорду,
Боюм сергийт, ойлойм жакшы ойлорду.
Тилегеним орундалаар бекен деп,
Тилеп барам баарысына ак жолду.
Жаштар барат, бири күлсө, бири ыйлап,
Жүрөк сыздайт Мекенинен алыстап.
Жаратканым колдосо экен баарысын,
Жакшы белек камдаса экен алыс жак.
Эмне болот балдарыңдын эртеңи,
Эч ким билбейт кандай жашоо кечкени.
«Ичим жаман туз куйгандай ачышат».
Бөтөн журтка балдарыңдын кеткени…

# БУРУЛКАН САДИЕВА



*1985-жылы Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун Чалма айылында туулган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү*

## Жакшылыкка кадам шилтейм

Жакшылык жолдоруна кадам шилтейм,
Болуп өткөн күндөрүмө кайтып келбейм.
Унутууга арга таппай баратсам да,
Жашоонун таттуусунан таткым келген.
Унуталбай күндөрүмдү баратамбы,
Ойлуу күндөр тагдырыман кабардарбы.
Билинбей убакыттар өтсө дагы,
Тагдырымда бул күндөрдөн арыламбы?
Тагдырда тайкы жолдор болот тура,
Капалантып кубандырып өтөт тура.

Жашоонун сыноолору тайкы экен,
Көзүңдүн карегиндей сактасаң да.
Күчтөнүп мен өзүмдү колдоп келем,
Жүзүмдү күлкү менен сактап келем.
Сактансаң сактайт деген ойлор менен,
Жакшылык күндөр менен жашай берем.
Эх жашоо, өтө берет билинбестен,
Канча күн жашаарымды билбей келем.
Убакыт өткөн сайын тездеткенсип,
Эмне кылган күндөрүмдү эстей берем.

## Апаке

Кайда жүрсөм жүрөгүмдө апакем,
Кучак жайып саамайымдан өпчү элең.
Күндө эстеп жытыңызды эңсеймин,
Күндөй ысык мээримиңди төкчү элең.
Ката сүйлөп катуу тийип алсам да,
Капаланба мен өзүңдөн суранам.
Кайда жүрсөм апакем деп сагынам,
Кайраттанам өзүң берген дубаңан.
Көп жүрсөм да башка шаарда алыста,
Көңүлүмдү сенден башка жылытпайт.
Эне мээри кымбат тура жашоодо,
Аалам өзү энелерди кадырлайт.

## Сезимдерим сезип турат

Махабаттын суусун ичтим булактан,
Магдыратып жүрөгүмө чок салган.
Көөдөнүмө батпай калган кезимде,

Сезимдерди байкап туруп токуган.
Арча бешик термелгендей жайкалган,
Жылдыз сымал нур жүзүңөн караган.
Күлүмсүрөп сендей жанды таптым деп,
Тармал чачты сылаганды жактырган.
Күлкү арнап жакшы сөздү айткансың,
Кубандырып сүйүү гүлүн ачкансың.
Жакшы сөздү айткан сайын магдырап,
Колуң жайып кучагыңа каткансың.
Күлкү менен көңүлүмдү көтөрүп,
Жаным десем эркелетип жүрчү элең.
Кызганып сен эч кимдерди карабай,
«Карабачы башка жанды» дечү элең.

## Сүрөтүңө карап турам

Эң алгачкы сүрөтүңдүн элеси,
Көңүлүмдү эңсеттирип жүдөттү.
«Ушул сүрөт эстеликке калат» деп,
Айткан сөзүң тепчип өткөн жүрөктү.
Караанынды көрө албастан кетирдим,
Көрөмүн деп мен өзүңө жетпедим.
Түшүмбү же өңүмбү деп кээ бирде,
Ишене албай дагы деле эстеймин.
Эңсеттирген сенин жалгыз сүрөтүң,
Карыктыктан узак кетип кыйнадың.
Кайда жүрсөм караанындын элеси,
Өзүңдү эстеп эчен түнү ыйладым.
Сенден калган эки балаң мурасың,
Сени сурап күндө карайт сүрөттү.
Жаткан жериң жайлуу болсун жалгызым,
Элесиңиз ээлеп алган жүрөктү.

## Аргам жок балдарымды таштадымбы?

Турмуш тагдыр алыстатып баратат,
Акча үчүн чет өлкөгө бара жатам.
Балдарымды арга жоктон калтырып,
Энелик мээрим бөлбөй келе жатам.
Татаал күн жүрөгүмдү кыйнады,
Балдарым деп сезимдерим сыздады.
Көөдөнүмө батыра албай, сыялбай,
Алыстарга жүрөк эне узады.
Арга жок турмуш тагдыр адаштырат,
Кээ бир учур күлүмсүрөп карап турат.
Наристени энесинен ажыратып,
Жашоо бул энелерди кыйнап турат.
Канат жайып кучагыма баса албадым,
Мээрим төгүп жаныңарда жүрө албадым.
Турмуш мага татаал күнүн көрсөтүп,
Жашыңарда бирге узак боло албадым.

## БҮБҮСАЛИХА ЭГЕМБЕРДИЕВА



*1957-жылы 30-мартта Баткен районуна караштуу Самаркандек айылында туулган. Ата-энесинен эрте ажырагандыктан Ош областынын Ала-Бука районундагы Шакафтар айылындагы мектеп-интернатта (жетимдер мектеп-үйүндө) тарбия алып, окуп аны 1973–74-окуу жылдарында аяктаган.*

*1974–78-жылдары В.В. Маяковский атындагы кыргыз кыз-келиндер институтунун библиотека-библиография бөлүмүндө билим алган. Эмгек жолун Баткен районундагы Көк-Таш айылында Макаренко орто мектебинен баштаган. Үч кыз, бир уулдун апасы. Он беш неберенин чоң энеси.*

*2013-жылдан бери Москва шаарында кары-картаңдарды күзөтүп (сиделка болуп) иштейт.*

## ТАГДЫРЫМ

Тагдырдын буйругу экен эли көп Москва шаарына дагы келип калдым.

Игорь деген жигиттин карыган ата-энесин күзөтүп караймын.

Чоң шаар деген ушул экен да, ар кимиси өз жумушу менен кайдадыр агылып шашкан эл, аябай ченемдүү убакыт. Көпчүлүктүн катарында ишим менен алектенип «мигрант эне» аталдым. Ишим өзүмө жагат.

Кары-картаңдарды көзөмөлдөгөндөрдү «сиделка» деп коёт экен...

Ошол чубап өтүп жаткан күндөрдүн биринде аяш уулум Туратбек телефон аркылуу байланышып;

– Аяш эне, быйыл мектепте 1996-жылкы бүтүрүүчүлөрдүн жыйырма жылдык жолугушуусу уюштурулуп, сизди конок ата-энелердин катарында чакырууну мага тапшырышты,– деди.

Оо, тагдыр! Оо, убакыт, ушунчалык шашылыш белең? Зымырап тез учуп өтө бересиңби?

Мен бул окуяны кече гана башымдан өткөргөндөй дагы эле арылбаган армандуу күндө, жараланган жүрөгүмдүн жарасы айыгып бүтпөй алтымыш жашка келип олтурамын.

Аттиң! Эгер Асылбегим аман болгондо отуз сегизге толмок, а мен болсо мүмкүн «мигрант эне» болмок эмесмин. Же тагдыр мени сынадыңбы? Сынаган болсоң алиге чейин сыноондон өтө албай, жаралуу бойдон сырларымды, ырларымды ичиме катып келе жатамынбы?

Ошол 1991-жылдын 31-январында он сегизге толор балам Асылбек дүйнө менен кош айтышып кете берди. А мен болсо улуп-уңшуп, ботосун жоктогон инген сымал уулумдун ордуна арык боюндагы узун бойлуу теректи кучактап кала бердим. Бул мезгил менин оорумду колдон, жеңилимди жерден алчу өмүр жолдошум бөлөк аял алып, мени беш бала менен таштап кеткен учур эле...

Эгер классташтары эстетпегенде убакыттын өткөнүн, жыйырма жыл болгонун байкабай дагы эле кече күнү жара алгандай жүрмөк экенмин.

Аттиң тагдыр! Төмөнкү армандуу ырларым уулум Асылбекке арналат.

Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун балам.

## Уулума

Ушул жүрөктөн чыккан армандуу ырларымды он сегизге толоруна эки ай калганда шум ажал алып кеткен Асылбегиме арнаймын.

Көптөн бери тоодо элең садагам.
Келеби деп жолуңду өтө карагам.
Нечен күндөр өтсө дагы арадан
Сагындырып арытпадың санаадан.

* * *

Ооруду деп угулганда суук кабар,
Табылбастан сүйөнөр тоо айла, амал
Дарыгерге жеткирүүгө далбастап,
Улоо таппай улуп ыйлап болгом зар.

* * *

Он сегизге жаңы толгон баламды,
Алып кетүү Кудай үчүн керекпи?
Мөөнөтүнөн мурда келип жан алгы,
Уңшуп ыйлап кучактадым теректи.

* * *

Жоготуунун ачуу даамын тата бердим.
Таттуулук келеби деп күтө бердим.
Баарына Кудайыма шүгүр кылып,
Маңдайыма жазганга түтө бердим.

* * *

Армандуу бир кемпирди унутпаган
Ырахмат досторуңа, өмүр каалайм.
Бирге өскөн курбуларың болсун аман
Баарына тынчтык, сактык, бакты-таалай.

* * *

Асылбегим айтып бүткүс дастаным,
Мурдагыдай көкүрөктө жаш чагың.
«Жаткан жериң жайлуу, мамык болсун» деп
Дуба кылып ушул тилеп жатканым.

* * *

Сени менен бакыт берген Кудайым,
Байкабастан көпкө чейин жүрүпмүн.
Тагдырыма эми тообо кылайын.
Оо, Кудайым, болсом экен сүйүктүүң!

2015-жыл.

## Көк-Таш менин айылым

Көк -Таш менин айылым.
Көңүлүм сүрөп келемин.
Ак сакалдуу аталардын,
Өмүрүн тилеп келемин.

Алыста эңсеп сагынсам,
Көк-Ташым тирек билемин.
Ак элечек энелерге,
Аруулук тилеп келемин.

Сыр-сыпаты Көк-Таштын
Көчпөсө деп келемин.
Жалындаган коломто,
Өчпөсө деп келемин.
Апам курдаш энелер,
Өтпөсө деп келемин.
2014-жыл.

## Сага

Кез-кезде калчу болдум сени эстеп,
Сен дагы эстейсиңби өткөн күндү.
А балким «жаңыртамбы жарамды» деп
Эстегиң келбегендир өткөндөрдү.

Турмуштун заар чачкан текеберин,
Калтырып өзүң чыгып кете бердиң.
Кучактап балдарымды калдым ыйлап,
Кире албай жылчыгына кара жердин.

Кудайдын жазганына моюн сунуп,
Кыйналып, кысталсам да баарын жеңдим.
Турмушту сен өзгөрттүң тырмыш кылып,
Тырмышканы курусун сендей эрдин.
2013-жыл.

## Неберелериме

Бакырaң көз Айжаным.
Башкача сулуу Айдайым.
Сагынып жүргөн энеңдин,
Санаасы силер ар дайым.

Шириним кызым Айдайым.
Жакшыбы жашоо ал-жайың?
Башкасын айтпайм, энеге
Баласы аппак карганын.

Айдайым жана Айжаным.
Бутагым гүлдүү шактарым.
Энеңдин ушул тилеги,
Бийиги болгун асканын.

## Кайната, кайненеме

Айланайын пейли кенен карыларым,
Колтугуңда коргойм деп не кылбадың?
Чыдап келдиң барына да жогуна,
Кайыл болуп ачыңа да тогуңа
Небереңдин ыйын бирге ыйладың,
Карабастан балаң үйдө жогуна.

Айланайын айкөл кенен карыларым.
Пейилиңе теңейм суусун дарыянын.
Баландын кылыгына чыдап коюп,
Биз үчүн жашадыңар кайыл болуп.
Өмүрүңөр узун болсун арууларым.
Өссө экен урпактарың айыл болуп.

Алыста жашап жүрсөм азыр дагын,
Билемин, кабатырсың карыларым.
Жетелеп эркелетип капа кылбай,
Колдодуң неберенди атасындай.
Өз баландын көрбөстөн сый, убайын
Эмне деген катаалдык, арманым-ай.
Жакшылыгы теңдешсиз бизге кылган.
Убайым, сый көрсө экен баласынан.
Кудуреттүү, күйүмдүү, калыс Кудай
Карыларга кайышпас өмүр сурайм.
Айыксын балам деген жарасынан.
Армандан арылышар көрсө убай.
Карыларга кайышпас өмүр сурайм.
Айыксын балам деген жарасынан.
Армандан арылышар көрсө убай.

## БЕКТУРГАН ШАРШЕМБИЕВ



*1957-жылы 12-декабрда Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу Жаңы-Арык айылында туулган. А. Осмоновдун 75 жылдыгына карата өткөрүлгөн «Ак Боз ат» республикалык фестивалынын жеңүүчүсү. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

Россия Федерациясында канча кыргыз мигранттары бар? Легалдуусу канча, легалсызы канча – бул жагдайда бир дагы так маалымат дээрлик жокко эсе. Көбүнчөсүндө азайтылган маалымат берилет. Бир канча жыл Россиянын чыгышында, батышында мигрант катары өмүр кечирген адам катары бул маселе мага жакшы маалым. Бир эле мисал, Советтин (азыркы Кара-Кулжа районун Иркутта ушинтип коюшат) кайсы бир айылынын бүтүндөй классынын балдары, кыздарын мындай койолу, Иркутскиде иштешет, классты кой, кээ бир айылдардын жаштарынын жарымынан көбүнүн жүргөндөрү бар. Красноярскийде болсо бүтүндөй кыргыз кварталдарын, көчөлөрүн

көрөсүз. Екатеринбургда мектептин бир классында бир эле орус баласы, калгандары бүт кыргыз окуучулары экенин көрдүк. Көчөдө жүрсөң Кыргызстанда жүргөндөй эле болосуң. Дүйнөдө аянты боюнча алдына эч бир мамлекетти чыгарбаган ушундай зор өлкөнүн башка региондорун айтпай эле коёлу. Албетте, ошол бир тууган мекендештерибиз жыргаганынан жүргөн жок. Маселе башкада, медалдын эки жагы бар дегендей. Ак адал эмгеги менен ата-энесин, бир туугандарын багып, жашоо-турмуш деңгээлин көтөрүп, чет элде, чет жерде кыргыз элинин татыктуу өкүлдөрүнүн жүзүн көрсөткөн эр-азаматтары менен кадимкидей сыймыктанасың. Завод-фабрикаларды куруп, зор-зор курулуштарга ээлик кылып элибизге кызмат кылган кыргыздын мыкты жигиттерин көргөндө эт-жүрөгүң элжирейт. Ошол эле учурда Москвада кайырчылык, аракечтик кылып жүргөн, кыргыз элинин ар-намысын түшүрүп, бөтөн элдерге уят кылып, эл караган бетибизди жер караткандары канча дейсиз. Ал эми денесин сатып, сойкулук менен шугулданган кыргыздын жапжаш кыз-келиндерин көргөндө жети өмүрүң жерге кирет. Боюнан алдырып, аборт жасаткандар дээрлик бардыгы кыргыздын кыз-келиндери. Менталитети ого эле бизге төп келбеген орустун – европалыктардын кийген кийиминен баштап бүтүндөй жашоо образын туурап адашып, жашоо деген ушу турбайбы дегендей, киндиги көрүнгөн тирдигин кылып жүргөн, зор мегаполистин цивилизациясынын жүгүн көтөрө албай, казды тууураган ары жок каргалар иттин эле кара капталындай. Кафелерде, дискобарларда, дагы да ушул сыяктуу шапар тепкен жайларда жалаң кыкемдер, бул көрүнүш өзүнчө эле модалуу болуп кеткен. Өздөрүн маданияттуу, «достойно» дегендей алып жүрсө эмне, тилекке каршы бүтүндөй кыргыз элин уятка

калтырган учурлар көп кездешет. Кыскасы айта берсе арман көп дегендей, Абина энем айткандай, айтсаң айыптуу күн, айтпасаң күйүттүү күн...

2006–2007-ж.ж. РФ Иркутск областтык кыргыздардын «Дружба» улуттук-маданий-коомдук уюмунун пресс-кызматынын жетекчисинин орун басары болуп иштеген жайым бар эле.

Менин кийинки ыр белегим кыргыздын канчалаган мигранттарына канча жылдардан бери күйүп-бышып, ар бир Ала-Тоолук жаран үчүн аттанып түшүп, жардам берген, баарыдан да колунан келгенин колко кылбаган, кыргызымдын мыкты жигиттери – Иркутск областындагы кыргыз диаспорасынын «Дружба « коомунун төрагасы Кубанычбек Анашев, обл. диаспоранын пресс-кызматынын жетекчиси, Алтын Калем сыйлыгынын ээси Амирбек Муратовдорго арналмакчы. Үчөөбүз кеңешип «Россиядагы Кыргызстандыктардын 1-Конгрессине» куру кол барбай( Москва, 2006-ж., декабрь) Забайкалье, Сибирь тараптагы эле эмес, жалпы бүтүндөй Россиядагы биздин кыргыз мигранттарын ынтымакка, биримдикке чакырган бир чыгарма менен баралы дедик эле...

## Байкал барактары

*(Мигрант кайрык )*

Байыркы бабаң жүргөн жер,
Баатырдык өмүр сүргөн жер.
Түптөгөн кыргыз жүргөн жер,
Түндүгүн түрөө сүргөн жер.
Орхон-Суу, Миң-Суу, Алтайда
Очогу өчпөй күйгөн жер.

Түпкүлүк бабаң жүргөн жер,
Түтүнүн булап түргөн жер.
Кереге боосун бууган жер,
Керемет өлкө курган жер.
Байкасаң ошо бир кезең,
Балбал таш болуп күйгөн жер.

Кашыктай каны аккан жер,
Каканчын-манжу чапкан жер.
Ынтымак курап кастарлап,
Ырысын көлдөй тапкан жер.
Күйүттүү күндөр калган жер,
Күңгүрөп күүсүн чалган жер.

Торгойдой Током келген жер,
Гозокту тоодой көргөн жер.
Колодон комуз чапкан жер,
Коңгуроо добуш каккан жер.
Харитон, Сергей – орустан,
Канча бир досту тапкан жер.

Ал кезең эле сүргүн жер,
Ал эми азыр күлгүн жер.
Алтымыш кыргыз батпаган,
Атаңдын гөрү бүлгүн жер.
Азамат-эрлер жергемден,
Абысын-ажы келген жер.
Айдалып келбей Токомчо,
Акчаны, пулду бөлгөн жер.
Модадан мода көргөн жер,
Соодадан соода өнгөн жер.

Ар жагын уксаң абаң дейт:
Айла жок ачуу салам кеп –
Алтайдан алыс барам деп
Акча-пул далай табам деп,
Айылда калган ачкарын
Ата-энем, бүлөөм багам деп,
Ак нике кыйып, баш кошкон
Аялга алган жагам деп,
Ак таңдан туруп кулча иштеп
Аракка чачып тапканын,
Гастербайтер болбостон
МАСТЕР баатыр болбостон
«МАС баш баатыр» болгон көп.

Тал –терек өскөн айыл көп,
Татына өскөн кайың көп.
Ар жагын айтам кыйытпай,
Аялзатынын жайын көп.
Кечээ эле келип айылдан,
Кейиштүү ишке «сайылган».
Алыста жүрүп «малыш» таап,
Абортун кылган айым көп.
Атаңдын гөрү дүнүйө бу,
Айтылбай турган айың кеп.

Оң болгун, мейли Сол болгун,
Ош болгун, мейли Тоң болгун.
Тентегиң мейли кечирем,
Тетири болбой оң болгун.

Жараткан берген оң колду,
Жана берген сол колду.

Ошо, колдоруң карап толгонгун –
Ой-тоону койгон омкоруп
Орошон күчүн көрөсүң ошондо,
Оң колуң менен сол колдун,
Бириксең ошо колдордой
Билип кой ошо оңгонуң.

Кай бириң келдиң «Эренден»,
Кай бириң келип «Тереңден».
Ич ара ирип тирешсең,
«Исхинхед» эмес «илибой»
Ит деле кабат төбөңдөн.
Оң болгун, мейли Сол болгун,
Ошондо сени көрөм мен.

ТҮНДҮГҮМ түрүп кулагың,
ТҮШТҮГҮМ уккун сураарым.
Түйшүктүү билем тирдигиң,
Айтылуу Ак Уул бабамдан.
Адигене, атам Тагайдан,
Алмустакта эле кесилген,
Акыйкат – бир го киндигиң.
Аталар ошо түптөгөн,
Ал айтчы, кайда бирдигиң.

Аркалык жана Ичкилик,
Араңда жанат итчилик.
Аялзатыңды тек койом,
Ары жок эркек көп көрдүм,
Ар кимге жүргөн ..........

Баландын ошо ары жок,
Баччабаз болуп жүргөнчө.
Абыдан жакшы болмок дейм,
Арт жагын алса тиктирип.
Атаңдын гөрү дүнүйө,
Ошонун баарын ойлосом,
Ойлосом кетем жипкирип.

Ошонун баарын ойлосом,
Оюма түшөт эрендер,
Оюма түшөт берендер.
Бириси кеткен Эренге,
Бириси кеткен Тереңге.
Кан Кошой жана канча бир,
Карт Бакай сымал кеменгер.
Тартылса көзгө чоролор,
Тар боло түшөт кенен жер.
Тарыхтан айтсам таржымал,
Тажатып ийди дебеңдер.

А дүйнө салчу сайганы,
Алмамбет, Чубак кайда бу?
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Манастай балаң кайда бу?
Жергемде алар көрүнбөйт,
Же такыр тажап жерден бу,
Же тиги жарты Айдабы?

Эне САЙ, Кызыл Жарда бу
Эстечи, изи калганбы?
Кытайга жаткан кылкылдап,

Кылычтын мизин жанган ким?
Камкорун көргөн Манастын,
Каныкей энем кайда бу?
Аккандын кызы кадимки,
Айчүрөк энем кайда бу?
Кымбаттуу кыргыз элиме,
Кыз Сайкал эжем кайда бу?
Жаа тартса жаңылбаган түк,
ЖАҢЫЛДАЙ кызың кайда бу?

Улантсам ары термени,
Угуп тур кыргыз эрлери!
Ар-намыс деген бар болсо,
Абаңа жакын кел бери.
Карачы кыргыз калпагын,
Кай элдин башы тең деги?
Биримдик болсо арaңда,
Билип кой ошо жеңгениң.
Карасаң боло кандашым,
Кагышпай өсөт турбайбы,
Карагай деле чердеги.
Катыгүн-аа, катыгүн,
Калпакчан эмес, а түгүл,
Беймарал өсөт тубайбы,
Беш ыргай деле белдеги.
Аяктап барат казалым –
Мен эми, ар жагын эми жазамын –
Ынтымак барда ырыс бар,
Мен ойлоп тапкан кеп эмес,
Бу илгерки накыл элдеги…

## Кыргыздар

Кыргыз деген бир эл бар атка минген,
Океандай Манасты жатка билген.
Каада-салтын калпыган көк Теңирден,
Канжыгага карт тарых бөктөрүнгөн.

Кыргыз деген бир эл бар алакандай,
Кырган сайын көбөйгөн кара таандай.
Алакандай ал элге аздык кылат,
Асмандагы жылдызды санасаң да -ай.

Кыргыз деген бир эл бар алабарман,
Кыйшык кылып кыйла ишти чала кылган.
Кыргыз тили жок болуп баратса да,
Кылы дагы кыйшайбай кала берген.

Барга дагы, жокко да кайыл болгон,
Баш кошушса беш-алтоо айыл конгон.
Бакай, Манас бабасы бүт дүйнөгө,
Баатырдыгы жагынан дайын болгон.

Кыргыз деген бир эл бар ак таңдайлуу,
Кызыл тили көөнөрбөс жаткан байлык.
Бар байлыгы жоголсо баары бир тең,
Бар намысы жоголсо – баткан кайгы.

Кыргыз деген бөлөкчө бөлөк элден,
Кыяматың келсе да кенебеген.
Кымыз, этке тойгондо кайран Кыкең,
Кырдан туруп жылдызды келе деген.

Болгон эмес бул элде кулпу деген,
Кулпу болгон боз үйгө тулку дене.
Көк-Теңирге тапшырган бары-жогун,
Көчүп-конуп жүргөндө журту менен.

Кыргыз ким? – деп сураба, сурабагын,
Кыргыз деген соолубас булак анык!
Кыргыз ким? – деп сурасаң бурадарым.
Чыңгыз хан да тирилип көр ичинен,
Кыргызмын! – деп кыйкырат тура калып.

## Бабалардын Байкөл көл тараптары

Бабалардын Байкөл көл тараптагы,
Байыркы бир ачылып барактары.
Качанкы өткөн кыргыздын каны жүрүп,
Качанкы өткөн кыргыздай кагат тамыр.

Качанкы өткөн кыргызым байырлаган,
Карт тарыхы кан жуткан дайын маган.
Каңгай, Алтай, этеги Эне-Сайда,
Калбагандай туулары сайылбаган.

Кыйырына көз жетпес Тайга жалаң,
Кыргызымдын колундай айгайлаган,
Аң-таң калам Ааламдай анча жерден,
Алакандай ал элге жай калбаган.

Жан кашайып көздөн жаш төккөн менен,
Жактырамын элимдин көчмөндүгүн.
Акыр жүрүп атанын мекенин таап,
Ала-Тоодон күйгүзгөн өчкөн күнүн!..

**Бектургандын беш ыргай**

Үзүк ойлор –
Жүзү – ондой.
… … …
Кылымды кылым дебейт жүзү болбой,
Кылычты кылыч дебейт мизи болбой.
… … …
Кеп билбеген балдар,
Кепка кийген чалдар көбөйдү.
… … …
Белгилүү баарыбызга түбү терең,
Бешинчи океан бар сүйүү деген.
… … …
«…мен деле, мен деле…- деген кыргыздан
Менделеев чыкпайт эч деле…
Отелло
Жүз аарчылар жоголгон жерде,
Жүзү каралар сөзсүз табылат.
… … …
Жашоо – жаШОУ
… … …
«Ленин атабыз, Ленин атабыз…» – деп келдик эле,
Эми: «Ленинди атабыз, Ленинди атабыз!» – дей баштадык.
… … …
Бапке көтөргөндөр
Тяпке көтөрөөр кез келди.
… … …

Мыскыл болбой,
Мыскал болсо ырчылар
… … …
9-май
Кайгы-капа кайып болуп
Калпактар салют болуп.
… … …
8-март
Ай дайым Жерди айланса,
Жер бүгүн Айды айланат.
… … …
14-февраль
Бул «сүйүү» күнү эмес…
Бул «күйүү» күнү…тозокто,
Муну эске түйүү абзел.
… … …
2009-Уй жылы
Тезегиңди терээр
Кезегиң келди,
Андыктан,
Салам сага, Уй жылы!
Уй жылында болсун үй жылуу!
… … …
Токтогул суу сактагычы.
Жарыгын өчүргөнүңдү
Тарыхың өчүрбөйт да, кечирбейт.
… … …
Киндиги көрүнгөн
Тирдигиң дурайын…! – десе!
… … …

Желартисттер
«Эл артисти» боло баштады.
… … …
Штангисттер азайып
«Ыштангисттер» көбөйдү,
Каныбектер азайып (Осмоналиев),
Жаныбектер көбөйдү (Жанызак, «Каттама»).

## ГҮЛЧЕХРА УУЧИЕВА



*1985-жылдын 29-сентябрында Ош областынын Ноокат районуна караштуу Жийде айылында туулган. Билими жогору. Кызыл-Кыя Гуманитардык Педагогикалык Институтун бүтүргөн. «Москва кайрыктары» адабий клубуна 2015-жылы мүчөлүккө кабыл алынган. Алгачкы «Каниет» аттуу ыр жыйнак китеби жарык көрдү. Учурда Москва шаарында жашап, эмгектенет.*

### Жамгыр ыры

Жамгырда жайбаракат баскан жагат,
Жан-дүйнөм мындан абдан рахат алат.
Жыргал ээ, тамчылары шорголоктоп,
Жаап турса бүт денеңди кытыгылап.

Жуулушуп жер бети да тазаланат,
Жагымдуу сезимдерди таратышат.
Жүрсөң ээ, көл-шал болуп ушундайда,
Жөн гана жамгыр ырын ичтен ырдап.

Жактыргандар жамгырды кыялкечтер,
Жомоктордо көп жашап келишкендер.
Жазсаң ээ, калем-кагаз түгөнбөсө,
Жуурулуп табияттын көркөмүнө.
Жаралдымбы жашоого жамгыр күнү,
Жакшы көрөм, билбеймин себебини.

## Тирүүлүк

Эртеңкини күтүүдөн өтөт күндөр,
Бат эле кечээ болду көп эртеңдер.
Үмүт шамы үлпүлдөп өчпөйт тура,
Өтсө дагы алмашып көп мезгилдер.

Кыялдардын кемесин минип алып,
Адам деген алдыга багыт алат.
Тилек, максат, жакшылык жанга шерик,
Келечекке умтулуп сапар тартат.

Бүгүн соккон жүрөктөр сокпой эртең,
Мезгил менен күн келип кош айтышат.
Төрөлүшүп дүйнөгө ымыркайлар,
Кеткендердин катарын толукташат.

## Өлкөбүздүн алтын күзүн сагындым

Өзгө журттун күзү мага жат болуп,
Келип турат мына азыр ыйлагым.
Жерде жаткан жалбырагын айылдын,
Колго кармап келет эңсеп жыттагым.

Жаап жаткан жамгыры да окшобой,
Чоочун өңдүү моюнумдан куюлат.
Алыстагы Ала-Тоону, андагы,
Күздү эңсеп, жүрөк күндө буулугат.

Түшүм жыйнап жаткан дыйкан жанына,
Жардамдашып мекенге баргым келди.
Ар бир ташын, ар бир чөбүн аздектеп,
«Ыйыксыңар» деп анан айткым келди.

Басып жүрүп чет өлкөнүн жолдорун,
Кусалыкка абдан эле малындым,
Таба албай андагыдай мээримди,
Өлкөбүздүн алтын күзүн сагындым.
Бүгүн дагы кетким келип айылга,
Көңүл дегдеп, өздүк күзүм сагындым.

## Кыргызыма

Аман болчу, айланайын кыргызым,
Көктө жансын өчпөй сенин жылдызың.
Улуулугуң, сулуулугуң даңктасын,
Келечекке күйгөн сенин уул-кызың.

Бөлөк элде, бөтөн жерде чачылып,
Тарап кеттик, агын суудай агылып.
Ырыскыны ар кай жерден терип жеп,
Жашоо өтөт туулган жерди сагынып.

Кайда болбо кыргыздыгың унутпа,
Бир туугандар эч калбасын унутта.

Эне тилиң болсун дайым жүрөктө,
Башка тилде жанды багып жүрсөң да.

Жаратканым жамандыктан сактасын,
Бөөдө кырсык эшигибиз какпасын.
Жолду карап күткөн ата-ненин,
Ар бир бала ак сүтүнү актасын.

## Ыйлады бүгүн асман

Ыйымды коштогон асман
Ыйласам мени коштоп,
Ыйлады бүгүн асман.
Жамгырын төгүп салды,
Жуулсун ичтеги арман.
Көз жашым түшүп жаткан,
Бекитет күзгү нөшөр.
Шамалы чачтан сылап,
Жаш баскан беттен өбөр.
Ыйлаган дагы жакшы,
Тазартып жүрөктөрдү.
Муз болуп катып калган,
Жибитип көңүлдөрдү.
Ыйласам мени коштоп,
Ыйлады бүгүн асман.

## ГҮЛЖАН ЖАНТӨРӨЕВА



*1979-жылы 28-мартта Жалал-Абад областында төрөлгөн. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү, поэзия кечелеринин мыкты алып баруучусу.*

### Аталарга даңк

1941- жылдары согуш болуп,
Калың элдин башына кайгы толуп.
Кайран эл каатчылык күнүн көрүп,
Кайгырып жүрөктөрү муңга толуп.
Эл уулу жүрөктөрү таштан бекем,
Качырып душмандарды салды элден.
Канкорлор максатына жете алышпай,
Кыргыздын кайтышты Мекенинен.
Канчалаган азаптуу күндөр өттү,
Канчалаган энелер көз жаш төктү.

Айрылып жубайынан кыз кишилер,
Наристе аталабай жетим өстү.
Жеңишти жергебизге алып келген,
Жашасын аталарым аман-эсен.
Даңк сиздерге даанышман ага, аталар.
Элиме түбөлүктүү тынчтык берген.

## Апама

Апам менин үйүмдөгү шам чырак,
Жарык чачып жылуулукту тартуулап.
Бул өмүрүм канча узак болсо да,
Апам барда жашоом жарык, таттуурак.
Түйшүгү чоң эмгегиңди баалаймын,
Канткенде мен ак сүтүңдү актаймын?
Алтын шуру ак маржандан таксам да,
Мээнетиңе теңдеш нерсе таппаймын.
Алтын апам караанындан кагылам,
Өмүр тилеп Жаратkандан жалынам.
Сыйын көрүп ак төрүндө олтуруп,
Чай ичиңиз балдарыңдын баарынан.

## Өмүр

Өмүр канча, өлчөп аны билбейбиз,
Өмүрдөн биз көп нерсени издейбиз.
Аттиң дүйнө, ар пенденин бактына,
Кандай тагдыр жазылганын билбейбиз.
Турмуш татаал, турмуш чөлүн бастырат,
Кээде таттуу ширин балын таттырат.
Кыска өмүрдө кыйноо салып башыңа,

Көр турмуштан кээде безе качтырат.
Улгайгыча узун жолду басабыз,
Умтулабыз, алга карай шашабыз.
Карылыкта ыйбаа бергин Жараткан,
Билбейм кандай канча өмүр жашайбыз...

## Мен аялмын

Мен аялмын, аты улуу затка кирген,
Жаштыкта жан дүйнөсү азап чеккен.
Мен аялмын, жашоодо жашай берем,
Жашоодо жакшы күндү самап келгем.
Мен аялмын пейли кенен дили таза,
Боорукер кимди болсо кылбай капа.
Келатам өмүр сүрүп бул жашоодо,
Армандуу жүрөк сырын ичке ката.
Мен аялмын, арзуу тилек максат кылган,
Ай чырайлуу ак жүзүмдүн нуру жанган.
А бирок тагдырымдын тайкысынан,
Чыга албай түрлүү санаа тузагынан.
Мен аялмын, эне деген аты ыйык,
Ак мээнет адал эмгек нанын тапкан.
Жашаймын келечектен үмүт кылып,
Жакшы тилек сурап келем Жараткандан.

## Жаз

Көңүл сергийт көктөм жыты келгенде,
Кызга жигит кызгалдагын бергенде.
Жаштык сезим жазда жанат алоолоп,
Эмне жетсин жаздын гүлүн тергенге.

Жаз күнүндө жаайт жамгыр себелеп,
Жүрөктөрдө сүйүү жиби эркелеп.
Жазат акын сүйүү жана махабат,
Жаз айынан алып күчтүү керемет.
Булбул куштар жаз багында сайраган,
Обон созсо адам угуп таң калган.
Жазда бакыт, сүйүү ырын ырдайлы,
Жүзүң күлсүн жаз күнүндөй жаркыган.

# ГҮЛСИЯ АШИРАЛИЕВА



*1958-жылы 16-апрелде Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Кызыл-Тоо айылында туулган. 1975–1980-жылдары Фрунзе шаарындагы Кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика-математика факультетин аяктап, өзү билим алып чыккан «Кызыл-Тоо» орто мектебинде физик, математик болуп эмгектенип, көптөгөн окуучуларга татыктуу билим берген. Учурда ардактуу эс алууда. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Азыркы учурда Тверь шаарында жашайт.*

## Москва

Мен келгенде бүгүнкүдөй бүркөк эле кабагың,
Неге үшкүрдүң онтогонсуп, оор беле абалың.
А шамалың беттен чымчып, ачуу суук аймалап,
Балким сенин ошол го, ээ мага берген саламың...
...Бүгүн мына, таң эртеден кара туман теребел,
Үзүл-кезил кар бүртүгү тегерене термелээр,

Бирде учуп батыш жактан, тизмектелип катарга,
Кайра туруп, каалгып барып, терееземе термелээр...
Күндөн күнгө, амал канча, көнүп барам өзүңө,
Москва сен, ичиң кенен, чоң бир жакшы үй-бүлө.
Койнуң ачып батырасың ар кыл элдин баарысын,
Келе бер! – деп, тосуп алып, башын жөлөп төшүңө.
Көп ичинде мен да жүрөм, бар экеним байкалбай,
Арман толо болгон менен, аны эч кимге айталбай.
Жактырсаң да, жактырбасаң, эми кайра кетпеймин,
Жаза берип, муң зарымды, акын болом ак таңдай!

## Замандын көчмөндөрү

Жаш болуп жаштай жүралбай,
Жаштыктын доорун сүралбай.
Жандарын үрөп иштешет,
Жаркылдап кенен күлалбай.
Заманың ушул курусун,
Зар кылдың, жашын-улуусун.
Зыгырдан майды эзгендей,
Кор кылдың, кыздын сулуусун.
Өз жерин таштап алыста,
Өзгөчө чыдап намыска.
Өспүрүм кезден чыйралып,
Өр тартып келет жарышта.
Уландар жүрөт тирелген,
Уузу кымбат, бир элден.
Урматта Кыргыз элинди,
Ушуну күтөм силерден.
Кыздарын кара кымча бел,
Кыйырга кетти, таштап эл.

Кай жерде болбо, каралдым,
Касиетин элдин сактай гөр!
Замандын болдуң көчмөнү,
Абийрин элдин сактай гөр!!!

## Жалгыз дарак

Бар эле токой чети, жалгыз дарак,
Бүгүн мен дагы көрдүм, жайдын күнү.
Ыргаса шамал айдап, сыдырым жел,
Бир гана ал дарактын түштү бүрү.
Суукта, ысыкта да өзүң жалгыз,
Канча жыл сен туруштук бердиң экен.
Бутагың куураптыр ээ, теңинен көп,
Аны да шамал кайрып кетти бекен...
Түбүңө эч ким келип корголобойт,
Бак эмес, жалгыз дарак аа койчу, деп.
Көрүндүң былтыркыдан быйыл кыйла,
Калгандай жалгыздыктан бир топ жүдөп.
Тосмолоп тегерегиң кашаа менен,
Жаныңа көп-көп дарак тикким келди.
Бапырап бакча кылып коём, бир күн,
Чогултуп, чанып жүргөн ошол элди.
Сайрандап, торгой сайрап шактарында
Сен дагы керилип бир, жазгын черди!

## Аялзаты ыйык

Аалам сулуу, аял сулуу баарынан,
Аял сактайт алаамат күн каарынан.
Ал анткени, аалам сыйган ичине,
Аял – эне! Кут береке даарыган.

Аял назик, гүл сыяктуу көңүлү,
Аял камкор, баарын турат күтүнүп.
Арта салып ат көтөргүс зор жүктү,
Аял деген баркын койбо түшүрүп.
Аял таза, сүттөй аппак тилеги,
Аял – апа, сен деп соккон жүрөгү.
Акыл-эстүү адам жашап турганда,
«Аялзатын» ыйык тутуп жүрөлү!

## Эне тилеги

Бактым менин балапаным бар болгун,
Өзүң менен жашоом болсун ырахат.
Атаң менен апакеңдин бактыңа,
Сени берген Кудайыма ырахмат!
Зарлап тапкан асыл кызым, ардагым,
Сага ишенем, үмүтүмдү актаарың.
Өмүрүңө кошуп берсин, зор бакыт,
Өргө карай туура жолду тандагын.
Жашоо оор, кошо жүрөт жакшы менен жамандык,
Жандагандай жарык күндү караңгылык мунарык.
Оомал болот адамдар да, алды-артыңа карагын,
Зирек болгун кагылайын, али алыс барарың.
Келбесин го, бирок келсе бир башыңа жамандык,
Мүңкүрөп сен эч убакта барба душман алдына,
Андан көрө, өйдө карап, колго алып өзүңдү
Кайрат менен жеңе билгин, жан өткөрбөй алдыңа.
Жарк деп улам, келе берсин арты-артынан жакшылык,
Бирок кызым, бой көтөрбө тегиз болгун баарына.
Кол алдында кызмат кылган, же үй-бүлөң ичинде,
Жароокер бол, жакшынасың, мага наалат алдырба!

## ГҮЛЗАТ КУДАЙБЕРДИЕВА



*Баткен районунун Аксай айылында жарык дүйнөгө келген. 2008-жылы Баткен Мамлекеттик Университетинин орус тили филологиясын сырттан окуп бүтүргөн. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Сүрөтүңдү бир карап ыйлап алам

Таш болуп ортодогу мээрим муздап,
Ошол күн бөлүнгөн биз кетти узап.
Сүрөтүңдү бир карап ыйлап алам,
Тагдырга наалат айтып көзүм жаштап.
Сагынып көргүм келсе көздөрүңдү,
Уйкусуз кээде өткөрөм айлуу түндү.
Сүрөтүңдү бир карап ыйлап алам,
Соорото албай эсим кетет мен өзүмдү.
Бешенеге жазылганын тапсам дагы,
Мейли «ал» – деп жүрөгүм какса дагы.
Сүрөтүңдү бир карап ыйлап алам,

Жаракатка сүрөтүң болот дары.
Сагынычтан буулугуп калганымда,
Же тагдыр ар тараптан калчаса да.
Сүрөтүңдү бир карап ыйлап алам,
Өткөн күндү эске салып баштан кайра.
Чөмүлүп жашасам да бакытка мен,
Сенсиздикке көнүгүп араң келем.
Сүрөтүңдү бир карап ыйлап алам,
Жоготконсуп эгизин темселенем.

## Өзүмө өзүм жакпайм

«Күндө той, күндө ойноп жүрөт» – дебе,
Күйүтүм үчүн гана күлөм кээде.
Сага эмес айланама карап алып.
Өзүмө өзүм дагы жакпайм деле.
Илхамым келсе эгер көп сүйлөймүн,
Адатта жакшы элемин көп күлбөймүн.
« Жаман кыз» – деп ойлосоң билип алгын.
Мүнөзүмө өзүм дагы түшүнбөймүн.
Достордун тажатамын кээде баарын,
Качышат көрсө менин ал карааным.
Башкалар ары эле туруп турсун,
Өзүмдү өзүм деле жактырбаймын.
Сайттардан чыкпайт күн-түн такыр башым,
Берилем ойго түшөм, ыр жазамын.
Башкага салыштырып көрүп анан,
Өзүмдөн өзүм кээде уяламын.
Көчөдө адептүүмүн, үйдө чечен,
Жакшыны сүйө берем жүрөк кенен.
Сезимдерим барктабай талкалатып,
Өзүмдү өзүм жектеп, азап чегем.
Өзүмө өзүм дайым жакпай келем.

## Көрөсүң

Өтөт, өтөт, өтөт ушул күндөрүм,
Балким бардыр кийин менин көрөөрүм.
Имараттан имаратты курдуруп,
Мен да бир күн байып кетем көрөсүң.
Каптап калып телерадио берүүсүн,
Ырым окуп, сөз сүйлөймүн ошол күн.
Дүнүйөнүн кең бурчуна тараган,
Мен таанымал акын болом көрөсүң.
Тынбай кармап сыя, калем, барагым,
Улуулукка бир учкашып алаармын.
Ой түбүнөн сөздү казып чыгарган,
Акындыкка татыктуумун карагын.
Ишке ашып максат, ойум, үмүтүм,
Тагдыр насип этип калаар ошол күн.
Өкмөт менен кол алышып көрүшкөн,
Улуулардын бири болом көрөсүң.
Сабыр менен жеңип чыгып бүт баарын,
Акындыктын таткым келет кумарын.
Чыр эттирген чымыны бар дилиңди,
Боло турган шумдук кызмын карагын.
Коломтосун өчүрбөстөн бүлөмдүн,
Тек кетирбей өткөрөмүн мүнөтүм.
Балдарымды тарбиялуу чоңойткон,
Мен үлгүлүү айым болом көрөсүң.
Артта калып бүгүнкүдөй күндөрүм,
Келечектин даамын татып көрөөрмүн.
Катар-катар чыгармалар жараткан,
Мен буюрса акын болом көрөсүң.
Мен чыныгы акын болом көрөсүң.

## Сени көрүшүм керек

Алыска сапар алып кете электе,
Сүрөткө түшсөмбү дейм эстеликке.
Ал үчүн белгилеп бир убакытты,
Сени менен көрүшүшүм керек эле.
Токтотуп жасап жаткан жумушумду,
Жасанып чыксамбы же ошол жерге.
Билбедим кантип сага айта алам,
Сени менен жолугушум керек эле.
Байкатпай жанына мен барсамбы же,
Шерменде ай, уят анда бүтүн элге.
Мейличи тоскоолдуктар болсо болсун,
Сага мен кезигишим керек эле.
Уят болуп калсам дагы бүтүн элге,
Мен сени бир көрүшүм керек эле.

## Сыймыктанам ырга шыгым барынан

Ооба жатам, күндө үйдө чалкалап,
Жумушсуздук кесибимди аркалап.
Сүйлөгөнгө «жалкоосун» деп артымдан,
Айткым келди, «Сен да жазчы төрт ыр сап.»
«Бекер жебей жумушуңду тапкын» дейт,
Күндөп-түндөп бош мээмди жемелеп.
Колдон келсе мага окшоп сен дагы,
Жазып берчи жөн сөздөрдү иреттеп.
Балким ырым таап берер мага нан,
Жаза берем, токтотпоймун ач калсам.
Кудайымдын берген мага белеги,
Сыймыктанам поэзияга барыман.

## ГҮЛШАЙЫР МУРЗАБАЕВА



*1974-жылы Ош областына караштуу Ноокат районунда туулган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Күз да узап баратат!

Күз да, узап барат секин кылчайып,
Бак-дарактын жалбырагы саргайып.
Салкын шамал согуп турат бетиме,
Үшүк тартып, дене боюм сумсайып.
Жерге түшкөн жалбырактай керексиз,
Калбасам дейм бул жашоомдо түгөйсүз.
Жалбырактан жасап алып шөкүлө,
Кийип алып турам жалгыз бирөөсүз.
Жалбырактай мен да керек болоормун,
Жүрөк жылып сүйүү балын сороормун.

Жараткандан үмүт үзбөйм эч качан,
Ишенемин Бак Кушу келип коноорун

## Дале болсо, бала бойдонмун!

Орто жашка жетсе дагы курагым,
Токтонгонум али билбей турамын.
Жаш кезектей шоктонуп мен сайттарда,
Дале болсо, бала бойдон кыялым.
Сүйүү азабын тартпагандай жүрөгүм,
Сүйдүм дешсе, кыт-кыт этип күлөмүн.
Сайт аралап жүрүп күбө боломун,
Чын сүйүүсүн арнаганын бирөөнүн.
Калаар бекен, бала кыял мендеги,
Жаш өтсө да, шу кыялды жеңбеди.
Акыл менен аймалашып жүрөмүн,
40 болсо да, карыгым эч келбеди.

## Күчүм жетпейт

Сүйүп жүрүп бирибизди бирибиз,
Турмуш курдук душман бузуп алалгыс.
Түшүнбөдүк кимибизди кимибиз,
Капилеттен алыстады арабыз.
Тагдыр экен, бирге өмүр сүрө албадык,
Сүйүүбүздүн чын-төгүнүн биле албадык.
Пешенеге жазылганын көрөбүз деп,
Кол кармашып жетелешип жүрө албадык.
Жараткандын жазмышына башымды ийип,
Жашап келем өзүңсүз бул жашоодо.
Канча күнүм, канча түнүм өтсө да,
Күчүм жетпейт сени унутуп таштоого.

Өмүр чиркин өтө берет турбайбы,
Көз жаш төгүп, басса дагы муң-кайгы.
Аргасыздан шүгүр кылып жашаймын,
Жаштыгымда сезбептирмин мындайды.

## Жүрөгүм издейт сени

Өзүңдү элестетип көз алдыма,
Арадан канча мезгил өттү мына.
Сезимди билдире албай жүрөк байкуш,
Жалооруп карап турат көз кырында.
Өзүңсүң өткөн күндөр унутулуп,
Калаар дейм арт жагында тыйынчалык.
Сүйүүнүн күчтүүлүгүн билбептирмин,
Жүрөктү оорутаарын ушунчалык.
Шаңкылдап күлүп жүрүп билиндирбей,
Өзүңдү эл ичинен издеп келем.
Капыстан насип буйруп жолугушсак,
Ак сүйүүм бүтүн бойдон сага берем.

## Ар кыл саптар

Турмуштун бар, өңгүл-дөңгүл жолдору,
Өмүр өтөт, аткан октой жоргобу?
Бул замандын каардыгына баш ийбей,
Урмат менен күн өткөрсөк болбойбу?

* * *

Байлык, мансап колдун кири, адамзат,
Көңүл калуу, бул жүрөктө калат так.
Корс мамиле жасап, дос-жар, тууганга,
Алыстаган көбөйгөнсүп баратат.

* * *

Жаралган соң аз күнчөлүк өмүрдө,
Кир калтырбай өткөрөлү көңүлгө.
Жана дагы жарык маанай тартуулап,
Даары болуп жүрөлүчү өмүргө.

* * *

Жарды болуп дос, тууганга калбайлы,
Жалгыз калып, арман күүгө салбайлы.
Көралбастык жан дүйнөнү аралап,
Жок нерседен жамандыкка барбайлы.

* * *

Жарык күндү, көрүү өзү ырахат,
Жашайлычы, шүгүр кылып, адамзат.
Байлык, бийлик, баары калат жараксыз,
Бул жашоодон кетсек эгер биз узап.

* * *

Сагынып жүрбөй унуткун эми чүрөгүң,
Элестетпестен пейилим менен гүл өңүм.
Балдарың менен бактылуу өмүр сүргүнүң,
Периштең болуп оорутпайм сенин жүрөгүң.

## ГҮЛЗАДА АБСАТАРОВА



*1995-жылы Ош областынын, Ноокат районуна караштуу, Кулатов айыл өкмөтүндө мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Оштогу медициналык жогорку окуу жайында студент. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Жалган жашоо

Жашаганың чындыгында жашоо эмес,
Жашоону чагылдырган жалган элес.
Жашоодо ойлогонуң баары болсо,
Анда эч ким бул жашоону жалган дебес.
Жалган жашоо ошон үчүн ыйлайсың,
Жалган жашоо кээде унутуп жыргайсың.
Жалган жашоо сыноолордон түзүлгөн,
Айла жок, эх, көргөнүңө чыдайсың.
Жалган деп бул жашоого өкүнбө,
Бирок жашайт чындык дагы өкүмдө.
Эгер сен туура жолду тандасаң,
Иншаа Аллах, ордуң бейиш төрүндө.

## Ыйык таң

Таң атаарда терезеге башым коюп,
Олтурамын ойлорумду жыйнап коюп.
Ач көөдөнүм эмнегедир муктажбы дейм,
Уккум келди, азан үнүн тоюп-тоюп.
Периштелер жайнап түшөт бул таңда,
Олтурушат маңдайымда, артымда.
Аллахтын мээриминен кабар кылып,
Тилектерин беребиз дейт сураганга.
Тилегимди укту алар жанымда,
«Аллах аны тартуу кылат таарынба»
Айтып сөзүн учту бирден чубалып,
Ыйык болгон арапанын таңында.
Бүгүн таң жылдызы жок атыптыр,
Жылдыздарды түн тереңге катыптыр.
Балким алар периштеге айланышып,
Эл тилегин аткарууга шашкандыр.

## Жаштык доору

Мен жашмын, жаштыгымды сезбеймин,
Жасанып атыр-упа сеппеймин.
Кийим тандап, мода кууп элге окшоп
Дискотека, клубдарга кетпеймин.
Мен жашмын, жаштыгымды сезбеймин.
Бар кийимди [illegible]яп кийип эптеймин.
Акчам болуп жаңы нерсе алып калсам,
Эскилерин ары таштап, теппеймин.
Мен жашмын, жаштыгымды сезбеймин.
Суктанып сулуулукту эңсеймин.

Болсом дейм, төп келишкен кыздардай,
Билбейм бирок аларга эч жетпеймин.
Неге мен жаштыгымды сезбеймин!
Жаштык доордун жакшы жагын эстейин.
Жооштуктан башым чыкпай жүрө берип,
Билимсиз бир күн карып кетпейин.

## Акынга

Акын деген ойго баткан сырдуу адам,
Ар бир жерде ойлоп, анан шилтейт кадам.
Анткени ал, кызык нерсе байкаса,
Ошол замат ойлойт – «Кандай ырды жазсам?»
Ырда болот ички сырдын маңызы,
Саптардан кайра чыгат жаңысы.
Ички сырды куюлуштуруп жаза берүү,
Жазуучунун эң негизги азыгы.

## Сойкуга

Караңгы түн, басып кеттиң сейилдеп,
Жолдон чыкты, бир топ балдар сени издеп.
Ойлободуң алардын арам оюн,
Кете бердиң, аалам мага тегиз деп.
Сөз атышты балдар сага суктана,
Кыйынсынып карабадың кылчая.
Анткен сайын арам ойлор от болуп,
Жакындашты күйгөн көздөр жылмая.
Сенде бар сулуулуктун шербети,
Сени көрүп суусап баары тердешти.
Сенин демиң аларга ысык берип,

Сылык сүйлөп бери-бери кел дешти.
Сен ээридиң жылуу сөзгө алдана,
Жактыбы дейм, сага дагы ал бала.
Жакын барып өзүң ага жармаштың,
Оюң кетти алыскы бир талаага!
Шашпа гүлүм, али жашсың, бүчүрсүң,
Ачылбаган он гүлүңдөн бир гүлүң.
Кеч болуп кала электе ойлонбосоң,
Жабык бойдон калат сенин бактың бүгүн.
Сен ойлодуң бул күндөрдү бакыт деп,
Түшүндүң сен, булар мага ашык деп.
Убактылуу эркелеткен сөздөрү,
Акырында болуп чыкты куру кеп.
Болду, өттү өкүнгөндөн пайда жок,
Өзүң буздуң, башкаларга кылба док.
Гүл бактыңды кайра түзөй албайсың,
Бул күн сага болду таамай тийген ок!

## ГҮЛИЗА АБДУМИТАЛИПОВА



*1991-жылы 29-сентябрда, Ош областына караштуу, Кара-Кулжа районунун Чалма айылында туулган. Эл аралык транснационалдык компаниясынын 6 жылдыздуу дистрибьютору. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Ата-энем

Аска-зоодой бийиктигим, ата-энем,
Көлдөй терең тунуктугум, ата-энем.
Кирпик какпай көз ирмебей карашып,
Алмак-салмак ак бешигим терметкен.
Кутман таңым жарык нурум, ата-энем,
Кумар жытым сагынычым, ата-энем.
Ыйлаганда жашым аарчып сооротткон,
Силердей ыйык бул ааламда бар бекен?
Осуятым бүтпөс дастан, ата-энем,
Ырларымсың, сырларымсың ата-энем.
Жаратканым Аллах-Таалам колдосун,
Бир мен үчүн кадырыңар Айга тең...

## Москва кайрыктары

Турмуш чиркин туш тарапка таратып,
Талыкпастан мээнет кыл деп айдаган.
Сапар алып узак гана жол тартып,
Келдик мына Москвага кайрадан.
Күндө эртелеп жумушка деп шашылып,
Дем алуусуз иштейбиз го кайгырып.
Күндөр өтөт, айлар өтөт билинбей,
Календардын барагынан айрылып.
Кээде келип жүрөк сырлар ачылып,
Токтобостон ак баракка жазылып.
Жан дүйнөнүн ырлары жок жай албай,
Кээде калат каалоолорум катылып.
Тартып бизди жакшы жакка чакырып,
Жакшылардын изин басып шашылып.
Жаңы гана там-туң баскан баладай,
Биз катыштык бул сынакка камынып.
Куттуу болсун беш жашың «Москва кайрыктар»,
Өрдү көздөй сыза бер, «Москва кайрыктар».
Дагы да болсо көбөйүшсүн калемдештер,
Ыр бар жерде, шоолаланган жарык бар...

## Турмуш араба

Турмуш деги туткунуңа салбачы,
Байлап эми арабаңа албачы.
Кыйнап деги канча жанды ыйлатып,
Жалын болуп тутандырык кылбачы.
Айда турмуш арабаңды, айдачы,
Кайгы-муңдун торуна мени салбачы.

Өйдө, ылдый дөңсөө болгон жолдордон,
Сен чалынып артта калып калбачы.
Басчы турмуш, сен батыраак алдыга,
Кайыл болчу азаптардын баарына.
Жамгыр жааса нөшөрлөнтүп, себелеп,
Батып калба белчеден көлчүк, сазына.
Турмуш эми туш тараптан муштаган,
Турмуш өзү ар тараптан уучтаган.
Көрүп туруп көр тирүүлүк күнүңдү,
Турмуш деги туш тараптан сынаган.

## Алтын эжем

Бир тууганым, таянаарым, өбөгүм,
Телегейиң болсун дайым тегиз аа.
Мээрим төгүп, эркелетип чоңойткон,
Алтын менин бир тууганым Элиза.
Кымбатымсың, жалгызымсың эжекем,
Сырдашымсың, сырларымсың эжекем.
Бир тууган деп күйүп-бышкан дайыма,
Эмгегиңиз аскар тоого тең экен.
Бакыт консун башыңызга эжекем,
Эң сүйүктүү эне болгун эжекем.
Базар болуп, үй-бүлөөңүз бакылдап,
Балдарыңыз чуркап жүрсүнберекем.
Жалгыз эжем Жараткандын белеги,
Желпилдесин апакемдин желеги.
Биз барганда кучак жайып сүйүнгөн,
Апакеме арка-бел болуп жүрөлү.

## Мекендештер

Амансыңбы мекендешим, барсыңбы,
Жүрөсүңбү кыйналбастан дайыма.
Бөтөн элде, бөтөн жерде адашпай,
Туура жолдун изин таап кайгырбай.
Оо Москва, кучакты кең жайгының,
Мекендешим кыйналбасын дамамат.
Эмгегинен баар таап ушул өмүрдө,
Мекендешим бийик учсун сабалап.
Салам жолдоп Кыргызстандан силерге,
Күндө тилеп аманчылык элиме.
Ийгиликти, сыймыктарды артынып,
Мекендешим, аман келгин жериңе!..

# ДИНАРА САДИРБЕК КЫЗЫ



*1994-жылы, 14-майда, Жалал-Абад областынын Ноокен районунда, Кочкор-Ата шаарында төрөлгөн. Учурда Москва шаарында тарбиячы болуп эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Жигиттер

Эх, жигиттер, жылмайып күлөсүңөр,
Шок кыздарды көз кырында сүйөсүңөр.
Жаздагы жадыраган жоогазындай
Канчалаган кыздарды сүйөсүңөр.
Жигиттер жылдыздардай бирди сүйөт,
Сүйүүсү үчүн, алоолонуп отко күйөт.
Кыздардын кылыгынан кубат алып,
Сүйүүсүн жүрөгүнө сактап жүрөт.
Жигиттер ак сүйүүнү арнайсыңар,
Булуттай сулуу кызды жандайсыңар.
Кыялкеч ойлор арнап жүрөктөрдөн.
Сынап-сынап кыздарды тандайсыңар.

## Жүрөгүм ушунчалык алсыз экен

Сен билсең сезимимди козгогон,
Күнбү-түнбү, сени гана ойлогом.
Кыялымда жалгыз өзүң жашайсың,
Кимде гана сүйүү деми болбогон.
Жалгызым, кимге айтам арманымды?
Жүрөктү сен ээлеп алганыңды.
Жөн эле мамиледе болуп жүрүп,
Сезбедим, сүйүп сени калганымды.
Жалгыздыкта сырдашам түн менен,
Кыялдарым алып учат жел менен.
Уктасам да санаа толгон жүрөк менен,
Таңды тосом жаркыраган жүз менен.
Жашаймын арман толо жүрөк менен,
Жабыркап жалгыздыкта жашап келем.
Жалгыздык азабын жеңейин десем,
Жүрөгүм ушунчалык алсыз экен.

## Мекеним

Алтындай болгон мекеним,
Ардактаймын сүйөмүн.
Сени ардактап коргобосом,
Эмне үчүн жүрөмүн!
Киндик каным тамган жерим,
Тунук суулар аккан жерим.
Тоо-таштары аркайган,
Кыргызстан менин мекеним!
Гүлдөрү тоонун жайнаган,
Эң бир кооз айланам.
Таңдарда тоскон күндөрдү,
Мекеним сага байланам...

## Мугалим

Тарбиямдын ачкычы сен мугалим,
Таалайымдын бактысы сен мугалим.
Ата-Энемдей мага мээрим төккөнүң,
Алпештеген, көңүл бөлгөн мугалим.
Сыйлайм сени, өмүр бою баалаймын!
Бүт дилимден жылуулукту арнаймын.
Жетсем дагы бир күн аппак булутка,
Башты таазим кылам сизге, сыйлаймын!

## Кыргыз тилин сыйлайлы

Кыргыз тилин, урматтайлы сыйлайлы,
Кыргыз тилин башка тилге бурбайлы.
Кыргыз тили ак сүтүңдөн жаралган,
Кыргыз тилге кан-жаныңды арнайлы.
Менин тилим улуу тоону аралап,
Менин тилим жүрөгүмдү жаралап.
Кылымдардан душмандарга баш ийбей,
Булуттарда бийик учат сабалап!
Мекендеги тилди угуп капаланам,!
Камгактай сереленип учуп анан.
Кайгырсам, капалансам чөгүп кетем,
Тил уксам жылдыздардай учуп-жанам.

## Жаш чагым

Барсам келбейм, азыр алыс жактамын,
Куса болуп ар күн эстеп сагынамын.
Кең айылда абдан сонун өткөн экен,

Ойлоп көрсөм, эң татына бала чагым.
Эске түштү бүгүн абдан жаш чагым,
Бул ырымды ошол кезге арнадым!
Канча ойноп, шаң менен жүрсөм да,
Ал күндөргө койгум келди сапарым.
Ойноп кумга топуракка буланып,
Көлмө сууга биз чөмүнүп кубанып.
Бирок байкуш бүт баарына чыдаган,
Алтын Апам жүргөн экен кыйналып!

# ДАМИР АБСАТАРОВ



*1989-жылы 31-июлда, Ош областынын Ноокат районуна караштуу, Т. Кулатов айылында туулган. 2012-жылы Бишкектеги Т.Садыков атындагы академиянын «Дизайнер-сүрөтчү-жасалгалоочу» кесибин аяктаган. Учурда Москвада эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү жана техникалык редактору.*

## Апа, сени жаш балача сагындым

Күндө көргөн, караанынан айылдын,
Кучагынан бүгүн бир аз алысмын.
Баарына маалым, ооба турмуш ал,
Бирок кантпе, бир арзууга багындым,
Апа, сени жаш балача сагындым!
Бейиш сымал, берекесин айылдын,
Баамдабай, таштап жатта кайгырдым.
Түшүнөм, макул эми турмуш ал,
Бирок баары бир, бир элеске агылдым,
Апа, сени жаш балача сагындым!

Карыясы, ырысы бар айылдын,
Тынчынан, бүгүн ыраак жалгызмын.
Бул күн да, өтөөр, кетээр турмуш ал,
Бирок дайым жөнөп, кайра басылдым.
Апа, сени жаш балача сагындым!
Бейкапар жүрө берээр айылдын,
Берметин бүгүн көрбөй таарындым.
Баарысы убактылуу, турмуш ал,
Бирок бир, жылуу жүзгө кагылдым,
Апа, сени жаш балача сагындым!
Жеримен, тамган киндик канымдын,
Жер энем, бүгүн сенден алысмын.
Ар кимде түрдүү сыноо, турмуш ал,
Бирок соолуп, көптөн бири шагымдын,
Апа, сени жаш балача сагындым!

## Мигранттын күндөлүгү

Күнүгө көрөм көчөдө түрүн мигранттын,
Кылганы бар, ылгабай баарын кызматтын.
Акча деп жүргөн ушунча элдин ичинде,
Ырыскы издеп жүрөмүн, мен да мигрантмын!
Ар таңдан туруп барганы бир жол мигранттын,
Кечке чейин иштеп, көңүлүн алат бир баштын.
Түгөнбөс ошол, көк кагаз үчүн өмүрүн,
Арнаган элдер ичинде, мен да мигрантмын!
Дайыма супсак, күндөрү окшош мигранттын,
Тилекке каршы көрбөдүк балын бул жаштын.
А бирок дайым, бир үмүт менен жүрөмүн,
Кудайдан күтөм, бүгүнчө ишмер мигрантмын!
Бөтөндөн гана жарыйбы күнү мигранттын?

Жыргатып кээде Россия көптү ыйлаттың.
Элимдин эмес, урматтап башканын салтын,
Кыйратып иштеп, жеринде жүрөм мигрантмын!
Жер кезип ойноп, татышып жашоонун кантын,
Жүргөндөргө таңыркап кээде сук арттым.
Спортчу, ырчы, турист да болсом жарашмак,
А бирок азыр турист эмес, мигрантмын!..

## Москва

Москвада, эрте менен жонум катып,
Жаак калчылдап, тиштер бирин-бири жанчып.
Поезд күтүп, вокзалдамын ишке шашып,
Сырттан күлүп, ичим күйүп, курсак ачып.

Радиоузель кулагыма үнүн басып,
Бир саатта поезд келет деди какшып.
Адамдар, көгүчкөндөр айланамда,
Алар дагы күлүшкөнсүйт курулдашып.
Бир нан алдым дүкөндөн ачуу басып,
Күткөнчө, кепшеп кирдим ашап каажып.
Аңгыча алыс жүргөн көгүчкөндөр,
Жык толушту бут астыма, ызылдашып.
Жерге түшкөн ушактарды, чукулдашып,
Чокуп кетти, тиштеп, бирин бири тартып,
Россиялык көгүчкөндөр кызык го деп,
Карап турдум кызыгып мен башты кашып.

## Акылдуу жиндилерге толуп кетти

Мен жашаган көгүлтүр жердин бети,
Абалкыдай эмес, азыр Күндүн бети.
Көпчүлүк аймактарын өчпөй турган,
Ала-чоло такчалар басып кетти!
Элинде, өлүм жана адам эти,
Бүгүнкү күн модасы, жан илдети.
Колдогу алтынды барктай албай,
Көрөгөч сокурлар көөп кетти.
Адамзат дүйнөкор, арак кечти,
Илгертен бул балээ, белге тепти,
Бир эссиз түндүктөн жел соккусун,
Тээтигил Шам жактан согуп кетти!
Чындыкты айткандарды уруп тепти,
Террорист, Алькаида, өз жан кечти,
Маңкурттар, мусулман кейпинде,
Исламдын, ак жүзүн булгап кетти!
Асмандап, чептер кетти, беттер кетти,
Баары ак! Мен эмес, тигил дешти!
Эртеңкиге үлгү болоор бүгүнүбүз,
Эң акылдуу жиндилерге толуп кетти!

## Түбөлүк деп ойлобо

Бул күндөгү тийип турган Күн нурун,
Сен ойлобо түбөлүктүү бакыт деп.
Булбул таңшып сайрап койсо гүл үнүн,
Сергип-жыргап эзилбегин ашып көп.
Анткени, түбөлүк чын дүйнөнүн,
Эгем берген, кучагында бакыт көп!

Бул күндөгү жайнап өскөн гүл түрүн,
Сен үзгөндө көп толкуба, бакыт деп!
Сулуулукка суктанганда жүрөгүң,
Көргөнүнө кубанбасын жашып көп!
Анткени, түбөлүктүү бейиштин,
Эгем берген, кучагында бакыт көп!
Бул күндөгү жылуу-жумшак уйкуну,
Сен уктасаң, кала бербе бакыт деп.
Жаман карын тойгонунан жүлүнүң,
Каадаланып унутпагын эсиң жеп!
Анткени, аркы дүйнө кенчинин,
Эгем берген, кучагында бакыт көп!
Бул күндөгү жансыз, темир дүйнөнүн,
Сен ойлобо, күлүн топтоп бакыт деп!
Сабатыңдын, бул кейипте жүргөнүн,
Туура көрүп, көпкө жүрбө ташып кеп!
Анткени, сен бара элек бейиштин,
Эгем берген, кучагында бакыт көп!
Бул күндөгү жан сергиткен күлкүнүн,
Шыңгырына көп алданба бакыт деп!
Көргөн күнүң кейпиндей түлкүнүн,
Болгонуна канааттанба жатып жеп!
Анткени, сен билбеген бейиштин,
Эгем берген, кучагында бакыт көп!

## ЖАМАЛ САБАЕВА



*1966-жылы 16-июнда Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Жон-Булак айылында туулган. Жогорку билимдүү. Москва шаарында РФ ИИМ котормочусу. МИППнин, юридикалык факультетинин, сырттан окуу бөлүмүнүн 4-курсунун студенткасы. «Москва кайрыктары» адабий клубунун жооптуу редактору. Москва шаарында жашап эмгектенет. 3 неберенин чоң энеси.*

### Күз мезгил жалгыздыкты күтөт дешет...

Күз мезгил жалгыздыкты күтөт дешет….
Күү болуп, сыйкыр муза сүйөт дешет,
Күлүңдөп Ай менен Күн нур чачкандай,
Күлүгүнө жаш селкидей түнөк издеп.

Түн бою уктабастан ойго чөмүп,
Телмирип терезени тиктей берем.
Бейпил түн, ай жылышып барган сайын
Баасы зор атыр жытың издеп келем…

Жүрөктүн кылдарындай аруу сезим,
Жүдөтүп, ич дүйнөмдү тартып чертет.
Жүлүнүм зыркырап бир булкуп алып,
Жүйөөлүү себептерсиз «ойт» дедирет.

Кеңеш кеп, кулак салбай ал тагдырга
Катарлаш жылдар акты, ал шарты да.
«Жалгыздык жанга батат, кеч калба» деп,
Жанашып ээрчий турган убагымда.

Бир сөздөн, баш ийкешип түшүнүшүп,
Бейкуттук доорду сүрдүк, сүйүнүшүп.
Акак таң тосуп алып, күн батырып,
Ашыктык оту жанып, күйүп жүрдүк.

Ал кездин калды сонун элестери,
Азгырылган жаштык сүйүү кемелери.
Ак кемеге түшүп алып, көк деңизде,
Айланган аккуулардай денелери.

Кусалык, жалгыздыкты жактырбаймын,
Жанга тынч, дүйнөм сулуу эч танбаймын.
Жок кылып, кууп салсам да айланамда,
Жалгыздык курчап турат, не кылайын!

## Сураныч

Алладан суранаарым, сапарлаш бер,
Алыс жол, ач-ток болсо жандашып кел.
Акыйкат, чындык издеп жүргөндөргө,
Ак-көгүн тыңдап, билип жардамың бер.

Алладан өтүнөөрүм, бир менден ал,
Аласа-бересени тегиздеп сал.
Алчуңду баш тартпастан колуңа ал,
Актыгым, керек болсо, мен да даяр.

Алладан суранаарым, белги берсең,
Ааламга, дос-касыңа ырыс келсе.
Адамдык бийиктигин туу тутушуп,
Адамга адам болуу – кыйын нерсе.

Алладан өтүнөөрүм, билгизбесең,
Акырет жанга тийген ар нерседен.
Ак жашап, таза өмүр сүргөндөргө,
Ак бата, ырыс оомат каалап кетсең.

Алладан суранаарым, жардам берсем,
Алсызды, аялзатын жөлөп, сезсем.
Алышкан ат башындай армандууга,
Адилет сөзүм менен көмөк этсем.

Алладан өтүнөөрүм, өмүр берсең,
Арчадай жашыл жанган жаш теңдесең.
Аксакал карыянын сакалындай,
Ак пейил, узун өмүр жашоо келсең.

Алладан суранаарым, илхом берсең
Адалдык дилгир ойду улап кетсем.
Алынып, эл оозуна ишеничтүү,
Акындык талант, өнөр, баалап жетсем.

Алладан өтүнөөрүм, оору бербе,
Асмандан толгон Айдай жаркып тийсең.

Аялуу, ажар нуру качкандарга,
Аярлап, аманчылык тилеп кетсем.

Алладан суранаарым, бакыт берсең,
Аруулап балдарыма ырыс келсе.
Азамат, эл-жерине кызмат кылып,
Атуулдук, ыйман парзын актап берсе.

Алладан өтүнөөрүм, тынчтык берсең,
Алдыда куттуу күндөр, ыйман сезсе.
Ажарлуу, асыл заттуу өз калкымдан,
Ар күнү бейкутчулук кабар келсе!

## Ачык сыр

*(Жолдошум Кубаттын элесине арнайм)*

Жүрөгүмдө жашап келет арманым,
Жүүнүм бошоп, айткым келет муң-зарым.
Жүдөткөн бул сезимимдин эмнеси?
Жүрө берсем алсырайбы, дарманым.

Түштө көрөм, түн жамынган көк жалым,
Түйшөлтөсүң, сынай карап ал-жайым.
Түйшүк менен алпурушкан өмүрүм,
Түмөн санаа коштоп кетет ар жагын.

Түпөйүлмүн, түз жолумдан адашпайм,
Түтөсөм да кусалыктын отуна.
Түркөй кабак, сездирбестен эч жанга,
Түзүп келем, жанган жашоо жолуна.

Кусаланам, ойлойм сени сагынам,
Кубат болоор кезде кеткен татынам.
Кургак сөзгө, калп кыялга мас болбойм,
Кутум элең, жүрөгүмдө тагылган.

Айланчыктайм, кадимкиндей күлөсүң,
Ай жылдыздуу жаркыйт кээде мүнөзүң.
Ары карап, чакырыкка жооп салбай,
Аргымакта, ат чабышта жүрөсүң.

Кол жетпеген, сансыз жылдыз ичинен,
Койкологон алгыр куштай жан элең.
Карааан калган тагдыр бөлүп таштаган,
Кайраным ай, баркың билээр мен элем.

Жылдар өттү, мезгил кетти билинбей,
Жылжып аккан, ак булактын изиндей.
Жашыйм, эстейм, жан далбастайм, сандалам,
Жашоо кезип кетким келет сени издей!!

**Багынтпачы, мени башка адамга...**

Багынтпачы, мени башка адамга……
Багып калчы, тоо гүлүндөй, жалбыздай,
Баасы бийик, бул жашоодо көз ирмем –
Балким болоор шериктешим бал ырдай.

Багынтпачы, мени башка бир жанга……
Бала күндөн балкып сага келемин
Бар кадамым, баары-жогум ырларым –
Балдай ширин, сүттөн аксың калемим.

Багынтпачы, мени башка адамга……
Бакыт жолго, баалап, издеп жеткемин,
Бул учурлар боолгоп, татып сезимди –
Бурганактап, ызгып учкам, эңседим…

Багынтпачы, мени башка бир жанга……
Тагдыр жазган жазмышыма не деймин,
Таалай кошуп, татаал жолдон бир өтсөк –
Тоту куштай, талаа гүлдөй желдеймин.

Багынтпачы, мени башка адамга……
Бар жүзүмдү, баш чөгөрбөйм, кетпеймин,
Бирге сактап, сенден алган тумар деп,
Бириктирем, ыр саптарга септеймин.

Багынтпачы, мени башка бир жанга……
Бар турпатың, нарк-насилиң, кенениң,
Байлыгымды, барк-дөөлөттү алмашкыс,
Баа тең келгис, ырларымсың жетегим!

## Толкуйт жүрөк

Эгер менден сүйүү качса, кандай кылып кайтарам?
Эрегишпей жылуу ирмеп, жандай сызып жалбарам.
Энчим бербей, мелдеш кылбай, ишеничке айлантып,
Ээн талаага айдактаймбы? Тоо желиндей жанданам.

Өткөн күндөр, тизмек тартып, ар жакшыны эске алып,
Өксүү коштоп өжөрлөнөт, дил түнөгүм камалып.
Өрөпкүгөн жаштык, мастык, аёо сезим жардыдай,
Өрөөнүнө гүл экпеген, боз топурак как жайдай.

Көз караштан сезип турам, толкуп турган жүрөгүң,
Көпкө тиктеп токтоп калган, каректериң түнөөрүн.
Көл жээгинде шыбырашкан, толкундардай жаркырай,
Көөнүм сүйөт, ойлончу деп, кучагына жөлөөрүң!

Жооп албасаң, жан күйгүзбөй, тек адамга жайбасаң,
Жигит сөзү эки болбос, күтсөң! Таңдай айлансаң!
Жылдар өтөт, курак кетет, кумар чериң таркабай,
Жылжып аккан булак болсоң, сыр төгүнүң байкалбай.

Сүйгөн адам дервиш болуп, аалам кезген, сандалган,
Сүйгөнү үчүн намысы бар, жоокер бектер тандалган.
Сууруп канжар, салгылашып, эрлер менен таймашып,
Сындан өткөн, зоого жеткен, көксөгөнүн жандаган.

Сүйдүргөн бар, сүйбөгөндү, сөздөр менен арбашып,
Сүйүү даамын татып, шимип, көз ирмемден жаңдашып.
Сүйүү үчүн берилүүгө, сезим оргуп агууга,
Сүйгөн адам баркка жетет, ант – ишенич колунда.

Сүйүү деген сейрек – талант, эң жагымдуу тагдырда.
Сүйүү деген Айдай, Күндөй, жалындаган бактыңда,
Сүйбөс адам көр чычкандай, көөдөн тамыр караңгы,
Сүй демекмин баарыңарды, көз ачык бул жалганда!

## ЖЫРГАЛБЕК ШЕРАЛИЕВ



*1958-жылы 14-августта, Нарын областынын Ак-Талаа районунун Кадыраалы айылында туулган. Жогорку билимдүү. Апрель Элдик Революциясынын Баатыры, «Москва кайрыктары» адабий клубунун активдүү мүчөсү. «Үзүлбөгөн үмүттөр» жана «Тирүүлүктө жоготуу» ыр китептеринин автору. Москва шаарында эмгектенет.*

### Тирүүлүктө жоготуу

Мертинтип койду белимди бүгүн,
Тагдырдын берген таасирдүү күчү.
Денем да муздак дегдеген менен,
Тирүүлүк муздак тилим да барбайт айтууга.
Бел болуп күндө белегим болуп турчу элең,
Кара дөң болуп ажалды тутуп кеттиңби.
Үмүтүм кымбат жүлүнгө тийди муң-кайгы,
Боз туман болуп карааның менден үзүлдү.
Карайлап бүгүн жоктодум туруп өзгөчө,
Карарып булут бастыбы ушул күнүмдү.

Бук болгон кайгы буркурайт бүгүн көңүлдө,
Буйуккан шамал буктурма кылды көңүлдү.
Киргим да келбейт үйүмдөн бүгүн заарканам,
Муздаса керек дубалда баары кайрадан.
Урунуп көзгө илинген сенин сүрөтүң,
Кылгырып жашым кыйлага дери ыйладым.
Эстедим сени сагынып бүгүн жоктодум,
Кыйыр бир жолдор кайчылаш болуп кеткендей.
Айланып келип алардын бүтүп акыры,
Азабың тартып арданып абдан кыйналдым.
Муздаган жүрөк таштай бир катып турабы,
Мелтирейт көңүл мезгилден күтүп сабырды.
Күндөр бир келээр күтүүсүз аны жибиткен,
Саргарса дагы санаада турар элесиң.
Багыма жазган баш ийдим берген тагдырга,
Өзүндөн өксүп өлбөстүн күнү өтүүдө.
Кош эми жаным, кыйналдым, пайда таппадым,
Бейишке барып бел болсоң болду өзүңө.

## Кызыма

Бүгүн бир отуруп эстедим,
Алпештеп өстүргөн кызымды.
Апасы-Атасы мен болгом,
Каралдым аман бол тилерим.
Сагынып күнүгө эстесем,
Жалынып көңүлдү жибитем.
Саламды саргартып узатып,
Күтүүнүн сезими күчөгөн.
Сагынып сарсанаа боломун,
Жүрөктөн караанынды чыгарбай.

Кайгырып апам дагы айтчу эле,
Бекалганда конок болот кыздар ай.
Өткөндө түшүмө кирипсиң,
Алдейлеп көтөрүп жүрүпмүн.
«Апа» деп коёсуң адашып,
Аман бол Кудайдан тилерим.

## Ата-Мекен

Ата- Журтум сени менен мактанам,
Өмүр берсең сенден даңкты албасам.
Тоо койнунда кыялданып жүргөндөй,
Ар убакта эстей берип сагынам.
Ала-Тоону салыштырам жаныма,
Мөлт-мөлт аккан булактары канымда.
Чокуларга чыгып алып кыйкырып,
Кабар берем «Мен келдим» деп баарыңа.
Ата-Журтум алыс жүрүп сагынам,
Эстен кетпейт жаштыгымды калтырган.
Султан болуп бөтөн элде жүргөнчө,
Кул болсом да бир өзүңдө даңкталам.
Ата-Журтум асыл менин турпагым,
Ата-бабам сенде жатат бааласам.
Сенден учуп сага кайра барамын,
Кечир мени келбеди деп бир балаң.
Ата-Журтум бүтпөс менин айылым,
Сенде калган туңгуч сүйүүм, жаштыгым.
Ыйык үчүн тамса керек киндик кан,
Өлсөм барып жер кучактап жатармын.

## Турмуш

Турмуш эмне? Түшүнбөйбүз кээ бирде,
Басып дагы өтө албайбыз өмүрдө.
Качан гана сорчу жерге барганда,
Алдастайсың арган кетип келгенге.
Турмуш эмне? Түшүнбөйсүң өлгөнчө,
Өз арбайың сого бермей келгенде.
Кайтып анан катырганда шоруңду,
Өкүрөсүң өзөк күйүп бүткөнчө.
Турмуш эмне? Келдиң ант берүүгө,
Жаңы басып жер тааныган кезинде.
Кадам таштап баса берсең көбөйөт,
Бирок кыйнап өтөт тура өмүрдө.
Турмуш эмне? Жете албайсың өзүнө,
Кээде чуркап, кээде баскын жетүүгө.
Жан кыйналып эркиң жетпей калганда,
Өлгүң келет өксүп-өксүп келгенге.

## Менин сүйүүм

Менин сүйүүм бүтпөс ырым өзүңсүң,
Тагдырыма көп нерсени үйүпмүн.
Сага арнаган жакшы өмүрдүн баардыгын,
Жалган беле? Жандап өттү дүбүртүң.
Менин сүйүүм сен жанында жүргөнүн,
Кеч болду деп билбей жүрөт дебегин.
Какшай берип караанынды калганда,
Кабыргамдын кайышканын билгемин.
Менин сүйүүм сулуу таңдын атканы,
Түнү бою уктай албайм, адатпы?

Өмүрүмдө өксүй берүү өзүңдөн,
Өчпөй калган жүрөгүмдүн ак тагы.
Менин сүйүүм жай мезгилдин аптабы,
Гүлдөр жайнайт, булбул сайрайт карачы.
Мезгил өтүп кыйнай берген өзүнчө,
Кемчиликтин келишпеген шарттары.
Менин сүйүүм кетти келбес жагына,
Калдым жалгыз коштошо албай жалганда.
Кечирбеген кемчиликти ичке алып,
Ыйлап-ыйлап кала бергем арманда.

## ЖАЗГУЛЬ ЖАНДАРОВА



*Родилась 4 февраля 1977 года в городе Москве.*

*Окончила Исторический факультет Московского Государственного Гуманитарного Университета имени М.А. Шолохова. Участвовала в конкурсе «Кыргыз сулуусу 2011» и получила номинацию «Мисс Талант» за исполнение стихотворение «В городе». Замужем, воспитывает двоих очаровательных детей. Славная дочь кыргызского поэта, члена и наставника литературного клуба «Москва кайрыктары» Айталы Жандарова. Постоянно проживает в городе Москве.*

### Я исчезла, меня почти не осталось

Я исчезла, меня почти не осталось.
На мелкие кусочки разлетелась.
Я в этой жизни много страдала,
Но и также много радовалась.

Я приносила любимым горе,
Но и пыталась сделать их счастливее.

Прощай моё любимое море,
Которое я никогда не видела.

## Лучше горькая правда, чем сладкая ложь!

Лучше горькая правда, чем сладкая ложь!
Жизнь – правда, от неё не уйдёшь
Человек – жизнь, не всегда человек – правда,
Это сказала я, а не кто-то, когда-то.

Это мысли мои, это мнение моё.
Переубедить меня, вряд ли дано.
Правда – реальность, а ложь – это сказки,
Поверьте мне, и не врите пожалуйста!

Я закончу стих фразой, которую уже сказала,
Ведь верить в силу правды я не перестану.
Вам в силу правды верить советую тоже,
Лучше горькая правда, чем сладкая ложь!

## Я люблю, когда утром рано

Я люблю, когда утром рано,
Я встаю и мне делать ничего не надо.
Одеваюсь, и со спокойной душой,
Иду гулять, любоваться Москвой.
По Тверской от Пушкинской площади и до Кремля,
По Арбату в середине сентября.
В Александровском саду и на Манежной
И там, в Москве, где меня не было прежде.

Люблю Красную площадь со снежным покровом,
И когда на Спасской куранты бьют снова и снова,
Когда сменяется караул у могилы неизвестного солдата,
Ему память есть, я этому рада.
Обожаю стеклянный мост на Киевском вокзале,
Смотреть с него, как пароходы мимо проплывают,
Как зажигаются огни вечерней Москвы,
И как парни девушкам, дарят цветы.

Мне нравится, как украшают цветами Москву летом,
Как гуляеш с компанией всю ночь до рассвета.
По Поклонке, в Коломенском парке
И у друзей, где-нибудь на Таганке.
Я люблю Москву в любое время года,
И какая не была бы погода.
Я люблю гулять по столице,
Встречая знакомые счастливые лица!

## Жазгуль, не стоит плакать

Жазгуль, не стоит плакать,
Теперь ты знаешь ,он, как все.
Очередная неудача,
И ты не ври самой себе.

Горит огнём опять твоя душа.
И больно в этой области так сильно.
И чувствуешь, наверно, никогда,
Не сможешь отыскать его красивее.

Но жизнь идет, Жазгуль, и ты живи.
И ночь сменяется рассветом.
Пиши свои любимые стихи,
На свет ты родилась поэтом.

## В городе

В большом, жужжащем машинами городе,
Где люди друг другу не дороги, где любовь лишь
только слово,
Грустные глаза девушки смотрят в своё отражение сново.
Смотрят, ища ответа,
А отражение холодное, неприветливое,
Что не так? Глаза или губы эти,
А может просто солнце не светит?

Среди туч не видно голубого небо,
А так хочется дня доброго, светлого,
Чтобы любовь свой обрела смысл,
И грустные глаза в весёлые превратились.
И девушка эта добрая, душой красивая очень,
Любви сильной и страстной хочет,
Чтобы обнимали руки нежные ночью,
И от этого ночь казалась короче.

Не боясь опять обжечься сильно,
Печально смотрит на небо тёмно синее,
И прося у Всевышнего любви искренней,
Слёзы на щеках сверкают искрами.
В большом, жужжащем машинами городе,
С серыми домами и подворотнями,

Обходя глубокие лужи с бензином,
Идёт девушка в костюме тёмно синем.

Поправляя макияж, в зеркало посмотрела,
Заметила глаза свои пустые, лицо бледное,
Они теперь, как у стервы,
Холодные, дерзкие, без веры.
А помнишь, как было раньше?
Как туча солнце не прячет?
Как кровь кипела, горячая?
Как смеялась ты от счастья плача?

А теперь, где твои слёзы?
Где твой смех весёлый и грёзы?
На лице выражение морозное,
Но вернуться никогда не поздно.
Будь весёлой, нежной, какой ты была,
Пусть даже твоя мечта не сбылась,
Не грусти, не смей, никогда,
Ведь для счастья на земле ты родилась.

В большом жужжащем машинами городе,
В квартире, в светлой комнате
Слышно пение весёлое, громкое,
И стучится также её сердце доброе!

## ЖАПАРБЕК ЖАНЫБАЕВ



*Сузак районунун Кара-Дарыя айылында 1989-жылы 2-августта туулган. Учурда Москва шаарында жашап эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Апамдын мээнети

Тагдыр сизди сыноолорго туштаса.
Таш боорлонуп жүрөгүңдү муштаса.
Кол шилтебей сабыр кылдың биз үчүн,
Балам дедиң баштан бакыт учса да.

Тик турбастан кечке белиң бүгүлө
Кетмен чаптың чарчап, талып күнүгө.
Балаң үчүн пахта чаап, шалы отоп,
Кабарды кол кара жумуш түрүнө.

Кедейчилик эзип турса төбөдөн
Ичип келип атам дагы көчөдөн

Шайтан салган тузагына тушалды,
Чыга албай бөтөлкөнүн түбүнөн.

Эжең айтты: – Мынча сиңдим кыйналдың?
Кеттик үйгө жүктөрүңдү жыйнагын.
– Кетпейм! – дедиң, бизди кармап ыйладың,
Мөлтүрөгөн балдарыңды кыйбадың.

Артта калды жылдар өтүп арадан,
Ал күндөргө кайрылбайбыз кайрадан.
Мына эми уулуң, кызың чоңойдук,
Кечип өттүң, каршы аккан дайрадан.

Апа сага ыраазы болсун Кудайым,
Көрсөң экен уул, кызыңдын убайын.
Өз кызыңдай жакшы көрүп сыйласын,
Насип кылып мага келген жубайым.

* * *

Ай менен Күнгө теңесем.
Апакем андан кең экен
Мээрими чексиз асмандай,
Мактаган алкыш кем экен....

## Жазгы сезим

Жазгы жамгыр себеленип жаай берип,
Жан дүйнөм жуулгандай көңүл сергип,
Балалыгым кайрылгандай таза сезип,
Дартым жок жүрөгүмдү турган эзип.

Майда жамгыр жер бетине чачылып,
Чаңдай учкан кайгыларым басылып.
Жан сергитип узак жааган жаандан соң,
Жаркыраган күндөй көңүл ачылып.

Көктөмдөгү таңдар атып, куштар сайрап,
Сезимдерим жаңыланып гүлдөй жайнап.
Ырлар жазып сүйгөнүмө сүйүү арнап,
Уча бердим үмүтүмө канат байлап.

Жаратылыш жашыл байлап көрктөнүп,
Жеңил кийип кыздар жүрөт көрк кошуп.
Уктап жаткан махабатын ойготуп,
Көргөн жандын жүрөгүнө өрт болуп.

Мезгилдерден жагымдуусуң жаз айым,
Көтөрүлөт сенде менин маанайым.
Үмүт артып издеп жүрөм өзүңдөн,
Келечекте болоор бакыт-таалайым.

## Сүйгүм келет

Сүйгүм келет мен сүйүүгө кабылып,
Тагдырымдан сурай берем жалынып.
Жыргалын бер, азабынан бербегин,
Калбасынчы көздөн жашым агылып.

Сүйгүм келет бир өзүңө багынып,
Бир мүнөткө көрбөй калсам сагынып.
Болсом деймин сага жакын мен дагы,
Мончогундай дайым жүргөн тагынып.

Кызыл гүлдөй кыздар жүрсө ачылып,
Жыпар жыты жер бетине чачылып.
Көз салганда ашык кылат өзү эле,
Жүрөгүндө жок сезимди бар кылып.

## Ыйман ыры

Ар дайым Алла болсун жүрөктө,
Кайтарыбыз бир өзүңө күн өтсө.
Ыйманыңды күчөтүүчү амал кыл,
Жүрөгүңдү динсиз оору жүдөтсө.

Жакшы жол бар, жаманы да тагдырда,
Эрк берилген каалаганын тандаарга.
Эки дүйнө бактысы дин Исламда
Мөөнөт берген кабыргачы инсанга.

Шайтан салган азгырыктан сактанып,
Акыйкатты четке какпай аткарып.
Жолоочудай жаша жалган дүйнөдө,
Жакшы амалың акыретке камданып.

Байды көрүп шүгүр кылбай суктандык,
Акча табуу максат эмес, муктаждык.
Ата мурас калтырганын талашып,
Үзүлүүдө ортодогу туугандык.

Жеңил сурак байлыгыңдын аздыгы,
Сооп ишиң акыреттин азыгы.
Жүрөк болсо ыйманыңдын сандыгы,
Ал оңолсо, оңолот дене мүчөң бардыгы.

## Сүйүү арманы

Жүрөгүм сен деп гана согуп турат
Жан дүйнөм сени эңсеп ооруп турат
Махабаттын азабын алып салып,
Экөөбүздү тагдыр качан жолуктурат.

Элесиң көз алдыман көп тартылат
Көргөндөй элесиңден алам кубат
Унутууга аракет кылсам дагы,
Сага сүйүүм ого бетер артылат.

Сезимдерим толкун болуп толкуп турат
Сени эстесем жүрөгүм да бир кулпурат
Канчалык бир болууну кааласамда,
Татаал турмуш ортобузду тосуп турат.

## 5 убак намаздын убактылары

Караңгылык кайып болуп баратканда.
Жарыктыкты жер бетине таратканда.
Ойгонгун да даарат алып эринбестен,
Намаз оку моюн сунуп Жаратканга. (*Багымдат*)

Намаз оку Күн тикеден ооганда.
Акыретке бир далай сооп анда.
Ашказанга түшкү тамак алганындай,
Рухуна да кубат берер азык ал да. (*Пешин*)

Ар нерсенин көлөкөсү эки эсе узарганда.
Жүрсөң дагы тоо башында, базарларда.
Ишиң таштап намаз оку дем алганча,
Алла берген убакытта, шартың барда. (*Аср*)

Жаркыраган нуру кетип Күн батканда.
Жарыктыгы түнгө сиңип бараткандa.
Кечиктирбей намаз оку чын ыкластан,
Ыраазы бол амалына Жаратканда. (*Шам*)

Түн башталып жылдыздарда көрүнгөндө.
Жылдыздардай сансыз сооптор төгүлгөндө.
Намаз окуп пайда алгын убакыттан,
Пайда берет өмүр бүтүп көмүлгөндө. (*Куфтан*)

## ЖАЗГҮЛ ТЕНТИЕВА



*1984-жылы 29-апрелде Ош областынын Кара-Кулжа районунда туулган. Жогорку билимдүү. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Учурда Москва шаарында жашап эмгектенет.*

### Мен өзүмдү издеп келем...

Мен өмүрдүн билбей балким калаар белем кадырын,
Өтсө мезгил өзүң менен өтөөр дегем тагдырым!
Кыялдарым, балачагым балам менен жарышып,
Кызык өмүр кыз буракта калгансыган жашынып!!!

Окуум бүтүп, оргуй албай булак көзү бүтөлүп,
Обологон обондор жок күүгө түшпөй жүдөтүп.
Оюм онго, санаам санга сай бойлошо бөлүнүп,
Тируучулук бүтпөөчүдөй ичиркентип үшүтүп!!!

Мен өзүмдү таппай жүрдүм, кечтим далай жолдорун,
Таарынычтын, сагынычтын, кусалыктын отторун.
Жүрөгүмө жүгүн арткан бушаймандык мээни жеп,
Жүзүм буруп тагдырымды так каттыра соттодум!!!

Мен өзүмдү таппай келгем, издеп-издеп чаалыккам,
Мээрим издеп, көңүл көксөп көз жаштарым агызгам!
Жаңырыкка окшоп жашоо күзгү сымал чагылып,
Жатсам-турсам жалынгамын ийгиликке алыстан!!

Мен өзүмдү таппай келдим, таптым азыр учугун,
Жан дүйнөмдүн жашылданган жылдыз жанган учурун.
Жар салгым бар Жаратканым, ырлар менен айткым бар,
Ата-энеме, бир тууганга раазычылык укугум!

Мен өзүмдү таап жатам, ыраазымын Кудайым,
Мекенимдин тынччылыгын, амандыгын сураймын.
Ыймандуу кыл уулдарымды, ыйлабасын жан кызым,
Ырыскылуу өмүр бергин, жүрөгүмдү сунайын!!!

Мен өзүмдү таптым, ооба, тапталуумун күлүктөй,
Таң ашырып туралбаган, туралбаган жүгүрбөй.
Алды жакта жол даңгырайт, жетким келет маарага,
Ай Жараткан өзүң күч бер, дем берегөр дагы да...!

Москва ш., 2016.

## Лирика саптары...

Күтүүлөрдөн лира жазып өзүңө,
Күтүп жүрүп күн кечкиртем күнүгө.
Сенин баардык жакындарың мен үчүн,
Сезип кетем бир туугандай өзүмө,
Апакеңдин мээримине бөлөнүп,
Айткым келет арзууларым төгүлө...

* * *

Дүйнөдө эң ажарлуу айым болдум,
Бактыма балкып-толкуп ашып толдум,
Раазымын жолуктурган тагдырыма,
Ырыма, ыр дүйнөмө азык болдуң!
Демге-дем, кайратыма кайрат кошуп,
Дилимде тоңгон музду алып койдуң.
Бал түштөй жетээримде тарс ойгонгон,
Бат эле бакытыма чекит койдуң.
Бирок да эч өкүнбөйм өзүң үчүн,
Күнөөң жок, күткөн мага тарых болдуң!!!

* * *

Мезгил куюн, мерчемине кол жеткис,
Менин арзуум жазылганда эч бүткүс,
Менин шерим өзүңдү деп билемин,
Мекениңдин намысынан кыя өткүс!!!

Тагдыр сени чектеген жок, кектебе,
Таймаш-тайлаш бул жазылган бешене
Таасындыгың-тар болгондо дүнүйөң,
Так туруп кет, тазалыгың Айгине!!!

Жай алдырба жараатыңды ырбата
Күйүтүңдү күлкү менен ызала!
Кайратыңа кайрат кошот ырларым,
Катарыңа жеңиш келет ураала!!!

## Позитивдүү саптар

Кен озондой, балким колдой, же океан чалкыган,
Кен пейилдик, керемет күч жүрөгүңдү агарткан!!!
Кимде ыза, кимде болсо талкалансын таарыныч!
Аны кечүү, же кечирүү асыл сапат Аллахыма
бир жаккан!!!

Ыргытышса ташын мага душманыма раазымын!,
Ыйлатышса ырлар жазам ыйым эстейм кургаарын.
Казса сага кастык орун кайгырынба раазы бол,
Ал айланат бассейинге кубанычты толтурган!!!

Кенен пейил жашооң болсун сүйүүдөн,
Келечекке шамдай жангын үмүттөн,
Кейибестен керемет кыл дүйнөңдү,
Кен дүйнөгө раазычылык айтып кон!!!

* * *

Даңгыр жол адаштырып давандардан,
Дайныңды таппай калдым улуу журттан!
Делбиртип демөөр болгон дабыртынбы,
Демигип жетпей келем камчылангам!!!

Ааламды кезип издеп ар-тараптан,
Ашыгын, издегенин күтүп жаткан.
Баатырын балкып ыйлап тосуп алчу,
Мен болдум дастандагы сулуу Нестан!

Жаралып жарыктыкка сүйүү үчүн,
Жашоонун кереметтүү көрчү күчүн.
Жазысын көңүлүмдүн Клеопатрам,
Жаңыртты, жаңылттыбы ушул сөзүн...

Теңебей султандардын султанына,
Кейибей кен дүйнөнүн тардыгына.
Жадабай арзууларым жаза берем...
Хюремдей аты калган кылымдарга!!!

Москва ш. 020415

# ЗАРЫЛ ӨМҮРАЛИЕВА



*1966-жылы 20-январда, Талас областынын Кара-Буура районунда Бакыян айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү. «Шуудуруум», «Көктөмдө» ыр жыйнагынын автору. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Кечиргиле

Азыр турам баарыңарды кечирип,
Билип-билбей тепсегендер көңүлдү.
Кек сактабай жүрөгүмдөн өчүрүп,
Кирдетпейин алдыдагы өмүрдү.
Кечиргиле, силер дагы тааныштар,
Байкоо албай дилиңерди таарынтсам.
Ойлонбостон сүйлөп коюу адатым,
Оюңарды санааларга малынтсам.
Кечиргиле, көрө албаган досторум,
Эсендигим ичиңерди күйгүзсө.

Атыңарды мен ырыма кошподум,
Актанбадым, актыгымды билгизе.
Кечиргиле, эстен тана сүйгөндөр,
Уйку көрбөй түндөн безип жүргөндөр.
Баарыңарды сүйө албаган адатым,
Жалгыз жанды жүрөгүмө түнөткөм.
Кечир сен да кезиккен бир жолоочум,
Тике карап жылуу сөзүм айтпасам.
Кечир сен да өмүрдөгү жоготуум...
Сезимиңдин түнөгүнө кайтпасам.
...Кечиремин... сүйдүргөнүң үчүн бир,
Багытыбыз бирикпестир бир өмүр.
Кайрымы жок кусалыкка муунуп,
Сыздатканың кечирейин түгөнгүр.
...Апакебай, кечир сен да балаңды,
Эстебеген көр оокатка алаксып.
Толкуп-ташкан деңизинде турмуштун,
Жээгин таппай жүргөн кызың адашып.
...Кечир уулум, калтырганым атасыз,
Ойлоду элем... жашайм го деп катасыз...
«Ата» деген сөздү айтпай эч кимге,
Эр жетилдиң, бирок мага капасың...
Апакебай, узун болсун өмүрүң,
Асыл уулум, кир чалбасын көңүлүң.
Тирүүлүктө билип-билбес тааныштар...
Жакшылыгын аябасын, Теңирим!!
Баарыңардан сурайм бүгүн кечирим!!!!

## Өмүргө

Өмүр менден өкүттө агасыңбы,
Арманыңы мойнума тагасыңбы?
Бакыт кушум торуна илип алып,
Кулптайсыңбы эшигин капасыңдын?
Өмүр мени жеңдим деп күлөсүңбү,
Ыраа көрбөй жашыл-жаз күнөсүңдү
Муңдуу ыйын төгөт деп тизе бүгүп.
Кулак түрүп сыздоомду күтөсүңбү.
Өмүр мени шылдыңдап келесиңби,
Ашалбайт деп, тоо -ашуу, белесинди?
Элге берген ырыскың катып коюп,
Кекээр карап танат деп мени эсимден.?
– Жок, жок өмүр! – шылдыңга алалбайсың,
Торго түшпөйт канаты жагалмайдын.
Ыйды жалмап ыр менен өргө чыккам,
Ташкынында мен сенин агалбаймын.
Бактымды да өзүңдөн эңип кеткем,
Өмүр өзү өрттөнүп күйгөн кечте.
Буйрубаган сыйыңды бура жулуп,
Мен даярмын, жеңишимди жедирбеске.
...Анткени, мен өзүңдөн сабак алдым,
Жеми болбо дегенсиң чабалдардын.
...Өтмөгүңдөн муз тоңгон өттүм өмүр,
Сүйүүм, бактым, ырымды алалбайсың.

## Укпай калдың ырларымдын башкысын

Бир ыйык сөз жүрөгүмдө сакталган,
Кала берет эми сага айтылбай.
А калганы мукабасы кооз, жалган,

Билбей калдың аруулугум аттиң ай.
...Таба албадың жүрөгүмдүн ачкычын,
Таналбаймын, башкалардан жактың, чын.
Өз мүнөзүң душман болуп өзүңө,
Укпай калдың, ырларымдын башкысын.
Ал ырларда ашып сүйүү дабанын,
Кечмек элек махабаттын дайрасын.
Өкүндүрдү желдей жеңил мүнөзүң
Кайыр, эми, кетем үзүп карааным.
...Калаар ал сөз жүрөгүмдө жашынып,
Баркты билбес сендейлерге айтылбай,
Өтөөр өмүр эчен ырлар жазылып...
Бирок чындык ырым эми жазылбай.
Укпай калдың ырларымдын башкысын!

## Эңсеймин

Аркалап алдым окшойт, сүйүүнү азап берген,
Андабай, сезимиме кар-бороон алып келген.
Өрттөнүп буулукканда, өзүмдөн кээде чыгып,
Агамын сени көздөй селдеген башат менен.
Акылым азып кетип, тынымга ойлонуута,
Өзүңдү алып, чыкты окшойт ойронум да.
Учуруп бийиктерге, кайра чаап, кара жерге,
Сапырып тынчтыгымды, көрүнбөй койбодуң да...
Жакынбыз, бирок алыс... жолдобуз бирикпеген.
Дос-душман кулак түрө, кыймылды иликтеген.
Табылып ак сүйүүң... жоголчу жолдо турам,
Калдыкпы жылдыз сыңар...кол сунса...бийиктеген.
Эңсеймин, сен да эңсейсиң жылдыздай бийиктеги...

## Сезимдер кубулуп, сени эңсеп тургандагы ыр...

Элесиң жүрөгүмдө,
Жуулгус боёк менен,
Тартылып жашап келет,
Эч кимге билинбестен.
Кусага муунганда,
Тигилем көздөрүңө
Кетпейин азгырылып,
Бербечи өзгөлөргө.
...Жин даарып кеткен өңдүү,
Сүйлөшөм сүрөт менен.
Сагынчым, муңумду айтып,
Арманым, жанды жеген.
...Күтпөдүң жообуң бирок,
Кол жеткис алыстасың.
Артынып элдин жүгүн,
бүгүн сен жарыштасың.
Тулпарсың, туягыңа
аёосуз таш какпайын.
Алдырып алсыздыкка,
сезимди какшатпайын.
...Анткени жашоодогу
көксөгөн Жеңишиңмин.
...Багытмын, чекит коюп,
тосоорун келишиңди.!!!

## ИЛЬГИЗ МЫРЗАБЕКОВ



*1983-жылы 20-мартта, Жалал-Абад облусуна караштуу Таш-Көмүр шаарында туулган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Каймана аты Шамал-Ураган.*

### Сүрөтүңө

Карап-карап сүрөтүңдү мен эстеймин,
Мөлтүр кара көздөрүңдү эңсеймин.
Сагынычка мен малынамын,
Сары оору кылдың багынамын,
Көргүм келип жаным сыздап зарыгам.

Элесиң сенин такыр кетпей,
Жаш жүрөккө тынчтык бербей,
Сагынган жүрөк дагы сагынат.

Санаам менен, жашап келем мен чектелип,
Канча жүрдүм сенин сүйүүңдү текшерип.
Кечирип койчу карындашым,
Азыр жүрөм төгүп жашым,
Сүрөтүңдү карап коюп эскерип.

Элесиң сенин такыр кетпей,
Жаш жүрөккө тынчтык бербей,
Сагынган жүрөк дагы сагынат.

Баа жетпеген кымбат сүрөт бул сүрөт,
Көргөн сайын дене боюм бүт дүркүрөйт.
Катка кошо берген сүрөт өзүм менен
жашап жүрөт,
Өчпөс болуп сезимдерге сүртүлөт.

Элесиң сенин такыр кетпей,
Жаш жүрөккө тынчтык бербей,
Сагынган жүрөк дагы сагынат.

## Кайрадан кезиктик

Байкоосуздан биз жолуктук,
Гүл бакчанын ичинде.
Көздөрүбүз уялгансыйт,
Баш ийгенсип сезимге.

Эске салып жаштык кезди,
Сүйүүбүздү эскердик.
Байкабастан кеч киргенин,
Сагынычка берилдик.

Ак жуумалу жылмайганың,
Өзгөрбөптүр таптакыр.
Жаңыладың сезимдеги,
Унутулган арманды.

Жылдар өттү ай алмашып,
Мезгил менен сынакташып.
Мына эми кучагымда,
Олтурасың сырдашып.

Дагы бизге жетип келди,
Коштошуунун кезеги.
Түбөлүккө коштошобуз,
Тагдыр ушундай мерезби?

Кош бол эми түбөлүккө,
Жашай бересиң жүрөгүмдө.
Ыйлабачы суранамын,
Кош бол сүйүүм арманым,
Кош бол жаным алтыным!

## Ак сүйүүм

Күтүүсүз жалгыздыктан, өткөн күн көзгө элестеп,
Өкүттө калып келем бир жолу кайрылбайт деп.

Өзүңдү белек кылып бир жолу кайрылбадың,
Сени менен өткөн күнгө эч качан кайгырбаймын.

Элесиң Ак-Куу болуп алыстап учуп барат,
Ар күнү сени күтөм сагынып жолуң карап.

Бүлбүлдөп улам-улам сен менден алыстайсың,
Жалбарып турсам дагы сен неге кайрылбайсың.

Эч качан койгум келбейт күнөөнү махабатка,
Жалынып тосуп алам суранам кайрылчы артка.

Сүйбөгөн эч бир адам сүйүүнүн баркын билбейт,
Ажырап ак сүйүүмдөн өкүттө калгым келбейт.

## Тагдырымбы

Турмуш мени дагы кантип сынайсың,
Сыноо берип жыгылткандан тынбайсың.

Аз келгенсип ачуу жаштык бергениң,
Орто жашта буттан чалып кыйнайсың.

Айтчы тагдыр, менде эмне өчүң бар,
Ачууланган кебетеңде сүрүң бар.

Өч алууну ойлодуңбу туура деп,
Андай болсо майдалабай катуу теп.

Күндөн күнгө жеңилдебей оорлошот,
Кайгы-капа жолду чырмап торошот.

Мен турмушта бир жылмайып карасам,
Бактылуу деп баары мени ойлошот.

Күүгүм батып коюу түнгө курчалам,
Туңгуюктун кучагына чырмалам.

Күн нурларын жадыратып чачса да,
Жылуулугун сезбей турам, чыйрыгам.

Эхх... арманым качан кимге жарылам,
Бугум чыкпай майдаланып тытылам

Зыркыратып ичтен тилип турсаң да,
Сыр билгизбей сыртыман мен жылмаям.

Айтчы дагы кана, кантип сынайсың,
Алдан тайып жыгылганды каалайсың.

Жыгылбаймын! Мен күрөшкө даярмын,
Муштум түйдүм, сени бир күн жыгармын.


## Мукаддаска

Жакшы көрдүм эчтекеге карабай,
Тунуксуң сен сүзүлбөгөн булактай.
Мукаддасым айткым келди сырымды,
Жылмайып кой, окусаң бул ырымды.

Периштедей уктасаң сен мемиреп,
Булут аппак сезиминде жел минген.
Көргүм келди, киргим келди түшүңө,
Бузалбадым, өптүм бирок бетиңен.

Мукаддасым, кайда жүрсөң сагынам,
Сагынычты айта албайм, тартынам.
Сүйүп алгам, сыйлап өтөм турмушта,
Сендей алтын конуп турса багымда...

# КАЛМАМАТ ТУРДУБАЕВ



*1956-жылы 1-апрелде, Өзгөн районунун Арагөл айылында жарык дүйнөгө келген. Жеке ишкер. Учурда Ош обулусуна караштуу Өзгөн районундагы Мырза-Аке аймагынын Коммунист айылында жашайт. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Энекемдей мээримин, демин берген

Шаарчылап келип калсам аягыдай,
Ош шаарым дале болсо баягыдай.
Кулпуруп-гүлдөп жаткан садагамды,
Меймандар суктанышып карагыдай.

Энекемдин желпиген шамалындай,
Селкинин жан эргиткен жамалындай.
Ак-Буурам бөлүп өтөт Ош шаарымды,
Табияттын талашсыз талабындай.

Кабат-кабат үйлөрү көк мелжиген,
Коздукту көргөндө дил эргиген.
Садагасы Ош шаарым, сүйгөн калаам,
Энекемдей мээримин, демин берген.

Сагынып Ошума жетип келем,
Өмүрүм өтүп жатат Ошум менен.
Сагынуу, кусалыгым таркаган соң,
Дем алам табияттын мээриминен.

## Шүүдүрүмдөр садагасы жеңекем

Апакай таң ата берет, дайым келет,
Мээримин, берекесин элге берет.
Кылайып Күн уядан чыккан кезде,
Таңдарым шүүдүрүмдө кала берет.

Тоолорго апакай таң аткан кезде,
Күн нурун тептегиз чачкан кезде,
Издеп чыгам Улуулукка таазим этип,
Жараткан ырыскысын берген кезде.

Тоо булагы шылдырап аккан кезде,
Томолонуп көз жашың жаткан кезде.
Баргым келет утурлап аппак таңды,
Караңгылык карбаластап качкан кезде.

Аппак таңым секелегим, берекем,
Шүүдүрүмдөр садагасы жеңекем.
Шылдыр аккан тоо булагы, садага,
Эркелеткен, эр жеткирген энекем.

Издеп келем таба албастан арманды,
Бул ааламда өкүм сүргөн жалганды.
Аттиң дүйнө! Өмүр деген бир үзүм,
Жашап келем, жоготпостон ак таңды.

## Сулуулук атак-даңксыз келе берет

Айды тосом, татынакай таңды тосом,
Кимдер тосмок эгерде мен болбосом.
Оо, апакай аппак таңым, аппак жаным,
Бар сулуулук болбос эле сен болбосоң.

Сулуулук таңым менен таркап келет,
Мээримин, сулуулугун тегиз берет.
Булактын шыңгыраган добушундай,
Керемет сезимдериң тандап берет...

Сулуулук атак-даңксыз келе берет,
Ажайып баалуулугун бере берет.
Жараткан керемет ыр саптардан,
Ыр демин алып турат биздин элет.

## Тилеген максатыңа семиз болсун!

Неберемдин сүрөтүн карап коюп,
Убакыттын өткөнүн санап коюп.
Отурамын салкында көлөкөлөп,
Орозонун кадырына көңүл тоюп.

Рамазан айы берекесин төгүп берет,
Тамак-аш дасторконго агып келет.

Ач калган байкуш сагыр тартынбастан,
Ырыскысын алганы шашып келет.

Жараткан мээримдерин тегиз берет,
Баарына ыраазы биздин элет.
Орозо тутуп, тараба тартуу менен,
Окуган намаздарың бир керемет.

Мактоолор Жаратканга тегиз болсун,
Төлдөрүң пешенеңе эгиз болсун!
Жайлоодо багып жаткан түркүн малың,
Тилеген максатыңа семиз болсун!

## Алып жатам Жаратканды н белегин

Тээ көктөгү жылдыздардан эмесмин,
Атак-даңктар мага жукпайт демекмин.
Эл башына кыйын кезең келгенде,
Мына ошондо Ата Журтка керекмин.

Мен атактуу адамдардан эмесмин,
Башкарамын жеке турмуш кемесин.
Кур убада, болбогонду былжырап,
Уккум келбейт көпчүлүктүн жемесин.

Ата Журтум опол тоодой тирегим,
Сезем дайым эң мээримдүү илебин.
Апакемдин тандыр нанын элестеп,
Мекеним деп мына ушуну билемин.

Жупунулук жан дүйнөмү кыйнабайт,
Жөнөкөйлүк адамды да ылгабайт.
Садагасы, Ата Журтум-дөөлөтүм,
Сен турганда карыптар да ыйлабайт.

Алып жатам Жараткандын белегин,
Мунун баарын аз экен го дебедим.
Бей-бечера, карыптарга жардам бер,
Сен акысын алардын эч жебегин.

# КУРМАНБЕК БОРОШЕВ



*1961-жылы 5-мартта, Базар-Коргон районунун Кызыл-Үңкүр айыл өкмөтүнө караштуу Жаз-Кечүү айылында туулган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Аялзаты

*(Адам баласынын тагдырында, ар кандай эркек инсандын өмүрүндө болгон аялзатынын турмуштагы алган ордуна тиешелүү көрүнүштөрүн көркөм баяндоого далалат кылдым. Бул идеям башка окурмандарды да кайдыгер калтырбайт деген ойдомун)*

Жаратылыш, жаратылып ушундай,
Эркектерге эрмек болуп көбүнчө.
Жашоолорун таттуу кылып аялзат,
Бала төрөп, тукум улап кетүүгө.

Ар бир аял өздөрүнчө табышмак,
Табышмактын сырын эч ким чече алгыс.
Жандырмагы бар өзүнчө катылган,
Бир өмүрдө кошо бирге басабыз.
Бир карасаң көз карашы ой менен,
Сени менен бир пикирде тургандай.
Айлаң кетип сен турмуштан кыйналсаң,
Аялзаты сага жардам бере алган...

## Бактыгүл

Аял жарың, аял жарың сүйгөнүң,
Өкүнүч да кошо бүтүп калгандай.
Аялыман ажырап мен бир кезде,
Бүт тагдырым талкаланып ал калбай.
Аял шерик, тагдырына шериктеш,
Баскан жолун кошо таап бир тарап.
Өркөчтөнгөн тоону басып, түз басып,
Каршы-терши шамал айдап бир барат.
Бет алдымда тоолор турат жолу жок,
Кантип чыгып, кантип өтөм белгисиз.
Кол кармашып биздин ыйык колубуз,
Бирге кезде тоодон өтүү кеп эмес.
Кол үзүлүп кокусунан ажырап,
Жүрөгүңдүн тамырлары кесилип.
Өмүрүңдө жаман-жакшы күн келип,
Балдарыңдын тагдырлары элестеп.
Ушундайча болуп менин тагдырым,
Жарым өлүп кайтара албай өмүрүн.
Бир кабылгам өкүнүчтүү күндөргө,
Апасы жок бүт балдарым сагынып.

Өлгөн күнү асман жердин ортосу,
Бир сезилип бир нукумдай тар дүйнө.
Аялымдын өлгөндүгүн угузуп,
Үкөм келип, кабар айтып үйүмө.
Элестетип өлүм деген нерсени,
Укканыма, айткан сөзгө ишенбей.
Кантсе дагы өзүм кармап өзүмдү,
Балдарды алып, болдум анан жөнөмөй.
Көзгө элестеп канча жыл бир жашасак,
Жакшы-жаман күндөр өтүп көзүмөн.
Кайсалактап айла таппай уриндум,
Кантем анан, тагдыр жалгыз мен-өгөй.
Балдарымдын тиктей албай көздөрүн,
Каңырыгым түтөп-түтөп жашыдым.
Көз жаш төгүп, билдирбейин десем да,
Тыя албайм, шыркырады көз жашым.
«Эркек» деген болот уулум чыдамдуу,
Апам дагы болду мага аралжы.
Кантем, кантем, кыздарымды кантемин,
Бозурайып, ыйлайт, агып көз жашы.

## Бар сыяктуу жок эле

Бирге жатып бирге жашап өмүрдө,
Билдирбестен ичиндеги ойлорун.
Сезбей жүрдүм, сезсем дагы үндөбөй,
Өкүнүчтүү болду кийин тагдырым.
Аял тууган, аял душман, аял дос,
Деген сөздөр бекеринен эмес ов!
Он эки жыл көрүп билип жүрсөм да,
Кылмыш сымал кылган ишин көрдүм ов.

Эркекчилик намыс туруп жогору,
Майдаланып, тең келбедим жөн койдум.
Бирге болуп, бирге жашап күнү-түн,
Атасы өлдү «бакыт» деген сөздөрдүн.

## Кучагымда туйлап жатып түн бою

Кучагымда туйлап жатып түн бою,
Жагалданып жатып сага эркелеп.
Ойрон болуп, ой санаалар, тагдыр да,
Кылган ишин ойго сыйбай эртеси.
Сага жетип, кыналышып түшүмдө,
Өмүрүмдө бакыт нуру калкыган.
Бетке соккон шамал мени ойготуп,
Турсам жоксуң, бекингиндей бактыңан.
Ырлар жазам, обон чыгаар,
Сага арналаар ыр, эссе,
Мойнуңа алып ак сүйүүнү,
Түшүнөөрсүң бир кезде.
Мезгил өтөөр, артка кайтпас,
Мезгил өктөм биздеги.
Балким кийин өкүнөөрсүң,
Менсиз жалгыз сен дагы.

## Биз жашайбыз өмүрлөрдүн күүсүндө

Биз жашайбыз өмүрлөрдүн күүсүндө,
Ар кимибиз өз оюбуз артында.
Балким, биз да бир болоорбуз бир кезде,
Балким бөлөк, жакындашпай тагдырга.
Бул күндөрдө сен экөөбүз жөн гана,

Бирин-бири түшүнгөн бир адамдай.
Алгач күндөр үмүттөрдү тутантып,
Бирок кийин биз бейтааныш, бейтаалай.
Сен урунуп, бул жашоодо күн сайын,
Иштен-ишке, бир жаныңды аябай.
Жашоо жана кыялдардын арасын,
Ажырата албадык биз, бул кандай?
Аяп сени, акыл айтып жүрсөм да,
Сени өжөр кыялдарың башкарып.
Мен жаныңды калкаласам, аяп да,
А сен өзүң кыйналасың, кырды ашып.
Сага деген күйгөн оттун табы өчүп,
Капа болуп кайтара албай мен сени.
Кантем анан, жагалданып сен сулуу,
Менден узап баратасың, эмнеси?
Бул жашоодо алга басып арылап,
Өмүр жолдо дар үстүндө басабыз.
Бизде жашоо эң биринчи болсо да,
Жанды кыйнап балдарды биз багабыз.
Таң аткандан күн баткыча жашынып,
Канча жумуш, канча өмүрлөр өтүлөөр.
Көп аракет кылып, артты карасак,
Иштер бүтпөй көз жашыбыз төгүлөөр...

## Бул эмнеси?

Кирпик какпай уктай албай түн бою,
Суз тагдырым бүт элестеп көзүмө.
Бүт баштаган ишим чыкпай оңунан,
Орто жолдо убарамын өзүмчө.
Эсте менин талыкпаган акылым,

Түшпү, өңбү не толгондуң түн бою,
Бир тыянак кылалычы тагдырым,
Балким эми, ойлогондой болобу...
Сүйгөнүмө сүйүү ырын тартуулап,
Өмүрүмдү бир токтотуп кичине.
Ырахатты, же жыргалды арзуулап,
Жаркын талант күндө кирип күчүнө.
Ар күн сайын бараткандай жогору,
Шаты сымал, салган тепкич жол менен.
Бараткансып ашып бийик тоолорду,
Алдым узак, али басам кыр менен...

## Атама

Кош бол ата,
Коштошомун кечирээк.
Тагдырыңа жазылганы ушундай.
Ата сенин духуң жашайт ичимде,
Сенин менден күткөнүңдөй, учурда.
Кош бол ата,
Биздин тагдыр ушундай,
Жаратылыш жазымышы Жараткан.
Сен өлбөдүң, жашоодосуң азыр да,
Менин аккан артерия канымда.
Кош бол ата,
Сен өлбөйсүң түбөлүк.
Сенден мага өткөн жашоо кубулуш.
Менден өтөт, сенин асыл ойлоруң,
Балдарыма, небереңе түбөлүк.

## КАМАЛИДИН КАРАЗАКОВ



*1964-жылы 20-октябрда, Ноокат районундагы Кара-Таш айылында туулган. Кыргыз Мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүргөн. «Москвадагы күндөр» китебинин автору. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Учурда Москва шаарында эмгектенет.*

### Менин айылым

Тоо койнундагы Кара-Таш менин айылым,
Айылым сенсиң көөнөрбөс байлыгым.
Убакыт учкан куштай серпип канат,
Өттү го бул айылда балалыгым.
Тоолордон көк кашка тунук суулар аккан,
Түнкүсүн Ай шооласы нурун чачкан.
Айланаң суктандырып алма бактар,
Жел жүрсө моокум канат батыш жактан.
Боз адырлар мени күтүп тургандыр,
Издеримди жоктоп алып сагынып.

Кусам толуп эгизимдей жоктоймун,
Бир аз күткүн эңсеп барам жалынып.
Кимдигимди сенден башка жан билбейт,
Ичте сырым, менин ыйым бий бийлейт.
Намысыңды алдырбастан жүрсөм дейм,
Мен кул болсом сенден башка ким тилдейт.
Күткөн чыгаар мен өстүргөн дарагың,
Мен да күтүп төрүңдөмүн санаанын.
Бир өзүңдүн кучагында чоңойгон,
Сенин күткөн, сен өстүргөн балаңмын.

## Кол телефон

Мурда сүйүүнүн болчу эле наркы,
Эл арасында болуп келген салты.
Азыр телефон смс сөз ташып,
Сүйүүнүн болбой калды баркы.
Сүйүүнү мактап ырдайт ырчы,
Тарых өзү өткөн күнгө сынчы.
Белгисиз номерден смс жөнөтүп,
Телефон сен болдуң сүйүүгө тыңчы.
Көз карашпай сүйөм дедиң телефондон,
Махабатты барктабай жайып тордон.
Кабар албай жакынды алыстатып,
Кадырыңды кетирбей, калпты жойсоң.

## Бөтөлкө

Дүкөндө кызыктырып шыгырайсың бөтөлкө,
Колума кармаганда жылтырайсың бөтөлкө.
Стаканга куйганда кылтырайсың бөтөлкө,
Акырын мага билгизбей ыркырайсың бөтөлкө.

Күлүп мага кооз болуп жылтырайсың бөтөлкө,
Уктасам мени ойлонтуп кулпурасың бөтөлкө.
Сен менин жашоомо тоскоол болуп,
Мени досторума кас кылып жулкунасың бөтөлкө.
Тизилген стакандарды кагыштырдың бөтөлкө,
Адамдарды бир-бирине чабыштырдың бөтөлкө.
Ата-энеме көз салбай, балдарымды ыйлатып,
Менин намысымды жерге чаптың бөтөлкө.
Эх, неге жүрөктү элжиреттиң бөтөлкө,
Айдай болгон жүзүмдү караладың бөтөлкө,
Өңдөн-түштөн кетпестен жараладың бөтөлкө,
Өзөгүмдү өрттөдүң караладың бөтөлкө.
Чабандестей эңилип илип кеттиң бөтөлкө,
Элден чыгып нес болуп чирип кеттим бөтөлкө.
Батпай турган оозуңдан кирип кеттим бөтөлкө,
Жар бооруна алып барып бийик тептиң бөтөлкө.
Эми сенден ажырап соолуп, куурап турамын,
Кечирилгис болсом да, жашоо жолун уладым.
Жүзү кара мен сенден жакшылыгың көрбөдүм,
Аз өмүрүм калса да жакшы турмуш курамын.

## Арамза карга

*(тамсил)*

Асманга учуп, жерге конуп карга,
Кышында ойлонуп отурасың карда.
Башкалардын жашоосуна көз артпай,
Сен иштегин ал-күчүң барда.
Айлана-чөйрөгө тынбай учуп карга,
Жазда айылда, күздө кетесиң шаарга.

Көктөм жазда чабалекей үй курса,
Бир күн барсаң болот эми ашарга.
Иштебесең эч кимге жакпайсың карга,
Эми иштеп жакшы жумуш танда.
Эх, көгүчкөн, башкаларга үлгү болуп,
Ушундай жакшыларды эми жанда.

## Жаш короз

*(тамсил)*

Короз сыланат да карап казды,
Катуу сүйгөнбү өңдөн азды.
Эне тооктун «кой-ай» дегенин укпай,
Көлмөдө сүзгөн казга чуркап барды.
Короз айталбай сүйүү сырын,
Аңдабаптыр каздын бетиндеги бырышын.
Кошуна өрдөктөр корозду сууга түшүрүп,
Канатын кага албай калды тамашасы курусун.
Каз көлмөдө сүзүп корозго назданып,
Короз жээкте турду көлмөнү айланып.
Короз махабатын арнап сүзүп өттү көлмөдөн,
Короосуна кете албай жипсиз байланып.
Азырынча каз корозго таң калгандай,
Эх, сүйүүлөр болот экен ар кандай.
Короз эми көлмөдөн короосуна кайтып,
Эми окшоду сууда сүзгөн чычкандай.
Кимди ким сүйөм десе өз эрки,
Эмне болот тооктон казга уурдаган жеми.
Экөөнүн бул сүйүүсү эсте калып,
Короодо короз жүрөт эми чыкпай деми.

## КАНАЙЫМ САТЫБАЛДИЕВА



*1969-жылы 7-ноябрда, Аксы районунун Ак Жол айылында туулган. Бир уул, бир кыздын энеси. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Кош тагдыр» китебинин автору. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Сырдуу-Көл

Баргандын ачып ажарын,
Эс алтып моокун кандырган.
Бул жалгандын бейиши,
Аксынын төрү Сары-Челек.
Тоскоол Ата катып койнуна,
Ажарын миң жылдар сактап келет.
Тоо сырын, Көл сырын баяндаган,
Аталар, апалар өмүрү бизге белек.
Мупмуздак жана туптунук,
Мелмилдейт көкмөк көл.

Бир карасам Чоң-Энемдин,
Сүрдүү-Сырдуу өңүндөй.
Эх Сырдуу-Көл, Сырдуу-Көл,
Жатат сенде нечен ой,
Жан сырыңды төгө албай,
Ошондуктан кээде сен сүрдүү.
Жаныбар түрү мекендеп,
Миң түркүн куш сайраган.
Таза абаң, салкын төрүң, өмүр узартат,
Көлгө түшсөң сезимиң да тазарат.
Эх Сырдуу-Көл, Сырдуу Көл,
Барган адам сага кана каныгат.

## Өмүрдүн күзү

Кызарып Күндүн желеси,
Кыйналды жүрөк кемеси.
Кымбаты качан келет деп,
Күзөтчү Ай да тигилди.

Агарып таңдын элеси,
Ак жылдыз көзгө илинди.
Ашыгы качан келет деп,
Таң чолпон жылдыз тигилди.

Билбепмин Күндүн батканын,
Билбепмин таңдын атканын.
Бир өмүр сени барктабай,
Билбепмин жашым өткөнүн.

Көл бойлоп сейил бактагы,
Орунду таппай айландым.
Ордубуз баскан жаштарга,
Бактылуу өмүр каалармын.

## Кымыз-Кымыз

Жанымды жай алдырып,
Жайлоого чыккым келди.
Куш жаздыкка сүйөнүп,
Кекилик үнүн уккум келди.

Боз бээнин үрпү толуп,
Чатырап турса керек.
Тизеге челек коюп,
Жеңекем саап келди.

...Шаулдайт күбө үнү,
Кымыз да жетилгендей,
Арчага ышталган чанач жыты,
Ак кесе мелт-калт кымыз-кымыз.
Эх, чиркин жайлоо, кымыз.
Жайлоосуз жашоо кызыксыз,
Куурдакка тоюп, кымыздан жутуп,
Гүлчөтай жеп, дагы кымыз.

## Кектесемби-Кечирсемби

Карабачы, өзүңө мен арбалам,
Арбасаң да жүрөк азыр айыкпас.
Кусалыктан жабыркайт го жан дүйнөм,

Канткенде мен бул дартымдан арылам?
Оо, Жараткан, жардам берчи жаныма,
Кектесемби, Кечирсемби билбеймин.
Кечирсемби, сагынычым жазылаар,
Кучагыңа оролуп мен магдырап.
Кекти жууп көз жаш менен,
Жүрөк отун жаңылап.
Оо, Жараткан, жардам берчи жаныма,
Кектесемби, кечирсемби билбеймин.
Качандыр бир кезде кайра жолугуп,
Калсак эгер капысынан көрүшүп.
Капаланткан күнүң эстеп кектеймби,
Каламбы же бек кучактап асылым.
Оо, Жараткан, жардам берчи жаныма,
Кектесемби, кечирсемби билбеймин.

## Тилегим

Жан кызым, ай кызым.
Бак берсин сага Кудайым.
Ар дайым тилейт Апакең,
Ак жоолук, өмүр кут кылсын.

Уулду табып, урмат көр,
Көшөгөң менен ынтымак.
Небере көрүп, чебере күт,
Кыбыраңа төгүлгөн НУР болгунуң.

Жүзүңөн нур чачырап,
Келиниң болсун бир тууган.

Пешенеси жадырап,
Тапса экен сага көп тууган.

Кызды табып, кызматын көр,
Көшөгөң менен ынтымак.
Күйөө бала болсо экен,
Өз уулдай ынтымак.

Кудайым сага жар болуп,
Жаңылышпай жар кошсун.
Тилейт Энең чын дилден,
Кудай сүйгөн пенделерден болушуң..

## КУБАНЫЧБЕК ПРИМБЕРДИ УУЛУ



*1997-жылы 22-апрелде, Ош областынын Кара-Суу районуна караштуу, Каарман айылында туулган. Б. Азизов атындагы № 40-мектебинде билим алган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Энелер бар, жашоо бар

Ээ, жаштар, энелерди сыйлайлычы,
Эне деген дүйнөдөгү эң кымбат зат.
Энелерди урматтасак, даңктасак,
Энелерди сыйлоодон эч качпасак.
Энесине жетпей жүргөн канча адам бар?
Эне баркын билбей жүрөт канчалар?
Эне үчүн эч нерсени аябастан,
Энелерге кызмат кылсак талбастан.
Энем барда мен жарыкмын дүйнөдө,
Энем менен сыймыктанам сүйүнө.

Эне үчүн аябасмын жанымды,
Учкан куштай келип кеткен өмүрдө.
Мен мактаймын Эне, сизди түбөлүк,
Энелерди сыйлап сүйүп жүрөлүк.
Сен оорусаң мен жанымды аябас,
Сизди сүйүп мен жашаймын ар убак.

## Жашоого болгон умтулуу

Арман болуп бул жашоого келиптирмин,
Татаал болгон жашоомо себепкермин.
Жаштыгымда ойноп-жыргап, күлүп жүрүп,
Турмуштун татаалдыгын сезбептирмин.
Жаштыгымда кыйналбай ойноп өстүм,
Чоңойуп мына эми бойго жеттим.
Жашоонун чындыктыгын, кызыктыгын,
Түйшүктүү күндөрүмдө билип сездим.
Мен наалыбайм көрүп жаткан жашоомо,
Мындан нары жүргүм келет ыйман жолдо.
Сабыр кылам, мен сураймын Алладан,
Жардам берчи, жарык берчи жашоомо.

## Таштабачы Энеке

Мен ыңаалап бул дүйнөгө келгенмин,
Өз энемдин аппак сүтүн эмгенмин.
Ошол күнүм эстен кетпейт эч качан,
Үч жашымда мени таштап кеткениң.
Айлар өттү, жылдар өттү уланып,
Жараткандан тилеп келем суранып.
Эч айырба энесинен балдарды,

Өкүнүшпөй чоңоюшсун кубанып.
Мээримине тоё албасмын энемдин,
Сизди көрбөй он тогузга киргенмин.
Мен эстесем өткөн күндү ар качан,
Жүрөк сыздайт, эне сизди көрө албай.
Оо, энеке, кайра келчи суранам,
Бир өзүңдүн мээримиңе зарыгам.
Оо, Жараткан, насип этчи мага да,
Болойунчу өз энемдин жанында.


## Келечекте жубайымды эңсеп келем

Болсо керек сенде деле ыйман деген,
Сендейге мен кездешүүнү эңсеп келем.
Жаратканым насип кылса мага дагы,
Жолугармын ыймандуу кыз сени менен.
Келечекте жубайымды эңсеп келем,
Ыйман жолдо намаз окуп жүрөм деген.
Ак жоолугун түшүрбөй эч башынан,
Апакемдин айткан сөзүн угам деген.
Жүрөгүндө ыйман нуру жайнаган,
Жаман ишке жаштыгынан барбаган.
Намаз окуп беш убак өз маалында,
Жайнамазга жаштыгынан жыгылган.
Дискотека, клубдарга барбаган,
Келме айтып Куран китеп жаттаган.
Тамекини кармабастан колуна,
Алланы эстеп, таспи тартып олтурган.

## Ыйманга умтулалы

Оо, инсандар, биз окуйлу намазды,
Мечит бойлоп колго алып кагазды.
Намаз окуп ыйман жолго умтулуп,
Сыйлайлычы мечиттеги жааматты.
Жаратканым бизге берсин күч-кубат,
Шайтан бизди азгырууга шашылат.
Келме айтып биз ар дайым чын жүрсөк,
Алла-Таала өз ооруна чакырат.
Бир туугандар ыйман жолдо жүрөлү,
Жалгыз гана бир Аллахты сүйөлү.
Намаз окуп акыретти биз ойлоп,
Кыяматта биз бейишке түшөлү.

# КАНАТБЕК ЖАПАР



*1986-жылы 8-июлда, Ош областынын Сулуктү шаарында төрөлгөн. Орто билимдүү, үй бүлөөлүү. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Энеме

Какыс-кукус койсо бирөө жемелеп,
Кабак бүркөп чуркачумун «Энелеп...»
«Боздогон-бул жигит эмес» деп койсоң,
Боз топуракка бой урчумун көмөлөп.
Чырпык экем, Чынар элең ал убак,
Чыйпалактап жөлөчүсүң ар убак.
Өтүп жылдар, өстү балаң көк тиреп,
Өкүнткөнү сенден барат шак урап...
Өмүр, өмүр, өктөм беле мыйзамың?!
Өтүнөөрүм эне демин тыйбагын.

Бутак салбай, куш сайрабай калса да,
Бул Чынарга урба балта, кыйбагын!
Энем, энем, эсендигиң – чоң кубат,
Эки көздүн калбаганы жол сурап!
Өзүң барда өтүгүм жуп, колдор кош!
Өзүң барда Жер огунда олтурат!!!

## Тоолор

Тоолук кыргыз. Тоону сүйөт баарысы.
Төрөлгөндөн тоолор жакын-алысы.
Жашасын деп, улансын деп урпактар,
Жаага учкан эчен жашы-карысы.
Тоолук кыргыз. Тоолор анын жүрөгү,
Токчулугу, тирүүлүгү, тиреги!
Чабылса да далай баштар балтага,
Чабылбады бабалардын тилеги!
Доор келди күлүк, билбес ченемди –
Четте жашоо азыр мыйзам ченемдүү...
Толкун бизди туш-тарапка агызса,
Тоолор гана кетпейт таштап мекенди!
Тоолук кыргыз. Тоо жытындай баарысы.
Төрөлгөндөн тоолор жакын-алысы...
Тоого ыйык кыргыздардын сүйүүсү!
Тоодой бийик абийир, ары-намысы!

## Өмүр тууралуу

Токтобос тирүүлүк кербени. Көз салып,
Олуттуу ойлорго камалам капыстан.
Ар учур ыраактап чыгыштын тоолору,

Ансайын албууттуу аскалар батыштан.
Жолката өмүрлөр өчүрүп шамдарын,
Жол ката жагышат жарыгын жаңылар.
Суу кечип, бел ашып, чөл кезип, муз басып,
Кубанып, кубарып – бар татым баары бар.
Адамзат калгандай айланып айбанга,
Өмүрдү өгөйлөп, өлчөмүн кескилеп...
Кадырын биз анын туйбастан тушунда,
Калабыз колдорун өлөөрдө өпкүлөп!


## Биздин күндөр

Менин күнүм шат-күлкүнүн кеңсеси,
Мээрим менен мээлеп сүйгөн пендеси.
Түндөсү да түшүн түгөл түрбөгөн,
Жунглилик журттун күткөн эңсөөсү.
Менин күнүм эркиндиктин ордосу,
Кыялдардын канат бүткөн жоргосу.
Кол жетпестер алаканга уялап,
Бийиктиктер тегиздиктин жолдошу.
Бул күндөрүм мага тартуу бабадан,
Таңдай балкып, таза, таттуу абадан.
Шириндиктен себет кошуп, аярлап
Мен да кешик урпактарга алпарам.
Биздин күндөр биримдиктин кеңсеси,
Бир чапанды бирге кийген пендеси.
Кабыргасы даана, буту жыңайлак,
Кара тору балакайдын эңсөөсү!

## Төбөлдөргө

Араңарда адилеттүү жан барбы?
Апчыйсыңар алты нөлдүү сандарды.
Карапайым калк жадады, жүдөдү,
Тосо берип бурганактуу таңдарды.
Жылаңайлак жарды бүлө көбөйдү.
Жарды эмне, же өтүкчөн төрөйбү?
Эркелетип, эрезеге жеткирип,
Ээлик берген эл силерге өгөйбү?!
Көчө тенткен жетим-жесир көбөйдү.
Көчө эмне, мээримине бөлөйбү?
Бата берип, бетиңерден сүйүшүп,
Ат мингизген эл силерге өгөйбү?!
Коркконум бар, кор болот го урпактар,
Минтип силер отурганда ууртап бал!
Оо, Теңирим! Берчи Барсбек, Манасты!
Ордобузду бийлеп калды куурчактар!
Коркконум бар, соолуп барат Мекеним.
Кошуналар койбойт шекер бекерин...
Оо, төбөлдөр! Көрсөткүлө эл-журтка,
Барсбек, Манас учурда бар экенин!
Араңарда адилеттүү жан барбы?
Апчыйсыңар алты нөлдүү сандарды...
Айла таппай калк жадады, жүдөдү,
Айдай берип хан артынан хандарды.

## МУСАКУН САТЫБАЛДИЕВ



*акын, прозаик – 1950-жылы 22-апрелде Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Саруу айылында туулган. КР Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын «Ардак грамотасынын» жана Кыргыз Республикасынын «Алыкул үйү-борбору» коомдук бирикмесинин «Ардак грамотасынын» ээси, «Алтын көпүрө» адабий сыйлыгынын ээси. «Бөрү киши» романынын автору, 10 китеби жарыкка чыккан, чыгармалары орус, казак, англис, монгол тилдерине которулган. Азыр дагы бир чыгармасы түрк тилине которулууда. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Болсо экен

Кол карышып тизгининде турмуштун,
Дал башыма кээде муштум ургуздум.
Антсе деле, таштан сыгып тамчыны,
Таштак жерге гүлзарымды тургуздум.

Сарбариктин арман ырын уга алдым,
Чулу таштан чыккан гүлдөн уялдым.
Күндүн жарты тамчысына бой урган,
Ошол гүлдүн кан тамырын туялдым.

Терип алып өксүктөн мен данекти,
Таттуу жемиш өстүрдүм жеп жан этти.
Маңдай терим мөл булакка айланып,
Актап келет жаш сураган мээнетти.

Тамчысынан канагат таап өмүрдүн,
Датын эмес, затын алдым темирдин.
Жашоо мага болсун үчүн ыраазы,
Миң айландым дал чогуна көмүрдүн.

Баса турган дабан бийик болсо экен,
Бу тагдырдын бир кемтиги толсо экен.
Төгүнүнөн келбептир – деп – дүйнөгө,
Өмүр маган чын ыраазы болсо экен...

## Терек

Жүрөгүм бүт айлым жакта калгандай,
Ансыз жашоо мунарыктай, жалгандай.
Коңур күздүн баригиндей бир куса,
Дем кыстырып, төө бастыга алгандай.

Киндик каным тамган айлым Сарууга,
Ылаажым жок ай жаңыртпай баруунга.
Кош каректен күйүп-жанса сагыныч,
Миң чачырайм – айлангандай таруунга.

Алыс жактан көзгө урунуп теректер,
Ич тызылдап, нымдалышат каректер.
Жаштык дүйнөм сиңип калган боюна,
Бул атамдан калган кымбат белектер.

Сезимимде дале жашайт ошол күн,
Бир чымчымы кетилбестен бүпбүтүн.
Таң аткандан шамал турду дуулдап,
Күнү бүгүн угулгансыйт шуу-шуу үн.

Атам калды бак тигем деп камынып,
Мен отурам үйдөн чыкпай камыгып.
Мине турган чырпык атым кууураган,
Карт тагдырдын буйругуна багынып.

Чыгам дедим мен да тышка көшөрүп,
Жашым сүртүп, атам чыкты көтөрүп.
Көк чепкенге бекем ороп, кымтылап,
Калбасын деп желге урунуп жөтөлүп.

Мен олтурдум төштү тосуп шамалга,
Моюн сунуп тагдыр берген «амалга».
Бир бармагым тийбесе да, ой менен,
Жан-дилимди арнап коюп «бадалга».

«Бадал» эмес, терек болуп өстү алар,
Дүркүрөшүп, көргөн адам таң калар.
Окшоп кетчү ошол кезде негедир
– Бир чырпыгы сынса кызыл кан тамар.

Мезгил өзү кайрымы жок нерсе экен,
Каршы турар дүйнөдө күч бар бекен?
Асман тиреп, тизилишкен теректер,
Көп кыйылды – тагдырлары тар экен.

Бул бактан – атам тирүү сезилгендей,
Жүрөгүм бир мыкчылат эзилгендей.
Карайган дүмүрлөрдү көрсөм дайым,
Мен сезем өз буттарым кесилгендей.

Атам тиккен теректен төртөө турат,
Шуулдап, ичтен тынып, ойго тунат.
Бир терек тиге албадың тирүү өлүк,
Деген ой жан сыздатып, бетке урат...

## Мекенге бир ашкеби болбо – ылайым

Мекенге бир ашкеби болбо – ылайым,
Бороондон коргоп турсун жигит төшү.
Турмуштун чаңын кечип сен илкибей,
Артыңдан чуркап жүрсүн турмуш өзү.
Жат жердин макмалы да катуу, муздак,
Миң тилсин кош таманды мекен ташы.
Бут бол сен жыланга да – керек дешсе,
Эл-жер деп күйүп-жансын адам жашы.
Өмүрдүн бир тамчысын төгүп-чачпай,
Майнаптуу жашап калгын нака адамча.
Мармардан он кубултуп курган менен,
Жан барбас күмбөзүңдүн наркы канча.

## Чегилген арабага мен атка окшоп

Чегилген арабага мен атка окшоп,
Тирликти күчүркөнө сүйрөп келем.
Жарыгын жылт эткизип алга качып,
Бир ыйык кызыктырат өмүр деген.
Эгерим мүмкүн болбос теңештирүү,
Дүйнөнүн бүт асылын тамчысына.
Мен анын гүлүн искеп калайын деп.
Жонумду тосуп бергем камчысына.
Бир ууртам ширесине тобо кылып,
Сеңселтип бороонуна чачты тарайм.
Ак таңдын тамчы нурун тутуп алып,
Тагдырдын катаалына күлө карайм.
Эң соңку күндөн качып келе жатам,
Мен эмес, өмүр менден бакыт дегдеп.
Тирликтин жолуна өзүм төшөлөмүн,
«Өмүрдүн наалатына калба сен» деп.

## Кечиргиле

Кечиргиле күндөрүм, кечиргиле,
Өзүңөрдү баалабай жүрсөм эгер.
Куру өткөрсөм эсептен өчүргүлө,
Ошол мага түгөнбөс азап берээр.

Кечиргиле күндөрүм, кечиргиле,
Өлгөн үмүт көтөрүп сени тоссом.
Ошол замат катардан кетиргиле,
Болбос ишке эгерде колум созсом.

Кечиргиле күндөрүм, кечиргиле,
Туталбасам зымырык мүнөтүңдү.
Коротпостон ак нуруң, өчүргүлө,
Токтотту деп билгиле күрөшүмдү.

Кечиргиле күндөрүм, кечиргиле,
Сарбариктей сапырсам өзүңөрдү.
Бүгүн мени «өлдү» деп өкүнгүлө,
Карабасам жалтактап, көзүңөрдү.

Кечиргиле күндөрүм, кечиргиле,
Куру жалак калтырсам көңүлүңдү.
Аз дебесең мен берем, бөлүшкүлө,
Ар бириңе бир чымчым өмүрүмдү.

## Жаркын таң

Оо, жаркын таң!
Буйрулдубу жүз көрүшүү – кайрадан,
Жашоо мага ажарлуу бир жылмайды.
Үмүт турду кеч күүгүмдө жайраган,
Селт жазгана түпкүрдөгү муң, кайгы.

Оо, жаркын таң!
Жарык нуруң көз карекке мелтилдеп,
Күлгөн күндү мен кучактап турамын.
Саамай чачым желаргыга селкилдеп,
Жайып кулач – чексиздикке сунамын.

О, жаркын таң! Көргөн сайын өзүңдү,
Мен кайрадан жаңыланып, тирилем.

Куружалак келсем бир күн, көзүңдү,
Карай албай миң бөлүнөм, тилинем.

О, жаркын таң! Сен тирүүлүк булагы,
Ууртам нуруң мага кымбат, сыйынам.
Дүйнө чиркин, былк этпестен турабы,
Бир жыгылсам мен өзүңдөн жыгылам.

О, жаркын таң! Чачыраган кумдардан,
Бирден терип, мен бакытты чогултам.
Көңүл калбай жашоо деген кумардан,
Айсыз түндө издеп келем нур ууртам.

Оо, ыйык таң! Мен өзүмчө кемиймин,
Татысам дейм бир кочуштай нуруңа.
Жанетти жеп, томук муздай эриймин,
Бул жашоонун чыгамын деп тууруна.

О, жаркын таң! Ак шоолаңа бой урам,
Балким, бүгүн көксөткөнгө жетемин.
Ак нур менен кошо агып, мен тунам,
Кечээ жетпей калганга азыр кетемин.

## Бакыт...бакыт...

Адам менен бир төрөлүп, бир өлгөн,
Бушайманга салып, коштоп келесиң.
Чакырыкпы болгон-бүткөн жөрөлгөң,
Көзгө сүртчү, кандай сенин элесиң?

Канча пенде мен бакытка жетем деп,
Булут минип, көк асманда чалкыды.
Канча жандар жол таптады итеңдеп,
Андан арбын көбүк болуп калкыды.

Бул жашоодо сени көксөп канча жан,
Жаштыгынын жалын табын коротту.
Тирлик – деңиз, толкунунда калчаган,
Көптөр сени байкоос албай, жоготту.

Жашоодо сен Айсыз түндө күндүздөй,
Жанды эч сеп алдырбастан умтултуп.
Чырагыңды коймоюң бар күйгүзбөй,
Ашкан байлык турса деле кулпунтуп.

Бир көрүүгө зар болгон көп көзүңдү,
Жанетин жеп, басып жаңы из менен.
Кээ бир жан бар – буту менен өзүңдү,
Тепсеп туруп, закым желден издеген.

Бакыт… бакыт… затың кандай дегеле,
Бул дүйнөдө бар экениң чындыкпы?
Баардык жанга көрүнбөйсүң эмнеге,
Же болбосо издеп чарчап, тындыкпы?

Таза ыймандуу, пакиза адам ак жүрө,
Жыртык калпак жашайт сага жанаша.
Чөнтөктөрдөн буластатып пул бирөө,
«Джипти» минип издеп жүрөт адаша.

Сен табылып ким бирөөгө сүйүүдөн,
Жамгыр болуп себелейсиң балкытып.
Жалгыз сен деп, коросо да күйүүдөн,
Самаганга карматпайсың жалкытып.

Бакыт… сенин кандай деги дөөлөтүң,
Бул дүйнөдө сенсиз жашоо болобу?
Түсүң, түрүң, кандай экен сөөлөтүң,
Сенден кемип, сага адамдар тоебу?

Айтсаң бакыт, кандай кезде келесиң,
Куттай уюп, түндүктөрдөн төгүлүп?
Качан… качан… мага колуң бересиң,
Күндөй жанып, көзүмө бир көрүнүп.

А мен сага жаркын таңдан жолугам,
Шоолаланып саамайыман сылайсың.
Тирүүлүктүн ташы тилген жолунан,
Мончок болуп көөдөнүмө кулайсың.

Мейли бакыт, айда, жылда көрүнбө,
Антсең деле сезип келем жанымдан.
Мен кемисем – сен кемибе, төгүлбө,
Көрүп турам жүрүп аткан канымдан.

Бир Кудайдын эрки менен бакыт сен,
Кезиң болот бир тамчыдан бөлүнгөн.
Топук байлап, канаат кылам сага мен,
Балдарымдан, жубайымдан көрүнгөн.

Келбеди деп, жүрөгүмдү сыгылтпай,
Тирүү болсом дале бардыр көрөрүм.
Мен өзүңдү жанда болуп жыгылтпай,
Жөлөп жүргөн балдагыман көрөмүн.

Бакыт... бакыт... тутпасам да өзүңдү,
Сен дүйнөмдө ичтен сызып жүрөсүң.
Кыйын күндө кашайтпастан көзүмдү,
Канткен менен – бирге өмүр сүрөсүң.

## Күзгү маанай

Жан-дүйнөдөн улутунуп бир куса,
Көчүп жаткан сур булутка тигилет.
Толкунданып удургуган сезимдер,
Жел күбүгөн сарбарикке тилинет.

Тебеленген жалбырактын алдында,
Учалбаган жалгыз аары ызылдайт.
Кир тамгандай булагына туптунук,
Эмнегедир жүрөк өзү... тызылдайт.

Тоо тараптан ичиркентип желаргы,
Сарбарикти шуудурата күбүйт дуу.
Кечеки жай кырды аттап билинбей,
Мезгил кушу өткөн экен учуп шуу.

Көчөт булут чарчагандай, мен дагы,
Кетким келет кай жакадыр алардай,
Кыялдагы бир дүйнөгө кез келип
– Тээ качантан көксөткөндү табардай.

Ушу күндүн өмүрү чырт сынгандай,
Селт эттирет бетке тийген жалбырак.
Жан-дүйнөдө толкун шаңы бөксөрүп,
Дүйнө өзү турганга окшойт алсырап.

Күз аксакал тоо башынан калдайып,
Жакын келет чагылганы жаркылдап.
Кайткан куштун канатында баратат,
Бул өмүрдүн да бир күнү калтылдап...

# МЭЭРКАН ТОКСОБАЕВА



*1952-жылы 5-майда Тоң районунун Бөкөнбаев айылында жарыкчылыкка келген. Кыргыз Улуттук Университетинин кыргыз филологиясы факультетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. «Махабатым», «Мажүрүм тал» деген жыйнактарын чыгарды. Жыйырмадан ашуун ырларына обон жазылып, эл оозунан түшпөй ырдалып келатат. Райондогу чыгармачыл адамдардын башын бириктирген «Тескей күүлөрү» аттуу адабий ийримди 40 жылга жакын убакыттан бери жетектейт. Алардын чыгармаларынан топтоп, «Кана сүйүүң сен эңсеген, жетпеген» деген жыйнакты чыгарган. «Элге кылган эмгеги жерде калбай», аракетинин акыбети кайтып, бир катар сыйлыктарга ээ болгон. Кыргызстан Аялдар Конгрессинин жана Фридрих Эберт фондунун лауреаты. Кыргыз Туусу газетасынын, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын, Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын жана Тоң райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамоталарын, Кыргыз*

*Республикасынын Ардак Грамотасын алган. Кыргыз Республикасынын Президентинин массалык маалымат каражаттарына сыйлык ыйгаруу жөнүндөгү дипломy менен сыйланган. «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамынын ээси, персоналдык пенсионер. Тоң районунун жана Бөкөнбаев айылынын ардактуу атуулу. Үй-бүлөлүү. 2 кыз, 1 уулу, 10 небереси, 1 чөбөрөсү бар.*

## Ысык-Көл

Ырымдын сурайын деп кабар, жайын,
Ысык-Көл жээгиңе келем дайым.
Шынаарлап толкундарың ээрчип алат,
шыбырап сырдашчудай ал ансайын.

Шарп этип ак жал толкун жээкке урунат,
шаңк этип жаш барчындын үнү угулат.
Кусалык ашып-ташып көөдөн тиреп,
кыялым кымгуут түшүп миң кубулат.

Көөдөнгө кусалыкка толгон жана,
көнүлгө толкундарың билем даба.
Сыймыгым сырдуу көлүм, ыйык көлүм,
сырымды айтайын деп келдим сага

## Өмүр

Өмүрүң өзү көз ирмем мезгил турбайбы,
эмнеге мынча өткөнгө кумар ашыгып.
Кайда агат ошол кайрымсыз өмүр дайрасы,
табаары кайсы барганда чекке шашылып.

Жылт этти бүттү чегине жетип өчүүгө,
ашыгат алга мараны көксөп кайрадан.
Умтулат адам көп нерсе алып калууга,
күргүштөп аккан кайрымсыз ошол дайрадан.

Өмүрүң өтсө кайрылбайт тура экинчи,
бир өчсө анын чырагы кайра жанбаган.
Узакка жашап ишке ашса дагы максаты,
дүйнөгө тоюп, өмүргө эч ким канбаган.

Өмүрүң өзү көз ирмем мезгил турбайбы,
эмнеге мынча өткөнгө кумар ашыгып.
Кайда агат ошол кайрымсыз өмүр дайрасы,
табаары кайсы барганда чекке шашылып.

* * *

Арман дейт бул дүйнө, жалган дейт бул аалам.
Көз жаш дейт чын сүйүү, көмүскө көп арман.

Кубаныч, арман бар, кунарсыз жалган бар.
Адам бар, жашоо бар, бар демек калгандар.

Дагы эле Күн тиет, Ай чыгат, түн кирет.
Бир гана сен жоксуң, кусадар бул жүрөк.

* * *

Төөнөлдүм кирпигиңе, көмүлдүм чачтарыңа.
Көңүлүм ээ-жаа бербей, көбүрүп жатканын аа.

Жаагымды сылай кагып, жүрөгүң кулагымда.
Салаамда тармал чачың, сагынткан убагында.

Чөмүлүп махабатка, чөктүм мен карегиңе.
Чын сүйүү ушул болсо, бейиштин кереги не.

* * *

Сен жашоомдон кеткен элең алыстап,
унуттум деп ойлогомун кап-качан.
Бүлүк түшмөк эмес деймин сезимге,
жүрөгүмдүн каалгасын какпасаң.

Жада калса чыккан чөптөн кызганып,
баягы эле өзүмчүлдүк мүнөзүң.
Кыйчалышта кыя жолдон кезигип,
кыйын жерде, кызык жерде жүрөсүң.

Мага деген ниетиң таза, дилиң ак,
аны кантип билип туруп баалабайм.
Бирок сенден түңүлгөн бул жүрөктүн,
каалгасын кагышыңды каалабайм.

## Жүрөктү ээлейт сагыныч

Көңүлүм эргип, көчөдө жалгыз басканда,
каректе калган карааның мага дап-дайын.
Сага арнап ырды жазбайын эми дегемин,
сага арнап ырлар жазылат экен ансайын.

Тагдырга шылтап кыйчалыш күздүн күндөрүн,
тамаша көрүп таалайдан куру калыппыз.
Сапарлаш болбой сагыныч ээлеп жүрөктү,
жүрсө да билбейм, негедир азыр алыспыз.

Шыбырайт жамгыр кусасын айтып качанкы,
сен дагы жаздын ак жаанын жакшы көрчүсүң.
Саамайың ылдый тамчылар мөлтүр төгүлүп,
олтурдуң бекен бөлүшүп таңдын энчисин.

Сагыныч тилеп, көөдөнгө толуп кусалык,
сырымды айтып, жамгырга тосом бетимди.
Жүрөктү эзип сыбызгыйт муңдуу музыка,
жан жолдош мага жалбыздын жыты өтүмдүү.

Кусалык басып, жүрөктү эзип сагыныч,
жүрөсүң сен да камыгып аның дап-дайын.
Сага арнап ырды жазбайын эми дегемин,
сага арнап ырлар жазылат экен ансайын.

## Арманым болдуң арылбас

Арманым болдуң, өмүрдө такыр арылбас,
дарманым калбай бечара болдум күтүүдөн.
Көзүмдөн учкан көк жээгим болдуң табылбас,
көөдөнүм толуп ойгоном кээде түшүмдөн.

Жанымда жүрүп эмнеге мынча алыссың,
Жараткан бизди кошууга буйрук кылбаптыр.
Жашырып жүрүп жабыккан бойдон калыпмын,
жанымды эзип, жалганда эч ким туйбас сыр.

Кармалбас нурдай карегим жарып элесиң,
карыптай болуп мүңкүрөп жүрөм кусадан.
Кайыптай болуп качанка кыйнай бересиң,
кутулам кантип кусалык деген ызадан.

Өмүрүм барат күн санап өргө таянып,
өңүмдө келбей түшүмдө келип кыйнайсың.
Өзгөгө кыйбай, өзүңө арнап аянып,
өрөпкүп турган сүйүүмдү неге туйбайсың.

## Сага жазган ырларымды барактап

Сен тууралу ойлорума кеч кирбей,
сүрүлүп таң жаңы аткандай бир сезим.
Сүйүүм менин сүзүлбөй да, эскирбей,
суктандырып күнү-түнү биргесиң.

Сыртта күздүн чыйрыктырган шамалы,
жалбырактар жамгыр менен жарышкан.
Сыбызгыган обон келет баягы,
жан дүйнөмдү жалгыз ээлеп алышкан.

Өмүрүмдүн күзү келип бапырап,
өктөөсү күч тагдырыма баш ием.
Өрөпкүгөн учкул кыял басылат,
өчпөөчүдөй өрт жалынга бекиген.

Сергек эмес сезимимден чочунам,
сестендирип мезгил чотун кагат бат.
Терезеден күздү тиктеп отурам,
сага жазган ырларымды барактап.

## МАМАТЖУСУП МОМУНОВ




*1955-жылы 20-апрелде Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Шоро-Башат айылында төрөлгөн. Жогорку билимдүү. «Москва кайрыктары» адабий клубунун активдүү мүчөсү.*

### Мен киммин?

Мен киммин? Мен кыргыздын бир урпагы,
Байдылда, Мидиндердин бир бутагы.
Жүрөгүмдү толкундатат кыргызымдын ырлары.
Мени да апам күп-күндүзү,
Тоо алманын түбүнө төрөп койгон,
Кыргызымдын көбөйсүн деп адам саны.
Мен киммин? Мен кыргыздын бир күкүмү,
Жүрөгүмдү өйүп жүрөт ыр бүтүмү.
Чындык издеп алтымышты ашсам дагы,
Сүйүүмө жолтоо болбойт карылыктын түйшүгү.

Жерим таза, элим таза, суум таза,
Мен үчүн сүйүү дайра, сүйүү пайда.
Мен киммин? Мен кыргыздын бир бучуру,
Бүт денемди козгоп турат ыр үзүрү.
Бул жашоодо чындыкты издебейм,
Көңүлүмдү оорутуп кирдебейм.
Бир өмүрүм бүткөнчө тирүүлүктө,
Эл-жеримди, Мекенимди сүйө берем,
Кыргыз үчүн жүрөгүмдөн күйө берем.
Акылымдын, кубатымдын жетишинче,
Кыргыз элин даңазалап жүрө берем.

## Мен ыр жазам

Мен ыр жазам, көңүл келип, көңүл жибип турганда,
Элдер менен жакшы маек курганда.
Адамдардын жашоосуна көңүлүмдү бурганда.
Кээ учурда туура келет,
Залкар улуу акындардын,
Ырларын эске тутканда.
Мен ыр жазам, сүйүүм козгоп турганда,
Кээсине мен, кээси мага көңүлдөрүн бурганда.
Бул жашоонун жалгандыгын туйганда.
Эмне деген жашоо болуп баратат деп,
Адамдардын мээр ынсабы качканда.
Акча, байлык дүнүйө үчүн,
Азгырылып бүт көңүлүн бурганда.
Мен ыр жазам, олтуруп ойду жыйнап,
Кудуретим жеткенче жаным кыйнап.
Чын экенин билгенде жүрөк сыздап.
Арабызда кандай шумдук башталды,

Аял аял менен, эркектер кошулушуп эркек менен жашап калды.
Мындай жашоо уланса эгер алдыга,
Кандай болуп төрөлөт адамзаты?..

## Жашоо жыргал

Жашоо жыргал, чын сүйүшүп жүргөнгө,
Колтукташып бирге басып жүргөнгө.
Жүрөктөгү чын сөздөрдү айтышып,
Түбөлүккө бирге өмүр сүргөнгө.
Жашоо жыргал, өз сүйүүсүн тапканга,
Кол кармашып бак аралап басканга.
Көңүлдөгү чын сезимди беришип,
Көрпөсүндө эркелешип жатканга.
Жашоо жыргал, перзенттерди көргөнгө,
Уул-кыздарын бөпөлөшүп өпкөнгө.
Бир-биринен кемчиликти издешпей,
Тирүүлүктө сый-урматта өткөнгө.
Жашоо жыргал, бөбөктөрүн чоңойтсо,
Тарбияны жакшы берип торолтсо.
Сүйүнүшүп төгүп-чачып той берип,
Уул-кыздарын кадырлашып үйлөшсө.
Жашоо жыргал, уул-кызынан,
Урмат-сыйды көргөндө.
Небересин, чебересин,
Жыттап-жыттап өпкөнгө.
Жашоо жыргал тирүүлүктө,
Ак ниет өмүр сүргөнгө.
Адамдарга тегиз карап,
Мээрим буруп жүргөнгө.
Тирүүлүктүн өзү жыргал,

Адамзатын сыйласаң.
Жер бетинде бар заттарга,
Жамандыкты кылбасаң.

## Көрө албадым

Көрө албадым тирүүлүктөн,
Чындык жашап жатканын.
Адамдардын туура жолдо басканын.
Көрүп калам убактылуу,
Сый урматтап жатканын.
Көп узабай капалашып жатканын.
Көрө албадым тирүүлүктө,
Бир адамды өмүр бою сүйгөнүн.
Башкаларга көзүн артпай жүргөнүн,
Көрүп жүрөм адамдардын,
Убактылуу сүйгөнүн, аз убакыт күйгөнүн,
Кийинчерээк ызалантып жүргөнүн.
Көрө албадым тирүүлүктөн,
Адамдардын түбөлүк мээр төккөнүн.
Жубайлары бир гана,
Өз жубайын өпкөнүн.
Көрүп жүрөм кээ адамдар,
Аша чаап жатканын.
Ал да башка бирөөгө,
Төөгө окшоп чөккөнүн.
Көрө албадым тирүүлүктөн,
Тууп бөпөлөп өстүргөн.
Эне-атамдын арбагын,
Көрүп жүрөм алардын.
Өздөрү эмес тарбиясы калганын.

Алар айткан сөздүн баары,
Баштан өтүп жатканын.
Көрүп жүрөм Кудайдан,
Бешенеме жазганын.
Көрсөм деймин кыргыздын,
Боло турган жаштарын.
Жашоосуна каниет-ынсап кылышып,
Мээрим төгүп турганын.
Алдым-жуттум сүткорлордун,
Кекиртеги жуулганын.
Төрөлсө дейм уул-кыздар,
Жүрөктөрү эл деп соккон кыргыздар.

**Замана**

Биз жашаган замана,
Чын көз менен караса.
Кандай жашап жатабыз,
Кыргыз элим арада.
Кагаз акча айынан,
Абийир, уят-намысты.
Сатып жаткан замана.
Ажолору бир-бирин,
Байлыктарын кызганып,
Атып жаткан замана.
Акча үчүн эл-жерин,
Сатып жаткан замана.
Билдирбейм деп байлыгын,
Чет элдерге банктарга,
Катып жаткан замана.
Барлары дагы болсун деп,

Умтулушкан замана.
Каниет, ынсап, шүгүрдү,
Унутушкан замана.
Дубана бир сом алса да,
Батасын берген замана.
Жетекчи миллион алса да,
Менден алыс жүргүн деп,
Жазасын берген замана.
Кыйындары койкоюп,
Ырдап жаткан замана.
Жетим-жесир, алсыздар,
Сыздап жаткан замана.
Оо, кыргыздын жаштары,
Замананы караба.
Тирүүлүк өзү араба.
Алдым-жуттум сүткорду,
Киши ордуна санаба.
Акча, байлык, дүнүйө,
Кала берет бул жакта.
Эл үчүн кылган эмгегиң,
Баалана берет ар жакта.
Жайың да барат жаннатка.

## МАКБУРАТ КЫДЫРБЕКОВА



*Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун Кеңеш айылында 1981-жылы 16-декабрында аяздуу кыш күнүндө жарык дүйнөгө келген.*

*Эки кыздын сүйүктүү апасы. Учурда Москва шаарында кондитер болуп эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун ардактуу мүчөсү.*

### Таарыныч

Кездешүүбүз татаал болду билбедим.
Гүлдөй болуп, соолуп барат илебим.
Калды жерде, калып кетти тепселип,
Сага деген сүйүүм, таза гана тилегим.
Жолугуубуз катаал өттү билбедим.
Күтүлбөгөн көрүнүшкө туш келдим.
Ак сүйүүнүн тазалыгын кирдетип,
Таарынычта сен кеттиң да, мен кеттим.
Ортодо жалгыз гана, гүл ташталып,

Жан дүйнөмдү, ый ээледи башкарып.
Коштошуубуз, ушунчалык бат болуп,
Бара жаттың, сен да көзгө жаш алып.
Кош дегенге жарабадык бирибиз,
Каректен сүйлөшкөндөй дилибиз.
Сен Ай болуп, а мен Жерге айланып.
Алыстыкта чек жок болду ченемсиз.

## Баласыз эне

Толкундап жаштыктын күүсү менен,
Токтолбой күндөр узап кете берген.
Томсоруп жалгыз гана пенде жашайт,
Топтошкон элде барбы аны сезген.
Жалбырттап алоолонгон дене ысып,
Жашоону берген го тартып, кысып.
Жалгыз адам азап чегет туталанып,
Жан дүйнөсү өрттөнүп жатты кызып.
Баласыз бакыты жоктой болуп,
Билинбей баратат го күндө соолуп.
Буюрбай Жараткан бир ымыркай,
Бериптир оорусун түйүп, жыйып.
Жалгыз үй, жалгыз эне баласы жок.
Жанында жөлөк кылар карааны жок
Жалынып Жаратканга ыйлап гана.
Жанында дубал турат, пайдасы жок.
Тагдырдын тамашасы оюн куруп,
Таш бооруна айланып дитин буруп.
Талкалап келе жатат эчен бакыт,
Томсортуп жүрөгүнүн жанын сууруп.
Берсин Кудай тилегеним менин да.

Жашайт эне баласы жок жанымда.
Ыйлаганын укканымда зыркырап.
Чыдай албай кошо ыйлаймын дайыма.
Берсин Кудай наристени баарыңа.
Болсун анын акыл-эси жайында.
Таштап кетип карабастан энесин.
Себепкер болбосунчу ыйында.
Берсин Кудай тилектерин тептегиз.
Энелерде болбосунчу ый дейбиз.
Жалооруган көздөр болбой дайыма,
Кубанычтан ыйлап турсун энебиз.

## Сырдуу гүл

Көңүлүмдү тартып турган өзүнө
Гүл туруптур, татынакай бөлмөмдө.
Ким жөнөткөн түшүнө албай апкаарып,
Суроо салдым, жанымдагы бөлмөгө.
Билбеймин деп, айтышат күлмүңдөп
Кээ бирлери, бул сенин сүйүүң деп.
Эгер болсо, чындыгында ак сүйүү,
Издерсиң дейм, из суутсам, сен издеп.
Көпкө карап, кыялдарга малынып,
Көңүл чиркин ооругансып таарынып.
Көз алдымда, жомоктогу мырзадай,
Кеткенсидим өткөн күндү сагынып.
Сырдуу гүл, катпачы сен сырыңды,
Себеп болдуң, жаздым ушул ырымды.
Сезимдерге бүлүк салдың туйлатып,
Ошондон да жазгандаймын чынымды.

## Кыш кечи


Аалам сулуу, табият да эң сулуу.
Айта алгыс же таба алгыс миң сырлуу.
Түйүнчөгүн түйүп каткан энемдин,
Сандыгындай кулпуланган бүт тулку...
Ай сулуу да, аны жапкан түн сулуу.
Айланага тегиз чачкан бүт нурдуу.
Апакемдин мээриминдей бөлгөн,
Чачыраган жебелери сыйкырдуу...
Тынчтык сүрүп өкүмдөдү ааламды.
Чарчагандан, чаалыккандай талабы.
Жер бетинде, аппак кебез төшөлүп,
Бак-дарактар кийген бубак чапанды.
Көл көшөрүп мелмилдеген калыпта.
Жылгаяктуу көк муз басып жабыкса.
Асман тиктеп, күзгү болуп жалтырап,
Сулуулугун көрсөткөндөй булутка.
Кыштын кечи... табийгаттын бир түнү
Ызылдаган бороон айдап бүт суукту.
Жер кезип, айланганча таң да атат.
Тартып бүткөн эбак бирок сулуулук.

## Сулуулук

Назик болгон, гүлдөр сулуу башкача.
Ыргалышып желге эркелеп жайкала.
Адамзатта, дал ушундай сулуулук,
Жашаган го, бала чакта таптаза.
Табиятта суу да, сулуу башкача.
Мөлтүрөгөн тунук чиркин кашкая.

Адамзатта, дал ушундай сулуулук,
Жашаган го он сегиз жаш куракта.
Тоолор сулуу, бир-бирине уланып,
Көк булутка, тирөөч сымал суналып.
Адамзатта дал ушундай сулуулук
Жаралган го баш кошкондо кубанып.
Жылдыз сулуу жымыңдашып караган.
Алтын казык, таң Чолпону баарынан.
Адамзатта, дал ушундай сулуулук,
Наристелүү болгон кезде жаралган.
Күн сулуу, түн сулуу, аалам сулуу,
Жаратылыш кучагын камтыган.
Өмүр сулуу, жашоо сулуу башатты
Адамзатты, адам кылып жашаган.
Өмүр сулуу, жашоо сулуу башатты,
Адамзатка сыноо берип жашаган.

# МУХАМБЕТ КАНЫБЕК УУЛУ




*1992-жылдын 4-майында Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылында туулган. «Таң нуру» аттуу китептин автору жана «Москва кайрыктары» клубунун активдүү мүчөсү жана техникалык редактору. Учурда Москва шаарында эмгектенет.*

## Жоолукчан

Жактырган кызым жоолукчан,
Жашоомдун көркү жоолукчан.
Жараткан жазып тагдырга,
Жашымдан сүйүп жолуксам.
Түш көргөн кызым жоолукчан,
Түштөрдүн баарын жоорутсам.
Түгөйүм болоор бекен деп,
Түтөнөм жооп угуштан.
Ойлонгон кызым жолукчан,

Ойлордун баарын чогултсам.
Оо дүйнө ачар кучагын,
Окутсам намаз, окутсам.
Эңсеген кызым жолукчан,
Эгемен тилеп жолуксам.
Элимден жылуу бата алып,
«Экөө жуп экен» деп уксам.

## Мигрант ыры

Жалындаган жыйырмадагы курактабыз,
Жашыбыздан өз мекенден узактабыз.
Жарышып иштин баарын бүтүрүп,
Жаңыртып жат өлкөнү баратабыз.
Күүлөнүп күчкө толгон убактабыз,
Күйүнүп түркүн ишке байланабыз.
Колдорубуз ылай-баткак болгон менен,
Коолдолуп бара жатат айланабыз.
Ойлогон максаттар көп алдыдагы,
Ой менен тосуп келем аткан таңды.
Ойдогудай коолдоп алсак экен деп,
Ош, Бишкекти, жети дубан Кыргызстанды.

## Жарма жана ФМС

Карегимде апакемдин жамалы,
Кайнап турат казанында тамагы.
Даамы таттуу тилимден эч түшпөгөн,
Эске түштү балалыгым баягы.
Бөтөн элдин жеринде конок болуп,
Даам жутпадым апакемдин тамагындай,

Жакшы-жаман күндөр өттү жомок болуп,
Кыш чилденин согуп өткөн шамалындай.
Бир батирди он беш адам ээлегенбиз,
Ашканада алты казан кайнап турат.
Ары чыгып кайрылып кирген сайын,
Акырындап милициялар пайлап турат.
Апакемдин тамагынын даамын эңсеп,
Жарма кылдым кууруп алып унду эптеп.
Муздаганча терезеге койгон кезде,
Милициялар кирип келди «выходим» деп.
Миграниттын түйшүгү көп башындагы,
Ачуум кайнайт бырыш кетпей кашымдагы.
Тор ичинде олтурабыз топтолушуп,
Камап салган карыларын, жашын дагы.
Курсак сылайт ачып калса карындары,
Убакыт, саат созулуп ага берди.
А менинчи жарма турат оюмдагы,
Уурталбастан терезеде кала берди.

## Сен бөлөк окшойсуң

Сен бөлөк окшойсуң. Жоолугуңду, кийген узун көйнөгүңдү көрүп, ошол адамымды таптым деп мен сүйүнүп адашкан окшойм. Ал мага жумшак күлүп, ширин сүйлөчү жана жолугууга келгенде жанымдан чыкпачу. Ар көрүшкөн сайын түрлүү көйнөгүн кийип жоолугун да аябай кооздоп салынып алчу. Дагы кайсы күнү көрөт экемин деп күндөрдү күтүп өткөрчү болдум. Сен ал адамга бир күчтүү окшоп кетесиң, бир туруп таптакыр окшобой каласың, себеби сен аз сүйлөйт экенсиң. Учурда ал адамды көптөн бери көрө элекмин, жолугушпай да калдык. Бир

күнү ал мага мындайча келди. Колуна сумка кармап наристенин тыкыйган кийимдерин салып алган. Аркамда ээрчип сүйлөп келе жаткан, сөз узатканча бурула карасам эңкейе калып жоолугунун кыры жүзүн тосуп калды. Кайра алдыма карасам колумда наристе көтөрүп бара жатыпмын. Уйкумдан ойгонуп кеттим. Ал дайыма түшүмдө келет да мага ушул күнгө чейин жүзүн көрсөтпөйт. Жакшылап элестете дагы албаймын, бирок бир секундалык гана жылмайусу көз алдыма келе түшөт, андан дагы көзү кандай экенин эстей албайм, тек гана кылыктанып күлгөндөгү нурдуу тиштери менен бурула баскандагы жоолугунун кызыл-ала экенин эстей алам.

Сени көргөн сайын ошол түшүмдөгү кыз эсиме дароо келе түшчү болду.

Ошол адамга сенин келбетиңи окшоштуруп, сени жактырып алдым. Өкүнүчтүүсү сен ал адамдай сүйлөп, мамиле түзүп көңүлүңдү да бурбай жүрөсүң. Баягы түшүмдөгү периштеге жолуктум деп сүйүнгөнүмдү сезбей, улам-улам жиберген каттарыма да көңүлүңдү бурбай койдуң. А мен болсо үмүт жолунан арыла албай, жактырып калганымды ар кайсы жол менен айтып да сени менен жылуу мамилеге келе албадым.

## Сени көрүүгө оолуктум

Телефондогу сүйлөшүүгө көңүлүм канбай сени көрүүгө оолуктум. Себеби сен өтө жөнөкөй кызсың. Шаша кийинип чачымды чала-була тарап, күзгүдөн алыстап кадамдарым биринен бири озунуп бара жаттым. Жолдон сага кандай белек аларымды билбей дүкөнгө кирип, түрлүү мамалак куурчактарды көрүп арасынан жакшынакай

көрктүү көрүнгөн мамалак сатып алдым. Аялдамага чыгып автобус күтүп турсам арка жагымда ыйламсыраган жаш кыз апасынан кайра-кайра мамалак алып берүүсүн суранып жатты. Тыңшап угуп туруп калдым. Байкуш эне кызына карап «чуш, ыйлаба, кийинчерээк акчам болгондо алып берем, ыйласаң азыр уят болобуз» деп, шыбыраганы угулуп жатты. Кырдана карасам кызынын көзү коёнекти тиктеп туруптур. Көзүнүн жылуу жашы кирпиктерин аралап турат. Апасы автобустун келээрин тиктеп, утурлап моюн созуп эртерээк кетип калууну каалагансыйт. Аркама кайрылдым да коёнекти жаш кызга сунсам дароо эле ала калбастан апасын тиктеп калды. Жөн, тим эле койбойсуңбу деген эне, кызынын абалына карап «Ал, алагой» деди. Ыраазы болгон эне өмүрлүү бол деп тилек айтты. Сүйүнгөн кыз көзүнүн жашын аарчып коёнекти кучагына алып, ушунчалык кубануусу менен мени тиктеп, коёнекти бир карап коёт. Аңгыча биз күткөн автобус да келди. Сен тарапты айланып дарегиңе келсем жанакы жаш кыз коёнегин мактанып сага көрсөтүп жатыптыр.

## МИМОЗА ЖАНЫБЕК КЫЗЫ



*1997-жылы 21-декабрда Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылында туулган. Азыркы учурда мектептин 11-классынын бүтүрүүчүсү. Келечекте дипломат же банкир болгусу келет.*

### Ата-энем

Тай-тай басып калганымда сүйүнгөн,
Ооруп калсам санаа тартып күйүнгөн.
Алпештеп бул эрезеге жеткирген,
Ата, апа айланамын сүйүүңдөн.
Ой-санааңар бизде болуп кагылып,
Алыс чыксаң биз калабыз сагынып.
Эч оорубай, узак жашап жүрө бер,
Келбесе дейм ата-энеме карылык.
Апа сенин кантип актайм ак сүтүңдү,
Кичинемден көтөрдүң көп жүгүмдү.
Ата, апа сиздерге таазим кыламын,
Медер туткан эң асылым кымбатым.

## Пенде жана байлык

Пендебиз да байлыкка көп кызыккан,
Эки адам жолугушса гыйбат кылган.
Азгырылба байлыкка эй адамзат,
Байлык, бийлик адамдарды кууратткан.
Бай адамдар жардам берсе жакырларга,
Ниети түз болсо деймин Жаратканга.
Ойлоном баарысы тең намаз окуп,
Ыйманы бекем болсо ар дайыма.
Пенделер өзгөрдү деп заманга шылтоолобо,
Бекер жүрбө келме айт, акыретти ойло.
Илим ал, эч нерседен кем болбойсуң,
Баарын үйрөн, Пайгамбар жолун жолдо.
Жинди сууга малынып жолдо калба,
Татыктуу тарбия бер балдарыңа.
Бул дүйнө жалган дүйнө эгер билсең,
Кызыкпагын байлык, бийлик, мансабына.

## Бир туугандарым

Бир тууганым, таянар зоом асылдарым,
Алыс жакта жүргөнүңдө билем баркың.
Сагынам жанымда жок болсоңор,
Асмандагы жылдыз сымал кымбаттарым.
Бир тууганым, көзүмдөгү карегим,
Жаратқандан амандыгың тилеймин.
Бир тууганым, дарагымдын тамыры,
Силер менен сыймыктанып келемин.
Бир тууганым, Айым, Күнүм, жылдызым,

Көрбөй калсам сагынаарым ыйыгым,
Оору, кайгы алыс жүрсүн силерден,
Силерсиңер менин кымбат байлыгым.
Бир тууганым, бирге жүргөн карааным,
Силер барда чегин билбейм санаанын.
Жүзүңөрдөн жылмайуу эч кетпесин,
Бул жашоонун көрбөгүлө жаманын.
Үй-бүлөөдө божулдашкан базарым,
Кайда барба ачык болсун сапарың.
Бир тууганым, Жаратканын белеги,
Эч убакта пас болбосун маанайың.

## Мугалимдериме

Мугалимдер өзгөчө жаралганбы,
Мугалимдер окуткан даанышманды.
Алардын орду чоң бул турмушта,
Элестетем мугалимди гүл сыяктуу.
Мугалим дарак сымал мөмөлөгөн,
Окуучуга билим берип бөпөлөгөн.
Мамилеси экинчи ата-энедей,
Жылмайса жүзүнөн нур төгүлгөн.
Мугалим билимдүү өзгөчө жан,
Мугалим эң кымбат, эң акылман.
Окуттуңар бир канча окуучуну,
Тизе бүгүп алдыңарда таазим кылам.
Мугалим дили таза аккан суудай,
Жарык берген ааламга Ай нурундай.
Мугалим шагы ийилген мөмө дарак,
Мугалим көктө жанган шам чырактай.

## Сагынганда

Сагынганда саргайдым жалбырактай,
Санаам жетпей канаты сынган куштай.
Сагынычтан сары оору болуп бүттүм,
Себелеп жымжырт жааган аппак кардай.
Сагынычтан көрбөдүм уйку бетин,
Сезип турдум жүрөгүмдүн эзилгенин.
Сыр билгизбейм сырттагы эч бир жанга,
Сагынсам да ичтен сызып жүрө бердим.
Сагынганда гүлдөй болуп алсырадым,
Сырдаша албай эч ким менен буулугамын.
Сынбайынчы сагынычтын айынан деп,
Сабырымды акыл менен кармадым.
Сагынганда булак.болдум мөлтүрөгөн,
Сыр айталбай эч кимге мөгдүрөгөн.
Санаймын күндөрдү айлап-жылдап,
Сагынычтан ар бир күндү мен өткөргөм.

# МИНУРА САГЫНДЫКОВА



*1984-жылы 24-майда Жалал-Абад облусуна караштуу Токтогул районунун Ничке-Сай айылында туулган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Сүрөтүң

Мен сени сагынганда көрөйүн деп,
Таппадым жансыз элес сүрөтүңү.
Капкара күлгө айлантып салыптырмын,
Калдыгы калбасын деп өткөн күндүн.

Өчөт деп менде болгон бардык элес,
Ойлогом жок кылганда сүрөтүңү.
А бирок мен баары бир адашыпмын,
Кайдан билдим жүрөктөн өчпөшүңү.

Сагынам кээде сүйкүм ажарыңды,
Эңсеймин, көргүм келет жамалыңды.
Азаптуу арман менен күтүп жүрөм,
Деги айтчы кантип билем кабарыңды?..

## Бакыт тилейм

Биздин турмуш бир кемеде уланып,
Баш кошконбуз ак батага чулганып.
Алоолонгон сезим жанбай жалп өчтү,
Тагдырымдын ак барагы булганып.

Биз жамгырдын суугуна чыдабай,
Шамалына беттеп баса албадык.
Балким бизге жеңилдиктей көрүнүп,
Биз экөөбүз эки жолду тандадык.

Өстүрбөдүк биз балдарды экөөлөп,
Эркелетип садага деп бөпөлөп.
Ойлонбодуң келечегин балдардын,
Кете бердиң өзгө жанды жетелеп.

Сен жүрөсүң жаның багып талаада,
Жаңы турмуш азыр сенин ойуңда.
А мен болсо эки уулумду жетелеп,
Бул турмушту жеңип чыгуу жолунда.

Эмне дейин, бакыт тилейм сага да,
Өткөн күндү жектегенде не пайда?
Өмүр берсе балдарыма Жараткан,
Бактылуу күн балким бизде алдыда.

## Менин күндөрүм

Бук болом сан ойлордон чыга албай,
Буулугам, ызаланам жүрөк ооруйт.
Жанчылып жүрөгүмдүн кан тамыры,
Калгансыйт бар үмүтүм курган соолуп.

Өзүмө өзүм батпай кысыламын,
Караңгы тунгуйукта калгандаймын.
Капилет туш болгонсуп байкабастан,
Чоочун эл арасында тургандаймын.

Кызыгы калбагандай бул жашоонун,
Телмире тиктеп турам алыс жолду.
Маанисиз өтүп жаткан ар күнүмө,
Кайрылып карагандан арданамын.

Үмүттүн үлбүрөгөн шамы өчкөнбү,
Үшкүрөм, таң атырам далай түндү.
Маанисиз баш айланткан сан ойлорум,
Мээмден чыккыс болуп орногонбу...

## Жашоо

Бул турмуштун көйгөйүнөн жададым,
Кээде туруп келбей кетет жашагым.
Бирок мага үмүт берген өмүрдө,
Балдар үчүн келет менин жашагым.

Көр тиричилик азабынан чарчадым,
Турмуш сенин качан бүтөт азабың?

Баарын таштап басып кетким келгенде,
Апамды аяп келет кайра жашагым.

Өйдө-ылдый калчаганың таштагын,
Бейпилдик бер, жаңы жашоо баштайын.
Жаратканым колдогонуң чын болсо,
Толуктаармын бактылуулар катарын…

## Жан досум

Жан досум жаркылдаган кабагыңдан,
Сагынып азыр сени жүргөн чагым.
Дос күттүм улуу-кичүү адамдардан,
А бирок сендей досту мен таппадым.

Тунжурап жалгыздыкта калганымда,
Туткундап сансыз ойлор камаганда.
Муңайып жылмайганың эске түшүп,
Заматта жетким келет мен жаныңа.

Сен гана түшүнчүсүң абалымды,
Бир сага айтар элем арманымды.
Сен жоксуң азыр менден алыстасың,
Сагындым алтын досум караанымды.

Жүрсөм да мен өзүңдөн алыс жакта,
Элесиң дайым досум көз алдымда.
Кудайым жакшы күндү аябаса,
Экөөбүз жолукчу күн бар алдыда…

## НАСЫЙКАТ АБЫЛКАСЫМОВА



*1981-жылы 6-апрелде Ош областынын Алай районуна караштуу Гүлчө айылында туулган. «Ак бата» китебинин автору. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун ардактуу мүчөсү.*

### Эркелегим келет сага

Эсеби жок бакытымды тапкандай.
Бакчамдагы булбул сайрап,
Таалайымдын аппак таңы аткандай.
Эркелегим келет менин,
Бүгүн эмес, эртең эмес, түбөлүк.
Жапжаш болгон көчөттөрдөй.
Бажырыйып жыты аңкып гүл өнүп.
Эркелегим келет сага,
Махабаттын деңизинде чөмүлүп.
Бейкуттуктун түшүмдөрү,
Күзгү бактын жемишиндей төгүлүп.
Эркелегим келип турат,
Тентек шамал сылагансып жүзүмдөн.

Берекесин берген күздөй,
Шактарынан мөмөлөрү ийилген.
Эркелетчи сүйүүң менен,
Сага деген көңүлүмдү балкытып.
Кош жүрөктөр биригишсин,
Санагандай жылдыздарын Ай күтүп.
Эркелеткиң келди беле?
Көктөгү Күн тегиз нурун чачкандай,
Махабатын каткан жүрөк,
Түбөлүктүү ынак жарын тапкандай.
Эркелегим келет сага.

## Өмүр

Өмүр чөйчөк күндөн күнгө бөксөрүп,
Куса менен бул өмүрдү өткөрүп,
Түгөнгөндө ичээр суубуз бир күнү,
Көмкөрөбүз жашообузду бөктөрүп.
Мезгил чиркин, агып турса дайрадай,
Ташкынынан кылчактайбыз аярлай.
Токтотууга болбос алтын өмүрдү,
Биз кетээрбиз аркабызды карабай.
Өчкөн шамды тутандырар айла жок
Тагдыр менен алпурушуп ойноктоп.
Байлыгына манчыркансын бирөөлөр,
Буга чейин кайрылгандар болгон жок.
Жашообуздун тамырына күз келип,
Жалбырагы түшкөн сымал сеңселип.
Сапырылып ылдый карай төгүлүп,
Сапар карыйт, келбес убак кез келип.

## Жарыгым болчу

Булут көчүп кайдадыр бараткансыйт,
Желбиреген жел менен бирге шашып.
Үмүттөрдүн агарган таңы аткансыйт,
Сезимдерге жоогазын гүлүн ачып.
Каректериң жылмайып кагылышса,
Көңүлүмө тептегиз нурун чачат.
Сен жөнүндө айтылган жаман пикир,
Бир заматта көөдөндөн алыс качат.
Жарыгым болчу өзүң таалайыма,
Таптакыр бекемдиктен урабаган.
Жазылган ушул тагдыр маңдайыма,
Тилегим айтып жүрүп сурап алгам.

## Жолукканда экөөбүз

Күн санап күтөөрүмдү сезесиңби,
Сагынып сен да мени келесиңби.
Ардагым экөөбүздүн жолугууда
Апакай гүлдөрүңдү бересиңби.
Жалжалым экөөбүздүн жолугууда
Жоогазын гүлүн терип бересиңби.
Кыялга батканымды сезесиңби,
Кумарлуу көздөрүмдү көрөсүңбү.
Кымбатым экөөбүздүн жолугууда
Кучактап саамайымдан өбөсүңбү.
Кубанып кучагыңа толуп турсам
Акырын ийиниңе жөлөйсүңбү.
Жыл санап күтөөрүмдү билесиңби,
Жыргалдуу күндөрүмдү көрөсүңбү.

Жылажын үнүң менен жолукканда
Жылмайып ырдап мага бересиңби.
Жалжалым экөөбүздүн жолугууда
Жоогазын гүлүн терип келесиңби.

## Кыргыз жерим

Мөңгүлөрдөн ак калпагың кайкалап,
Ала-Тоомдо жашыл кебез жайкалат.
Көлдөрүндө балык туйлап сүзгөндө,
Көргөн жандын көңүлдөрүн жайгарат.
Асман тиреп арчалары, карагай,
Кыдырсаң да кумарыңдан тарабай.
Жайлоолору гүлгө оронуп аңкыса,
Оонап жатып алгым келет баладай.
Ташка урунуп дайралары эркелеп,
Мажүрүм тал жээктеринде сеңселет.
Карагаттар мончок болуп тизилип,
Секелекти күтүп жатат терсе деп.
Булбул кушуң сайраганда үн созуп,
Буулуккан чер жазылат го, бир толук.
Жаныбарың жайбаракат кыдырат,
Кенен басып, кепшеп анан оттошуп.

Кылымдарда кайталангыс мазардай,
Кызыкканга күйүт ырдай, казалдай.
Кыргыз жерим, тарыхыңды баалашып,
Жүргөндөр көп, сен жөнүндө жаза албай.

# НУРЗАТ ИБРАИМ КЫЗЫ



*1991-жылы 23-январда Ош областынын Ноокат району-на караштуу Он-Эки-Бел айы-лында туулган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Ата Мекен

Алыстарда кадырыңды сездикпи,
Ата Мекен, сенден кээде бездикпи?
Сагынычтан көңүл чөгүп турса да,
Шашпай дагы анан барам дедикпи?
Кең талааңда жүрүп сенден кеттикпи,
Өнүктүрбөй же түбүңө жеттикпи?
Эл көзүндө сени сүйөм деген менен,
Акча артынан өзгө улутка бердикпи?
Алтын мекен Кыргызстан деп таптыкпы,
Алтындыгың барктабастан жаттыкпы?

Чөңдорумдун чөнтөктөрүн толтурса,
Мейличи деп көздү жумуп саттыкпы?
Кел тууганым, мекенибиз коргойлу,
Өз мекенин тангандардан болбойлу.
Бизден кийин муундарыбыз үчүн,
Азыртадан келечегин ойлойлу...

## Жолдошума

Эрте-кеч жанымдан карыш жылбай,
Эркелеп жүрөсүз жаным тынбай.
Эгерде көрбөсөм бир аз мүнөт,
Эзилип кетет го жүрөк ыйлай.
Үнүңүз укпастан жүрүп калсам,
Үшкүрө телефон карай калам.
Үмүтүм, берекем, асылым дей,
Чыдабай мен сизге кайра чалам.
Кызганып кез-кезде таарынганым,
Билиңиз бул менин сагынганым.
Сүйүүңүз алмашпайм мен эч качан,
Жарыгым өзүңүзгө багынганым...

## Апам-Атам

Алыстарда сени абдан сагынамын,
Аралык узагына мен таарынамын.
Амандыгың Жаратканга колум жайып,
Ар убак ниет кылып суранамын.
Периште сен экенсиң жаным апам,
Пейлимди көрсөтсөм да ичке каткан.
Перидей сулуу жансың баарынан да,

Периштемсиң жүрөгүмдө орун тапкан.
Аяр карап ар бир күнү эртең менен,
Апакем ай, өзгөчө мээрим берген.
«Айланайын» көздөрүмдүн карасы деп,
Ажарымдан сылап гана эркелеткен.
Ар дайым көңүлүмө карап жүргөн,
Асырап, капалансам кошо күйгөн.
Асылым, кагылайын жаным атам,
Ардактайт эрке кызың сени сүйгөн.
Тагдырыма ыраазы болуп келем.
Тайгылсам да тура алам өзүң менен.
Таалайыма аман эле болууңузду,
Талыкпастан Аллахымдан сурай берем.
Ата, сага кээде катуу сүйлөгөнүм,
Акылсыздык экенин түшүнбөпмүн.
Азыр болсо атакем ай, күлкүң үчүн,
Аябастан сарптаймын болгон күчүм.
Атам-Апам үйүбүздүн чырагы,
Өчпөй турган сүйүүбүздүн булагы...

## Болбой калдың

Ооруган жүрөгүмө канжар малдың,
Ооруга көнгөн кезде суурул алдың.
Кантейин садагасы, эми мага,
Берекем болчу элең, болбой калдың.
Турмуштун тайгак жолу тайгыландың,
Кеткенче кайра артына кайрылбадың.
Асылым көңүлүмдү, жарты кылдың,
Алтыным өзүң дегем, болбой калдың!
Сен мени сүйөм дедиң, сүйө албадың,

Билгенмин ошондо эле алдаганың.
Ардагым сага катуу байлангандан,
Жалгызым деген элем, болбой калдың.
Күн өтсө жаңыланып, улам айлап,
Көрүүгө издейт болчум, жолуң пайлап.
Эстейсиң ошол кезде жаным мени,
Жүргөнүң көрөт болчум сен да ыйлап!
Кош дедиң, а мен сага айталбадым,
Колуңду койо бердим, кайтарбадым.
Кечир деп келгениңде айтаар элем,
Сүйгөнүм болчу элең, болбой калдың!..

## Ооруй турган болуп калды жүрөгүм

Ырларыңыз баары сонун сүйөмүн,
Жаңы ырларды күтүп сизден жүрөмүн.
Бир азга эле укпай калсам ырыңызды,
Ооруй турган болуп калды жүрөгүм.
Обон салып комуз менен сиз ырдап,
Ойго батып угуп калам мен тыңдап.
Өзүмчө эле кызганамын негедир,
Жалган эмес, айтып жатамын чындап.
Жалгыз калсам ырларыңыз угамын,
Көңүлүмдүн баарын сизге бурамын.
Атыңызды жарыялап жазбастан,
Атап койдум менин сүйгөн «ТУМАРЫМ».
Бир сырым бар айта албай жүдөдүм,
Билбейм неге жолуңузду күтөмүн.
Бир мүнөткө көрбөй калсам сүрөтүңүз,
Ооруй турган болуп калды жүрөгүм...

# НАЗЫМХИКМЕТ МАРАТ УУЛУ



*1997-жылы Ош областынын Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылында туулган. Синергия университетинин экономика факультетинде окуйт. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Сиз бар апа

Сиз бар апа, биздин жашоо түгөл болот,
Сиз бар апа, жашообуз гүлгө толот.
Жаратканым узун өмүр берсин сизге,
Сиз бар апа, бизде тунук сүйүү болот.
Биздин жашоо маңызыбыз, сизсиз апа,
Эч убакта болбоңузчу бизге капа.
Оорубаңыз, бар болуңуз бешенеме,
Чаңкасам суу берерим, сизсиз апа.
Сиз бар апа, айланам көрктүү болот,
Сиз бар апа, жашообуз нурга толот.
Жүрөгүңөн мээрим төккөн балдарыңа,
Сиз бар апа, караңгы жарык болот.

## Комузчу чал

Көздөрүнөн көрүп турам кайгыны мен,
Ырдап жатат күүгө салып комуз менен.
Баарыбыз кулак сала тыңшап калсак,
Атын айтты ырынын «арман» деген.
Эки көзү мөлтүрөп жашка толгон,
Эй адамдар, көзүң ачып азыр ойгон.
Ата-энени урматтап сыйлагыла,
Бакбаймын деп көчөгө таштап койбоң.
Жашы болсо жетимиштен ашып калган,
Кардуу суукта эки бетин үшүк алган.
Ал да байкуш арманын ырдап жатат,
Ал ырга да өз тагдырын камтып алган.
Баштады ырын анда мына мындай,
Ары жок бул жашоого таарынгандай.
Балдарынан жакшы күн көрбөгөнүн,
Ырдап жатат кайгысын жашыралбай...

## Бир аялга

Күйөөсү ичет күнүгө,
Жакшы күн көрбөйт үйүндө.
Балдарын багып, кирин жууп,
Зар болду аял күлкүгө.
Кайната турат жекирип,
Сүйлөсө урушат кайнене.
Күйөөсү турат кекетип,
Заарын чачып тимеле.
Чоң баласы эми гана жетиде,
Ортончусу чыккан эле экиге.

Кичинекей алты айлык баласы,
Бөлөнөт аппак арча бешикте.
Көкөй кести күнүмдүк көр оокат,
Жондон түшпөйт отун салган ала кап.
Жарытып эри иштебей эч жерде,
Жоолук дагы белек кылбайт аярлап.
Элдер агып Россияга барып жатты,
Акча таап үй-бүлөөсүн багып жатты.
Эл катары иштеп жашап Россияда,
Маянасын балдарына салып жатты.
Сааты менен иштейт аял күнүгө,
Жыйырмасы жашайт орус үйүндө.
Жамийла Даниярды сүйгөндөй,
Тийип алды келин башка күйөөгө.

## Кеч гүлүн ачкан роза

Кеч күздө кызыл роза ачып гүлүн,
Бул менин болду го дейм алгач сүйүүм.
Жашоомдун эң бир сонун көз ирмеми,
Көпкө чейин эсимден кетпей жүрдүң.
Үзүп алсам соолуп калса эмне болот,
Кайгы-муң жүрөгүмө анда толот.
Жок үзбөйм, өсө берсин дагы-дагы,
Кеч күздөгү махабаттын гүлү болот.
Күүгүм кирип мен үйүмө кеттим кайтып,
Роза калды жалгызсырап гүлүн жабып.
Эрте менен жүгүрүп жетип барсам,
Кетишиптир розаны үшүк чалып...

# НУРЛАН БЕЙШЕБАЕВ



*Ош областынын Алай районунун Коңур-Дөбө айылында 1986-жылы 3-февралда кедей-дыйкандын үй-бүлөөсүндө туулган. Арпатектир орто мектебин бүтүргөн. 21 жашынан ыр жаза баштаган, азыр эл катары Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Арак

Арак менен дос бол деп,
Шайтан айтып баратты.
Ичип жатып аз-аздан.
Түн жаңырып таң атты.

Кечинде барам буткага,
Төрт шише жетет суткага,
Карызга алып бар-жогун,
Катып алам курткага.

Берилип кеттим арака,
Жүрөктөн кетти жарака.
Аялымды кетирип,
Үйүмдөн кетти береке.

Жинди суунун арагы,
Адашкандын талабы.
Ичпей койсом аракты,
Ичкен адат калабы.

Жерди тепсең чаң чыгат,
Чиркейден да кан чыгат.
Учуп жүргөн аарылар,
Кусуп койсо бал чыгат.

Кумурсканын ийинин,
Казып жерге дан чыгат.
Чет элде жүргөн кыргыздын,
Ичкенин көрсөң жан чыгат.

Жашы өткөн аркардан,
Жол баштоочу мал чыгат.
Элүүдөн ашкан чалдардын,
Ичкенин көрсөң жан чыгат.

## Москва

Өз өлкөмдө ишим болсо кандай жакшы,
Өз тилимде сүйлөп жүрсөм андан жакшы.
Акчам жетпейт, өкмөткө иштегенче,
Орустарга иштеп, дача салган жакшы.

Москвага жыргагандан барбайбыз,
Ал жактан биз чоң иш сурай албайбыз.
Курулушта, дүкөндөрдө иштеп жүрүп,
Москванын милициясын багабыз.
Дем албайбыз, талыкпастан иштейбиз,
Суук болсо арак-пиво ичпейбиз.
Алардын биз айлыгына кызыгып,
Алган менен ден-соолукту көп жейбиз.
Айлык алсак биз айылга салабыз,
Жеп-ичкенге акча алып калабыз.
Үч жыл бою, айды-күндү эсептеп,
Биз кайрылып, өлкөбүзгө барабыз.

## Чыңгыз да өттү

Кыргыз деп күндү батырган,
Кыргыз деп таңды атырган.
Чындыкты дайым сүйлөгөн,
Чыңгыз да өттү дүйнөдөн.
Кыргыздан чыккан хан эле,
Сүйлөгөн сөзү бал эле.
Сүйүнтүп кыргыз жүрөгүн,
Дүйнөдө аты бар эле.
Кылымдар бою эстелип,
Жүрөбүз дайым эскерип,
Чыгармасы калыптыр,
Кийинки муунга дем берип.
Сүйлөгөн сөзү ак эле,
Мөмөсүн төккөн бак эле.
Өлдү Чыңгыз атам деп,
Элестей албайм дагы эле.

Караңгы жерден жол тапкан,
Калеми курч жан эле.
Кайрылбас жакка кетиптир,
Калемде күнөө бар беле?..

## Ата-эне

Ырымда жазып кайрыгын,
Ата-энем менин байлыгым.
Ата-энең болсо алдыңда,
Болбойт го жаман кайгы-муң.
Ар дайым сыйлап барктарың,
Каректе жанган чырагың.
Мээримиң төгүп өстүрдүң,
Мээнетиң кантип актаймын?
Эктиңер көчөт мөмөсүн,
Жесеңер экен ата-энем.
Балдардын сыйын-урматын,
Көрсөңөр экен ата-энем.
Өмүрү барда барктайын,
Бейишке соопту сарптайын.
Батасын алып улуунун,
Бапестеп багып алайын.

## Сулуу кыз

Эки чака колго алып,
Суга келет сулуу кыз.
Жакын барып карасам,
Менден бир аз улуу кыз.
Сүйүп калган жүрөктү,

Оорутпаңыз сулуу кыз.
Ашып барса сиз менден,
Бир эки жаш улуусуз.
Жылуу жумшак сулуулук,
Жеңе албайт го улуулук.
Сүйүүм күчөп баратат,
Жүрөгүмдөн буулугуп.
Жүрөгүм ооруйт сулуу кыз,
Мага макул болуңуз.
Эгер макул болсоңуз,
Бир жылмайып коюңуз...

## НАЗГҮЛ ЭРГЕШОВА



*1976-жылы Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылында туулган. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Москва шаарында эмгектенет.*

### Сендик сезим

Сен менин өткөн күнүм, жылдарымсың,
Сезимдин төрүндөгү жыргалымсың.
Тартууга берген обон кыягына,
Чарчабай жаза турган ырларымсың.

Сен менин айтып бүткүс жомогумсуң,
Каарманы бул жашоомун коногусуң.
Тагдырдын табышмактуу оорчулугун,
Калкалап көкүрөгүн тосоорумсуң.

Ырлардан издей берчү караанымсың,
Ыргагын обонумдан табаарымсың.
Тамгалар арасынан көлөкөңдү,
Туйгузбай жүрөгүмө катаарымсың.

## Багытымсың

Сен салган дүрбөлөңдүү багытымды,
Бурганак ойлор курчап сабырымды.
Учу жок кербен көчүн жандап алып,
Ээрчиймин көрүнбөгөн закымыңды.
Урунам сенин шамал эпкиниңе,
Учуруп өзүң менен сезимиңе.
Ойлордун жорголорун токуп алып,
Кетсекпи махабаттын жергесине.
Карайлап көзүм менен айланасың,
Аркандап жипсиз мени байлагансың.
Жүрөгүң чачып турган жылуулукту,
Калтырбай бир өзүмө арнагансың.

## Кайтаар дүйнө

Намыстуу бол, түшүрбөй ак калпагың,
Жийиркеничтүү жаман сөздү айтпагын.
Карындашың, эжең барын унутпа,
Кайтаар дүйнө, бир күн келет байкагын.
Жакшы сөздүн көбүргөнүн арнагын,
Жан шериги болгун алган жубайыңдын.
Көзүң менен сүйгөн сүйүү, сүйүү эмес,
Жүрөгүңдү калбыр кылып сатпагын.
Жакшы менен жамандын да кээси бар,
Кайтаар дүйнө келет бир күн байкагын!!!

## Намыстуу жигитке

Күлүктү тандап минээриң болсо аргымак,
Кымча бел кыздар сүйүүңө сенин арзымак.
Ак шумкар болуп ат жалында ойносоң,
Ашыктык ырлар мындан да көп жазылмак.
Эргүүнү берсең жаш чагына карабай,
Кылчайып карап өткөргөн күндөр санабай.
Кызытып күндөр жашоонун агым сапарын,
Куунак кыл кунун бейчеки жакка сапырбай.
Тартынбай ырдап шаң кургун баскан жериңе,
Намысың бербей, кыргызым деген элиңе.
Сабакты алып, көп жигит барат артыңдан,
Сүйлөгөн сөзүң, орундуу дайым демилге!

## Биздин заман

Ачуу чындык, көйгөй болду бул заман,
Акылсызга, акылдуулар тең заман.
Акыйкатты айтып келсең ыйлаган,
Аргасыздан моюн сунган, чыр заман.
Капа болуп, кыргыз кызга келесиңер,
Качан жакшы, жашоо арнап бересиңер.
Жыргап жүрсө келбейт эле талаалап,
Жан кейиткен сөздөр айтып жүрөсүңөр.
Кыргызда кыздын чачы улук деген,
Кылымда кыргызымды улуу деген.
Кыргыздын кызын сүйүп сыйлап өтчүү,
Кыраан куштай кыргыз жигит сүйсүн деген.

# НУРГҮЛ ДОУЛБЕК КЫЗЫ



*1983-жылдын 27-декабрында Жалал-Абад областына караштуу Аксы районунун Кербен айылында туулган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Сенсиң эне

Сенсиң эне – бүткөн жашоом байлыгым,
Сенсиң эне – теңдеши жок кымбатым.
Кучак жайып жер энедей мээр төккөн,
Сенсиң эне – эч түгөнбөс булагым.
Сенсиң эне – мээнетиң күч кагылам,
Сенсиң эне – нуруңа мен жылынам.
Мээримиңден бакыт уя жасаган,
Кагылайын «Эне « деген атыңдан.
Эне сенсиң бейишке ачык жол салган,
Эне сенсиң ыйык наамга даңкталган.

Сен болбосоң Аалам гүлдөй болбостур,
Айланайын «Эне « деген атыңдан.
Сенсиң эне – искейм сенин жытыңдан,
Сенсиң эне – карааныңа зарыгам.
Миң айланып «Эне «деген атыңдан,
Таазим этип башым ийип жыгылам.

### Атакем

Ааламдагы көөнөрбөс менин байлыгым,
Аска-зоодой урагыс менин калканым.
Эки дүйнө жашоодогу кымбатым,
Берекем, бир өзүңүз кыйбасым.
Сапар тартсаң жан шеригиң болоюн,
Салкын шамал болуп бирге жүрөйүн.
Санаа тартпа, карааныңдан каралдым,
Сиз үчүн курманыңыз болоюн.
Шамал келсе тороюнчу тийгизбей,
Ооруу келсе тосоюнчу келтирбей.
Ажал келсе коргоюн ата өзүңдү,
Башым менен жер казайын билдирбей.
Биз үчүн көп жашачы көрөйүн,
Биз агарткан чачтарыңдан үргүлөйүн.
Мээнет менен тарбиялап өстүрдүң,
Атакебай таманыңдан өбөйүн.

### Бир тууганым

Бир боорум, киндиктешим кымбатым,
Бир тууган деп, жаным берер канатым.
Аман болуп эл ичинде кары-жашың,
Бар болгунуң, эч ооруба, көп жашагын.

Тилейм дайым, бакыт берсин баарыңарга,
Узун өмүр берсинчи деп жалпыңарга,
Кут кылсын уул, кыздарга, неберeге,
Жана да Кудай кошкон жарыңарга.
Бир тууганым өчпөс отум жарыгым,
Силерсиңер ишенер бек-таалайым.
Өмүр бою көлөкөңөр кемибей,
Маанай ачык жүргүлөчү ар дайым.
Жакшылык коштоп жүрсүн баарыбызды,
Каалайм дагы бактылуу карылыкты.
Кудайым кенен берип ырыскысын,
Жакшы күндөр ыроолосун жалпыбызды.

## Насаат

Чырпык эксең, дарак болот бүрдөгөн,
Жыл өткөн соң, мезгил келет гүлдөгөн.
Чаңкаттырбай убагында суу берсең,
Жашайт көпкө ошол дарак көктөгөн.
Тарбиялап уул чоңойтсоң акыл менен,
Ал жетилет намыс менен сый менен.
Мезгилинде насаат айтсаң жигитке,
Ал кадырлуу атка конот «ЭР» деген.
Кыз өстүрсөң наздуу, чачтуу көрк менен,
Аруу таза, арзып күткөн ой менен.
Ыйман-ынсап, акыл даана үйрөтсөң,
«Айым» болот, бак-кадырлуу ат менен.
Көкүрөккө ыйман толтур нур менен,
Эсеби жок жакшылык кыл, дил менен.
Акчаң-дүйнөң, мүлкүң калар бекерге,
Жан дүйнөңдү курчагын ынсап менен.

Байлыгына, бактысына көз артпа,
Кыянаттык жүрөгүндөн чыкса да.
Жаратканды туура жолду тандасаң,
Алла берет, ооматынды жөн гана.

## Ала-Тоо

Көгүлтүр чагылышат көпкөк асман,
Термелип шурулардай көз уялткан.
Ала-Тоом бөксөрбөгүн улуу затым,
Элимди душмандардан курчап турган.
Айткым келет кооз тоолор жөнүндө,
Жазгым келет алп акындай өкүртө.
Болсом кана, карагай же арчадай,
Жашаар элем бирге өмүр өткөнчө.
Атыңдан айланайын Ала-Тоолор,
Кудайым жараткан Жанар тоолор.
Пайгамбар бекинип күн өткөргөн,
Каапырлардан куткарган Аска-зоолор.
Сөз түркүмүн жеткире албас сулуусуң,
Жакшылыктын жышаанындай сырдуусуң.
Көркүң сенин бузулбасын кылымдарга,
Колдой көрсүн ар дайым Теңир ата.
Уламыштар өткөн экен бир жылдарда,
Илгери-илгери бир кылымдарда.
Садагасы кетейин улуу жерлер,
Жаратканым тартуу кылган Кыргыздарга.
Бүркүттөрү канат кагып учкан тоо,
Аркар, марал төлдөп туяк күткөн Зоо.
Таң бешинде Күндүн нуру себелеп,
Кучак жайып ырыскысын чачкан Тоо.

## НУРЗАТ АЙТЫМБЕТОВА



*1973-жылы 1-июнда Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Токтогул шаарчасында төрөлгөн. Үй-бүлөлүү, учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Апама

Алдейлеп алаканга салып бактың,
Бала деп канча түйшүк азап тарттың.
Жесирлик башыңа түшсө дагы,
Энекем ай, он баланын түзүп шартын.

Энекем ыйык болуп жаралгансың,
Оорусам, күлсөм дагы жанымдасың.
Сен менен ааламда мен бактылуумун,
Уктасам, турсам дагы ойумдасың.

Көрбөй калсам тез эле сагынамын,
Ааламда теңдеши жок асылжансың.

Жаркылдап алдыбыздан тосуп чыгаар,
Энекем амандыгың тилейм дайым.

## Кем дүйнө

Арман дүйнө адамдарды каралап,
Арсыздар эй, жүрөгүмдү жаралап.
Ылаачындай шумкуп учуп мезгилдер,
Өмүр өтүп чачтарды ак аралап.

Курбуларым сагыныштык, кездешели,
Окуучулук бала күндү эстешели.
Өзөксүз өмүр өтүп кеткичекти,
Капаланып таарынышсак, элдешели.

Жашоондо, түркүн жылдар, түркүн айлар,
Жыбылжып өмүр өтөөр, жашоон калаар.
Бул дүйнөң жалган жашоо, мейман адам,
Болсочу бул дүйнөнү кармап калаар.

## Мээрим кызыма

Алдейлеп алаканга салып баккам,
Мойнуңа түрлүү мончок-шуру таккам.
Ыйласаң же чалынып сен жыгылсаң,
Жалбарып сүйүп жерден так тургузгам.

Элжиреп эне мээрим төгүп баккам,
Энелик акыл-насаат кебим айткам.
Бой жетип кызым эми сен чоңойдуң,
Бактылуу бол, бак берсин Алла Таалам.

Турмуш жолун Азат экөөң аттадың,
Кабыл кылсын ата-эненин батасын.
Түбөлүккө бир болгула балдарым,
Мен силерге чың-ден соолук, узун өмүр,
Бакыт-таалай, каалаймын.

## Ден соолук

Түн кеземин, үчтөн төрткө карады,
Аллам мага ден-соолук бер, аячы.
Тээ... алыста калды менин балдарым,
Жок дегенде балдарымды аячы.

Оо... Жараткан таңда ак-шам каратты,
Жаным кыйнап, зээним кейип баратты.
Убайымдап араң шилтейт кадамым,
Ошентип мен өмүр тилеп таң атты.

Бул жашоону күндөлүктөй кайталанат,
Өмүрүм билинбестен өтүп жатат.
Сырдашып сырым айтпай мен эч кимге,
Кыйналдым, эч ким билбейт атаганат.

Ичимде канча арман ойлор жатат,
Жүрөгүм зыр-зыр этип ооруп турат.
Билеалбайм ушул дарттан айыгамбы?
Же балдарым чыркырашып жаш калабы?

Ар дайым мага ыйык медерсиңер,
Бак берсин келечекте жетилесиңер.
Кыялданып силерди элестетем,
Балдарым бар, байлыгым силерсиңер.

## Токтогул

Терезени тигилип тиктеп турам,
Москванын коздугуна көңүл бурам.
Жүрүшөт ар улуттан түркүн элдер,
Кастарлап чоң калаада эргип тунам.

Токтогул көз алдыма тартыласың,
Кусалык куржун болуп артыласың.
Көк майсаң ак мөңгүлүү тоо тарабың,
Кан тамырга сагыныч калтырасың.

Сапарымда чөлдөрдөн өтүп барам,
Турмуш шарттын айынан көчүп барам.
Өркөчтөнгөн төөлөрү кербен салат,
Казагымдын түгөнгүс сары талааң.

Волганын дарыясы сүрдүү карайт,
Оренбург шаары тосуп кучак жаят.
Кусамын туулган жерден алыс кетип,
Жүрөгүм өскөн жерди улам самайт.

## ПЕРИЗАТ АБДЫКАСЫМОВА



*1996-жылы 17-мартта Ысык-Көл облусуна караштуу Түп районунун Ысык-Көл (Маяк) айылында төрөлгөн. Каракол шаарындагы К. Тыныстанов атындагы университеттин юридикалык факультетинин 2-курсунда окуйт. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Москва шаарында эмгектенет.*

### Элесиң калды эсимде

Тал чыбыктай бала элең,
Татынакай ата элең.
Азыр мына кызың жазды төрт сап ыр,
Ата деген Ала-Тоонун өзү экен,
Атып чыккан мөл булактын көзү экен.
Көргөндө көптү бермек толкун көлдөй,
Кетсе да өмүр күзүн, кышын көрбөй.
Атакем алга мени сүйрөп келет,
Ажалдын алганына эч бир көнбөйм.

Сагындык, саргайдык келбедиң,
Ичтеги күйүттү сезбедиң!
Кара жер койнуна сизди алып,
Топурак сүрүлдү не дейин!
Ажалга башыңды байладың,
Армандуу калганы балдарың.
Ажалдан сизди биз талашып,
Кудай ай, ала албай жалбардым.
Тагдыр жолу өкүнүчкө батырып,
Кайгы салып жүрөгүмдү канаттың.
Орду толбос оор жоготуу сыздатып,
Аттиң дүйнө, жүрөгүмдүууланттың.

## Апакем

Ыйыгымсыз дүйнөдөгү даңк жетпес,
Чыдамкайсыз бул өмүрдө барк жетпес.
Жети бала төрөп бизди бактыңыз,
Баатыр деген ай ааламга жеттиңиз.
Апам менин назик гүлдөй жаркырап,
Балдарына согуп турат буркурап.
Эркелетип алты небересин алмак-салмак,
Жүрөгүнүн ысык сүйүүсүн аларга арнайт.
Бул дүйнөдө азап-тозок көрдүңүз,
Бир гана үй-бүлөө үчүн эмес,
Бир тууган үчүн да күйдүңүз.
Мен эми, Кудайымдан суранамын,
Апаке, ден соолукта узак өмүр сүрүңүз.

## Ысык-Көлүм

Ысык-Көлүм сен ырыскым, сен жыргалым,
Сыймыктанып коoздугуңа ыр жаздым.
Киндик каным тамган жерим мурасым,
Эстен кетпейт жийде жыттуу жыпарың.
Ысык-Көлүм алтын бешик мекеним,
Мен өзүңдөн алыс-алыс кеткенмин.
Сагынамын көздөн жаштар тамгычакты,
Аман болсом жээгиңе далай келермин.
Көл шарпылдап, ары-бери толкундары,
Пейили кең берешен көл адамдары.
Ысык-Көл касиетиңен айланайын,
Аман бол, түбөлүктө жаша дайым.

## Мигранттык күндөр

Бакыт издеп алыс-алыс жактардан,
Кыйын болду көбүнчөсү жаштарга.
Мезгил өтүп, күн кечкирип-таң атып,
Адал иштеп эмгек кылып жашайбыз.
Тууган-урук, үй-бүлөөдөн чектелип,
Бозоргондой нур жүзүбүз кезерип.
Өз жеринен ала албай мээримди,
Биз жашоону бөтөн жерден издедик.
Тагдыр бизди сынадыбы билбеймин,
Кайырчыдай көчө таптап иштедик.
Кайгы салып жүрөктөрдү муздатып,
Кенен жатып, ысык тамак ичпедик.
Четте жүрүү абдан кыйын билсеңиз,
Жүрөк сыздайт, көздөгү жаш термелип.

Талкаланып канчалаган тагдырлар,
Ден-соолуктар кетип жатат тепселип.
Кыйын күндүн кыйынына каржалбай,
Иштеп келем Москвада тажабай.
Көңүл калып, канча тажап турсам да,
Өз бактыма туура карайм жалтанбай!
Эх, миграниттык күндөр кандай кусалык,
Мекениме сүйүүм күчөйт такшалып.
Өз жеримде мүмкүнчүлүк жок болсо,
Айткылачы, кандай айла кылабыз?..

## Айтам сага

Турмушта кайгы-кубаныч бар,
Экөөсү тең келет башыңа.
Сабырлык менен күтүп ал,
Туш келсе кайгы бактыңа.
Кайгынын түбү чөл кайык,
Санасаң чөгүп кетесиң.
Тобокел түбү кең жайык,
Чыдасаң эптеп өтөсүң.

## РАСАГҮЛ КИЙИКОВА



*1989-жылы 25-июлда Баткен областынын Кадамжай районуна караштуу Майдан айылында төрөлгөн. 2012-жылы Кыргыз тил жана кыргыз адабият адистигин аяктаган. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Кечигип жатат бактым

Өмүрүм суудай акты, кошулуп мен да актым,
Жүрөктү толтуруп, күйүттүн отун жактым.
Жыйырма бешке чыгып, дүйнөдөн эмне таптым,
Өмүрдү күлгө айлантып кечигип жатат бактым.
Жүрөгүм зыркырап оорудан эзилди,
Үмүттөр токтобой шактары кесилди.
Жылытып койбой бир аз муздаган сезимди,
Бакытым кечиккени чын эле сезилди.
Каректен жаш болуп мөлтүрөп тамбаса экен,

Кечигип менден алыс адашып калбаса экен.
Кечиктиң деп айтсам эгер күнөөсүн танбаса экен,
Кайгыртып жүрөгүмдү азапка салбаса экен.
Алдамчы бул дүйнөдөн билбеймин эмне таптым,
Адашып калган окшойт кечигип жатат бактым!..

## Бактылуу болсоң экен

Багытыңды сен бүгүн, буруп кеттиң башка жолго,
Бакыт издеп колуңду, сунуп кеттиң башка колго.
Бир келген бул өмүрдө, суранарым Жараткандан,
Бүркүтүм эч качан сен, бактысыз болбо.
Сапар жолун уладың сен кай тарапка,
Сүйөрүмдү мен өзүңдү, калтырдым ак баракка.
Сен бактылуу болсоң экен, мени койгун,
Сен басчу кең жолдорго түшпөсүн эч жарака.
Мен сени артык көрөм жанымдан,
Мейли алыс болсоң дагы жанымдан.
Мен эмес сен бактылуу болсоң экен,
Мөмө байлап шактарыңа жаңыдан.
Өрт коюп жүрөгүмө, күйдүрүп тагдырым,
Өчүрүп күйүтүмдү, төкпөдү жаз жамгырым.
Өмүрдө сүйбөй өтсөм, алоолоп ашык болуп,
Өзүңсүз кимге арналмак, ар күнкү жаңы ырым.
Тумар кылып көкүрөккө кадап алып,
Турам ыйлап сүрөтүңдү карап алып.
Тилегеним бактылуу болсоң экен,
Туптунук сүйүүм калды жарат алып.
Бактылуу болсоң экен, сүйлөсөм сөз жетпеген,
Бакытка тунсаң экен, тиктесем көз жетпеген.

## Ыйлаба

Абалыңды көрүп туруп кыйналамын,
Койгун эми, суранарым кыйнабагын.
Арзыбайт чындыгында эч нерсеге,
Аманат дүйнө үчүн ыйлабагын.
Жанталашып мал дүнүйө жыйнабагын,
Мансап үчүн жүрөгүңдү кыйнабагын.
Бул аманат алдамчы бир дүйнөдө,
Болоор-болбос нерсе үчүн ыйлабагын.
Жагалданып амалдууну сыйлабагын,
Андан көрө ата-энеңди сыйлап алгын.
Турмушуң бир аз болсо жупуну,
Таарынып тагдырыңа ыйлабагын.
Оору эзип бүт жаныңды кыйнаса,
Айыга албай жатсаң деле кыйлага.
Сабыр кылып шыпаа тиле өзүңө,
А бирок кыйналдым деп ыйлаба!
Каралдым ай, кара көз ыйлабагын,
Кансыратып жүрөгүңдү кыйнабагын.

## Өмүр

Өмүр өтөт жүрөгүмдү жаралап,
Өткөн сайын чачымды ак аралап.
Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн эзилип,
Турам бүгүн убакытты каралап.
Күндөр уурдап азайгансыйт өмүрүм,
Ал ансайын катуу ооруйт көңүлүм.
Өмүр бүтүп бараткансыйт ойлосом,
Батпай кетет жүрөгүмө өкүнүүм.

Жаралып калдык беле ылайдан,
Жан салынып ырайымдуу Кудайдан.
Бүгүн бар балким эртең жоктурбуз,
Жаралбайбыз бул өмүргө кайрадан.
Макул эми өкүнгөндөн пайда жок,
Тагдырдын буйругуна айла жок.
Бир гана ирет жаралып бул дүйнөгө,
Болобуз бир күн эртеси эле кайра жок.

## Жалгыз алма

Биз өспүрүм бала элек ал кезде,
Эмне жетсин артта калган ал кезге.
«Сен үчүн уурдап алдым муну» деп,
Жалгыз алма сунган кезиң эсимде.
«Уурдап келдим» дегениңе таңдана,
Деп ойлодум ууру бекен бул бала.
Жүрөгүмдү каптап турду өкүнүч,
Колумду сунганымда алмага.
Кармап турдум колдон аны түшүрбөй,
Сенде болгон сезимдерди түшүнбөй.
Азыр мен ал күндөрдү таппаймын,
Бир уктап көрүп аткан түшүмдөй.
Айыгабы жараатымды байласам,
Күнөө беле алма алсам колуңдан.
Ээх, чиркин, түшүнбөпмүн ошондо,
Мени сүйгөн экенсиң да байкасам.
Жоголду ошол күндөр түртүшүп,
Тагдырларым кетти мага күлүшүп.
Сенден калган жылуулукту табалбай.
Азыр турам саратанда мен үшүп.

Күтпөймүн, макул эми кайра келбе,
Баштагыдай жалгыз алма уурдап бербе.
Бирок сени эстей берем ар убакта,
Колума алма алып аны жээрде.
Сен мага уурдап берген жалгыз алма,
Айланып калды азыр арманыма.
Шумдугуң кур таң калууда турамын,
Жүрөгүмдү сен уурдап алганыңа.
Бир алмага алмаштырып жүрөгүм,
Азабыңды канча тартып жүдөдүм.
Үмүт үзбөй кезигеби кайра деп,
Жылдар бою сени издеп жүрөмүн.
Бир алмага алмаштырып жүрөгүм,
Ал ууруну азыр издеп жүрөмүн.

# РОЗА ЭШМАТОВА



*1951-жылы 26-апрелде Жалал-Абад облусунун Бек-Абад айылында төрөлгөн. Кесиби тигүүчү. «Москва кайрыктары» адабий клубунун ардактуу мүчөсү. Москва шаарында эмгектенет.*

## Козу карын

Козу-карын чыгат токой, адырга,
Күн күркүрөп, жамгыр нөшөр жааганда.
Алардын жакканын алат, эл терип,
Дил түбүнө шам чырагын жакканда.
Мейли чыксын козу-карын жабылып,
Алардын да өз орду бар жашоодо.
Эгер кетсе алар калбай чабылып,
Кайдан чыкмак Чынар деген алоо да.
Козу-карын кичинекей, көрүмсүз,
Болсо дагы элге жагаар жагы бар.

Камтылганда аз да болсо байкушка,
Адамзатка керек болгон дарылар.
Туура айтты Акылбек, Тынчтык, Айымкан,
Эч качан, болбосун эч ким жарадар.
Эт жарылса бүтөт бир күн эч шексиз,
Бүтпөй калат, сөздөн алган жаралар.
Ошондуктан кемсинтпестен Чынарлар,
Колдон келсе сүйүп жардам бергиле!
Ал да ашып, бир күн тоо, адыр-кырлар,
«Чынар» болоор бой созуп көккө телмирип.

## Жигиттерге

Жигиттер бар – эл-журт тынч асман ачык,
Күн да турат, көктөн бизге нурун чачып.
Булбул сайрап, гүлдөр жайнап, гүл бакта,
Кыздар сулуу жайкалышат, жүзү жаркын.
Жигиттер бар – бекем чектүү Ата-Мекен,
Өз жанынан ыйык турат Мекен деген.
Кылымдардан бийик тутуп намысты,
Ата-бабам күрөштөрдө кебелбеген.
Жигиттер бар – жергемде тынчтык өкүм сүрөт,
Аялзат, наристелер шандуу күлөт.
Ала-Тоодой пейили ак балбан элим,
Түбөлүк өз мекенин даңктап жүрөт,
Жигиттер бар – Кыргызстаным гүлдөп өсөт!

## Эне тилим

Кыргыз тили – эне тилим, эне сүтүм,
Сени менен коңгуроодой чыгат үнүм.
Бул жашоодо калсам чүнчүп, жан таппай,

Сенсиң менин шам чырагым, жарык күнүм.
Кыргыз тили – эне тилим, эне сүтүм,
Сени менен жер карабайт жарык жүзүм.
Сени сүйүп, баратабыз туу тутуп,
Бабаларым, элим дагы анан өзүм.
Кыргыз тили – Эне тилим, эне сүтүм,
Бүт барлыктан бийик турат сенин күчүң.
Сактап келди таза бойдон бабалар,
Өзү сүйгөн жүрөк оту урпак үчүн.
Кыргыз тили – эне тилим, эне сүтүм,
Сен деп согот, токтогончо жүрөгүм.
Сен жарыктык, достук, тынчтык биримдик,
Таза дилдер болсун сенин түнөгүң.
Сени менен терем жаштык гүлдөрүн.

## Китепти сүй ардакта

Китеп оку, китепти сүй ардакта,
Китеп менен жетесиң ой-максатка.
Китеп дос, китеп байлык, китеп шам,
Китеп акыл, алга өрдөп баруучуда.
Таза сакта, жыртпай китеп барагын,
Китеп сенин жашоо жолуң, жарагың.
Китеп деген таанытып ак-караны,
Китеп сенден аянбайт эч жардамын.
Китеп бул көрөөр көзүң, жан дүйнөң,
Китеп бул, жемиш багың бүрдөгөн.
Китеп менен орундалат кыялдар,
Китеп бул келечегиң түрдөнгөн.
Китеп сенин тарбиячың, насаатың,
Китеп менен бийиктейсиң, асылсың.
Билбегенди аласың сен китептен,

Китеп окуп бороон, нөшөр жалынсың.
Китеп бул, түгөнбөгөн бакыт кенч,
Китеп оку, жалкоолуктан дароо кеч.
Китеп сенин кыйышпаган жан досуң,
Китеп деген мүрөк суусу, бейиш, чеп.

## Менде бар

Жашоодомун жупуну, жөнөкөй,
Бирок кыйын алга умтулуп, өрдөмөй.
Жулгум келип жетишпестик кишенин,
Чымырканып, тырмышканын өйдөлөй.
Жашоодомун жупуну, жөнөкөй,
Менде жок, бийлик, байлык мартаба.
Бирок бар, мээрим оту опол тоодой,
Картайбаган, өмүр бою өчпөгөн.
Жашоодомун жупуну, жөнөкөй,
Менде жок мунаралуу кең үйлөр.
Бирок бар, элге деген ак сүйүүм,
Тайгылганда колтугумдан мени сүйөөр.
Жашоодомун жупуну, жөнөкөй,
Менде жок кара өзгөйлүк, жаман ой.
Бирок бар жакшы тилек, арзуулар,
Көз жеткис, бийиктикке созгон бой.
Жашоодомун жупуну, жөнөкөй,
Үйүм жапыз, кыял бийик, чөкпөйт көңүл.
Менде бар ыр дүйнөм, толгон жумуш,
Белек кылган өзү колдоп мага Теңир.
Жашоодомун жупуну, жөнөкөй,
Бирок мен наалыбаймын турмуштан.
Менде бар эч нерсеге алмашкыс,
Балбан элим Ата-Журтум, Кыргызстан!

## СУЛТАНБЕК БОРКОШЕВ



*1986-жылы 12-майда Баткен областына караштуу Лейлек районунун Кара-Булак айылында туулган. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Москва шаарында эмгектенет*

### Сагындым сени энекем

Эркелеткен сөздөрүң уулум деген,
Эч жүрөктөн чыкпады асыл энем.
Эңшерилип жүрөгүм сагынычтан,
Энекем ай, алыстамын азыр сенден.

Ар демимде уксам деп үнүңүздү,
Ак баракка ыр жаздым ушул түнү.
Канчалаган адамдар мээр төксө да,
Самаймын жалгыз сенин мээримиңди.

Энекем ыйыгымсың табылбаган,
Мээримиңе зар болду азыр балаң.
Өмүр сүрүң бактыма узаак-узак,
Мына ушуну сураймын Жаратканадан.

## Сүйгөн жарым

Түн коштошуп таң нуру салам берди,
Кирпик какпай узаттым ушул кечти.
Кагаз бетин сыялап ырлар жаздым,
Көз алдыма келтирип элесиңди.

Арбалып күлкү чачкан көздөрүңө,
Ашыктым жаным жалгыз бир өзүңө.
Көрбөсөм өзүңдү бир мүнөткө,
Кусалыктан өксүк тарайт жүрөгүмө.

Ак сүйүүнүн балынан бирге татсак,
Кол кармашып ээрчишип чогуу бассак.
Сый көрсөтүп ысык чай сунуп жаным,
Ата-иненин батасын күндө алсак.

Канчалаган келбеттүү сулуулардан,
Жалгыз өзүң жүрөктөн орун алган.
Сырдашым сен ойумду тең бөлүшөөр,
Санаалашым өзүңсүң мен жактырган.

Түбөлүктүү түгөйүм сүйгөн жарым,
Таарынганың жагымдуу мага дайым.
Жалгызымсың жашоодо жан шеригим,
Суранаарым бир гана кызганбагын...

## Бирок жаша адамдарча

Бийлетип өзүң жазган музыкаңа,
Башкарып ээлеймин деп ойлорумду.
Шайтанга тебелетип жолдорумду,
Мени сенден кете албайт деп ойлодуңбу?

Ишенип ушактарга каяктагы,
Түшүнбөй кала бердиң өзүң эми.
Жыргалын күнүмдүктү жашоо деген,
Ал кыздар шылдың кылаар эми сени.

Эсине келээр деп сабыр кылдым,
Ушакка кубаланган терикпедим.
Коркподуң убалынан ортодогу,
Бейкүнөө жаралган наристенин.

Бул мени сүйөт дебе мурдагыдай,
Жөн гана тилейм сенин амандыгың.
Жашай бер бирок жаша адамдарча,
Унутуп жакшысы аз жамандыгын.

## Коштошуу

Коштоштук калп жылмая жүзүбүздөн,
Айтылбас сырлар калып ичибизде.
Ортодо жалын бүркөөр ак сүйүүнү,
Барктабай баёо жаштык кезибизде.

Унутулгус ал элес жүрөгүмдө,
Жашайм дале кезигээр күндү самап.

Баштагыдай жылмая тосоор белеӊ?
Эгер келсем гүл сунуп сүйүүм арнап.

Эӊсеймин жаштыгымдын бир үзүмүн,
Экөөбүз Айлуу түндө чогуу баскан.
Суюлуп көктө жылдыз таӊ агартып,
Таӊ чолпон жалгыз биздин сырды каткан.

Сагынтып аруу күндөр сырым болуп,
Төгүлөт ак кагазга ырым болуп.

## Ойлон досум

Кыйналдым – деп, бетке кармап шылтоону,
Бар эркиӊди алдырасыӊ аракка.
Жинди сууну жеӊген деги жан барбы,
Айтчы досум, баратасыӊ каякка?

Эчендерди акылынан азгырып,
Эчен эрди бийлеп алып мал кылып,
Жеӊген арак сени коёт дейсиӊби?
Түз бараткан ак жолуӊдан азгырып.

Жетет бир күн досум арак түбүӊө,
Ырыс качып күйүт түшүп үйүӊө.
Ошондуктан токтот досум ичкенди,
Токтот досум, турам сага күйүнө.

## САМАРА КИМСАНОВА



*1990-жылы 30-июнда Ош областынын Өзгөн районуна караштуу Зергер айыл өкмөтүнүн Кайрат айылында төрөлгөн. Кесиби журналист. Учурда Москвада жашап, тигүү цехинде эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Бул дүйнө

Бирөөлөргө кең дүйнө,
Бирөөлөргө тар дүйнө.
Жашоо үчүн жашайт баары,
Жарыкчылык бул күндө.
Бай-кедей деп бөлүнгөн,
Кең дүйнөдө төгүлгөн.
Баары бирдей болсочу,
Бул дүйнөдө сүйүнгөн.
Азыр бирок баарысы,

Бирдей эмес карачы.
Кең дүнүйө жашабай,
Жашайт азыр тар дүнүйө жамачы.
Бири байы, бири жарды жашаган,
Акыр заман болду окшойт тар заман.
Байы сүйлөп жакырлары жер карап,
Оо, дүнүйө, бул эмнеси кайнаган.
Бирдей болсо адамзаттын пейили,
Бирдей болсо жан дүнүйө байлыгы.
Оңолобу мына ошондо бул заман,
Жакшы-жаман бул мезгилдин бардыгы.

## Алтын апам

Алтын апам, жан апам,
Айым, Күнүм, нур апам.
Акберметим, күмүшүм,
Асыл менин жан апам.
Алтын апам ардагым,
Бар байлыгым, таңдарым.
Мээримге ысык бөлөгөн,
Кучактап өөп маңдайым.
Куттуктайм апа бүгүнкү,
Туулган ушул күнүңүздү.
Бакытка балкып оролгон,
Жашаңыз апа миң жүздү.
Төрдүн көркүн гүлдөтүп,
Сыйыбызды көрүң ар дайым.
Сыйкырлап сырдуу сөз менен,
Апакем узаак жашагын.

## Жашайсың ырларымда

Шоола болуп үмүт оту үзүлбөгөн,
Жашоого мен эч качан өкүнбөгөм.
Жаралып бул өмүргө келгенден соң,
Жашайсың ырларымда сен өчпөгөн.
Ак баракка чиймелеп сүрөттөгөм,
Көз карашың, көздөрүң күлмүңдөгөн.
Окуганда ар бир сабын ырларымдын,
Жашайсың калемимде мокобогон.
Казылса да көрөңгөм бөксөрбөгөн,
Өзүң менен ырларым өмүр сүргөн.
Жамгыр болуп тамырыма суу куйгандай,
Жашайсың ырларымда түгөнбөгөн.
Кандай жансың, ким үчүн жаралгансың?
Мен үчүнбү, же башкабы тагдырлашың?
А бирок ырларымда сага деген,
Өмүр бар, калемимде сен жашайсың.

## Маданият борборуна

Биздин дүйнө ырларга бай, сырга бай,
Комуз күүлөп, кыл кыягы шаңдуу, жай.
Кереметтүү музыканын ыргагы,
Обончунун обонунда калгандай.
Ууз чебер өнөрлүүнүн колдору,
Тил үйрөнгөн мигранттын жолдору.
Таланттууну такшалткан билим булак,
Кереметтүү «Маданият борбору».
Ырчы, чоорчу, бийчилери бийлеген,
Ак калпактуу Ала Тоону жердеген.

Ынтымагы ыдырабас ырыстын,
Ышкыбоздор бийик тутуп белдеген.
Кубулжута мукам обон жаңырган.
Үн жаздырып ырчылары ырдаган,
Тийип турсун бизге дайым жарыгы,
Булбул бакта таңда-кечте сайраган.
Ыраазычылык мигранттын атынан,
Узун жолдо ак жол бизге ачылган.
Ичте жаткан таланттарды тартуулап,
Кучагыңа так төбөңө батырган...

## Алыкулду эскерүү

Амансыңбы Алыкулдун Ысык-Көлү,
Айттырбай бир өзүңө жетип келдим.
Саамай чачым сылап өткөн шамалыңа,
Келип турат бүгүн менин эркелегим.

Сезгендей келдиңби деп толкундары,
Шарпылдап жээкке карай урунганы.
Жүзүмдөгү кубанычта чек жок эле,
Колго алып суу түбүндө кумду дагы.
Көпкө турдум көз алдыма келтирип,
Баскан жолуң, жүргөн изиң эскерип.
Мезгил жылып, 100 жыл өтүп арадан,
Эскерүүдө турам көзгө жаш келип.
Ырларыңды улап жазаар акын көп,
Сен жөнүндө айтып эчен асыл кеп.
Түпкүрүнөн орун алган жүрөктүн,
Жашап келет бүгүнкү ыр өзүң деп.
Ырлар калды ызаа-муңу аралаш,

Ак боз атың, Ата- Журтуң санаалаш.
Сен жараткан арзуу ыйык сезимдер,
Башкалардан издесең да табылбас.
Кош деп айтам, коштошпоско арга жок,
Бул жалганда сен ичүүчү сууң жок.
Бирок ырлар көктөп турат арчадай,
Мына ушуга кубанамын көңүл ток.
Алп акыным, бейиш болсун жаннаттан.
Гүлдөр турсун кучагында жайнаган.
Жашоо берсин ырларыңа миң-миң жыл.
Басып өткөн тарых менен Жараткан...

## САЙРАНБҮБҮ БАЯЛИЕВА



*1968-жылы 8-февралда Жумгал районундагы Миң-Куш шаарчасында туулган. Жогорку билимдүү. Эл агартуу тармагында эмгектенген. Кол өнөрчүлүк боюнча эл аралык фестивалдардын жеңүүчүсү. Учурда Москвада жашап эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Ким айтат чындыкты, сен айтпасаң, мен айтпасам!

Оо, кыргыздар, чындыкты айта турган мезгил жетти,
Көз көрүп көөдөнүңдө катып жаткан нерселерди.
Атуулдук парзың ак жашоого жол салуу,
Чындыктан жалтанбаган, көзүң ачаар мезгил келди.

Чындык, чындык, көөдөнүмдө көк түтүн,
Биримдикке улутумду чакырайын кел бүгүн.
Бузукулук кенен кулач жайган кез,
Ойлонгун, кыргыз элим, түпкү атабыз бир бүтүн!

Мезгил жетти жашырбай чындыкты айта турган,
Жаман адат, жаман мүнөз кыялдан кайта турган.
Азаматтар көбөйсүн кыргыз үчүн ойлонгон,
Чындыкты бурбай сүйлөп, таамай айткан.

Ак жашап, сен чындыкты аркаласаң,
Так жашап, мен чындыкты калкаласам.
Келечектен жашоо жолун, чындык менен үндөйлү,
Ким айтат, чындыкты, сен айтпасаң, мен айтпасам?

Чындык, чындык жана чындык!!!
Чындыкты сактап, караларга жол ачпайлык.
Көкөлөсүн көк асманга, кыргызымдын байрагы,
Алга кыргыз, чындык менен баштайлык!!!
Алга, алга арууланып, чындык менен жашайлы!!!

## Сагыныч

Мекенимден алыс жүрөм туталанып,
Үй-бүлөмдү көрүүгө кусаланып.
Жан кейиткен жалгыздыкка баш ийип,
Түн уйкумду төрт бөлүп ушаланып.

Жумуш менен алаксып күнүм өтөт,
Жетпеген максатыма жетемин деп.
Бөлөк жер, бөтөн элде жүрсөм дагы,
Жүрөгүм согуп турат Мекеним деп.

Калдайган караанындан кагылайын,
Ала-Тоомдун көркөмүнө багынамын.
Тоо этектеп жашоолорун кечирген,
Үй-бүлөмдү мен абдан сагынамын.

Сагындым, сагынычым күчөп барат,
Сары санаа кусалыкка батып барам.
Балдарымдын жанында бир болалбай,
Энелик жүрөгүм да түтөп барат.

Кыялымда ой – күлүгүн минип алып,
Закым менен сызып барам айылыма.
Өзүм алыс, кыялым силер менен,
Жашап келет карааныңар жанымда.

Жашоомдо оор күндөр артта калды,
Бул да болсо турмуштун арабасы.
Менин бактым, үмүтүм үзүлбөгөн,
Балдарымдын бактысы, амандыгы.

Амандыгын үй бүлөмдүн тилеп келем,
Дуба кылып, сүйлөшөмүн Теңир менен.
Ар бир аткан таңымда ырыскы күтүп,
Ак эмгектин, берекесин тапсам экен!

## Жакшы сөз

Адамдарга мээрим, сүйүү жетишпейт,
Мээрим төгүп көңүл айтса, ал эстен кетпейт.
Бабалардан калган сөз бар, калети жок,
Жакшы сөз уксаң, жаның эргип сергитет.

Бир гана жакшы сөзүң керек болот,
Мөгдүрөп жан кыйналып турган кезде.
Жакшы бир ооз сөзүң, дартыңа дабаа болот,
Сары оору болуп, саргарып турган кезде.

«Жакшы сөз» жыланды да ийинине кайтарат,
Жыландын да көңүлү жибигени байкалат.
Адамдарга жакшы сөз, мээрим, сүйүү тартуула,
Жакшы сөздөн бир чоң шаар курулат.

Көңүлүң менен жакшылык кылсаң адамга,
Теңир сүйүп, ишиң жылат алдыга.
Жамандыкка жол ачпагын эч качан,
Арамдыктан өзүңдү алыс карма дайыма.

«Жакшы сөз» – айт, ниет, пейлиң тазарат,
Адамдар да сени карап, мээримдүү жылмаят.
Мамилелер ортосунда, « мээримдүүлүк» нуру түшүп,
Ынтымак, биримдик, жакшы сөздөн башталат.

Жакшы сөз эле айтпастан, жакшылык кыл адамга,
«Жакшылыкка – жакшылык», кайтарылат артында.
Колдон келсе, тегиз карап, калыс чеч.
Чоң бак-дөөлөт, жакшылыктын артында.

Ниеттен чыккан жакшы сөз, сооп ишке барабар,
Баалуу сөзүң, жаш муундарга, көөнөрбөс каухар.
Сөз маанисин, баалап- барктап өстүрүп,
Насыят жазып калтырган, даанышман улуу адамдар!

## Биз баарыбыз асыл нурдан келгенбиз!

Биз баарыбыз асыл нурдан келгенбиз!
Биз баарыбыз утурумдук эмеспиз.
Ак кызматты аркалап, Теңир жолун булгабай,
Оо дүйнөгө дарак түптөп кетмекпиз.

Топурактан жуурулган, бир жумуру денебиз,
Дене менен жан биригип, акыл калчап келебиз.
Жарык жашоо кызыгына татыбай,
Эмгек менен үмүттөнүп, алпурушуп өтөөрбүз.
Биз баарыбыз келип-кетээр элеспиз,
Тирүүлүктүн баркына жетише албай келебиз.
Ийгиликтен баш адашмак, биримдикте жашасак,
Кадырыбыз жан болуп, баркыбызга жетмекпиз.
Биз баарыбыз, түбөлүккө келбептирбиз,
Айта берсек, толгон-ташыган күнөөкөрбүз.
Жалган жашоо, арман менен коштолот,
Ошентсе да, салмак басат соопчулук иштерибиз.
Бул дүйнөгө келип кетээр элеспиз,
Ата салтын улантып, кызмат кылган пенделербиз.
Тайгак жолдо, тар ашууда, бийиктикти багынтып,
Муундарга керээз-мурас берээрибиз.
Бул дүйнөгө сыналганы келгенбиз,
Жалгандыкты сындыра турган кезибиз!
Дарыянын тамчысындай тунуктукту жаратсак,
Анда чиркин, өлбөс-өчпөс из калтырып кетмекпиз.
Өмүр, жашоо, мезгил менен чектелгенбиз,
Ар бир башта бир өлүм бар, баш ийебиз.
Баш ийбеске аргаң жок, түбөлүктүү чындык – ал!
Ыйман, cooп .... акыретке алып бараар белегибиз!

## Мен кыргызмын!

Айланайын кыргызым!
Кагылайын кыргызым!
Кыргыз – атың, улук, бийик жаралган,
Кыргыз – затың, бүт дүйнөгө улут болуп тараган.

Тастыктады тарых да Айкөл Манас мекенин,
Теңир доорун кечирген, байыркы кыргыз экенин.
МЕН КЫРГЫЗМЫН!
Тоо койнунда ак бата менен көгөргөн,
МЕН КЫРГЫЗМЫН!
Теңирим сүйүп, нуруна бизди бөлөгөн.
МЕН КЫРГЫЗМЫН!
Кыргызмын деп бүт ааламга жар салам,
Улутум кыргыз, абийирим Чыңгыз, сыймыктанам,
даңктанам!
АЙЛАНАЙЫН КЫРГЫЗЫМ!
«Кыргызмын» – деп сыймыктансаң жарашат.
Көк асманда булуттар да , ээй сен кыргызсың,
сен кыргызсың деп үн салат!
Кыргызым кыргызча канат күүлөп талбай келет!
Эркин учкан бүркүттөрдөй, мейкиндикти
самап келет!
Кагылайын кыргызым!
«Кыргыз» атың, ай-ааламга даңкы чыксын,
Кыргызымдын асабасы, асмандап бийик жансын.
Кыргызым кайсы элде, кандай жерде болсок да,
«Кыргыз» деген атыбыз, түбөлүккө жарык чачсын!

# ТАЛАНТБЕК ЖАКШЫБЕКОВ



*1970-жылы Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Барскоон айылында туулган. Жогорку билимдүү. Учурда Москва облусуна караштуу Одинцово шаарында күзөт бөлүмүндө эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

## Эне тилим

Эне тилди урматтайлы, барктайлы.
Урпактарга жеткирели, сактайлы.
Эне тилди унутпайлы, үйрөтөлү балдарга,
Бүт ааламга мактайлы да даңктайлы.
Жоробектер Жоржик, Жора болуп,
Жаштарга азыркы «мода»болуп.
Канатбек жөн гана» Кана» болуп,
Аталар «папа», апалар «мама»болуп.
Эне тили улук тил да, ыйык тил,
Унутпастан ардактагын билип жүр.

Ар бир сөздү көңүлүңө түйүп жүр,
Эне тилди өз энеңдей сүйүп жүр.

## Мектебим

Мен мектепке барамын,
Билим кенин аламын.
Билим кенин окуткан,
Эжейим жана агайым.
Миң ырахмат мектебим.
Агайларым, эжейим.

## Мекенди сагынуу

Көптөн бери Кыргызстанга баралбадым,
Сагындым тоо-ташын, талааларын.
Ойлоп алып сар-санаага батамын,
Эмне кылып жүрүшөт деп ини-агаларым.
Эртерээк Кыргызстанга баргым келет.
Ысык-Көлдүн боюн бойлоп баскым келет.
Ыр жаратып жүрөгүмдүн түпкүрүнөн,
Жан дүйнөмдү кененирээк ачкым келет.
Канат байлап ай-ааламга учкум келет,
Жан-жаныбар, улар үнүн уккум келет.
Ата-Энемдин айткан акыл-насаатын,
Жүрөгүмө түбөлүккө туткум келет.
Бир туугандар аман болсун ар дайым,
Мен иштеп аларга акча салып турайын.
Оорушпасын, чың ден-соолук каалаймын,
Колдоп жүрсүн кудуреттүү Кудайым.

## Карлар да назик болот гүлгө окшоп

Карлар да назик болот гүлгө окшоп,
Бул жашоодо урушабыз, талашабыз.
Кайрадан элдешебиз, жарашабыз,
Жүрөгүбүз аппак кардай таза болсун.
Эшикте кар жаап жатат карасаңыз,
Айланабыз аппак болуп аалам таксыз.
Адамдар өтүп жатат таптап карды,
Карлар да назик болот гүлдөй сансыз.
Тебеленген карды көрүп жүрөгүм жабыркады,
Кыш да бүтүп эртерээк жаз келсе дейм.
Аппак карлар тебеленбей эрип кетсин,
Кызгалдактар жаз желине термелип,
Жашоомо, жүрөгүмө күч кубатты берип кетсин.

## Алыкулду эскерүү

Күн нуру көлүмө чагылышат жылт-жылт этип,
Толкуну жээкке урулат шырп-шырп этип.
Көл бойлогон акыныбыз Алыкулду эстесем,
Жүрөк ооруйт, сайгылашып зырп-зырп этип.
Көл менен улуу акын сырдашчу эле,
Көлгө арнап нечендеген ыр жазчу эле.
Ичиндеги толгон арыз-муңун айтып,
Ысык-Көл Алыкулдун муңдашы эле.
Ысык-Көл тосуп алчу Алыкулду таң эрте,
Ырлар жазып үйгө кайтчу ар кечте.
Шум ажал алса дагы арабыздан,
Элеси жашай берет жүрөгүбүздө, ал эсте.

## ТАЗАГҮЛ МАМАЖАНОВА



*1964-жылы 18-январда Ноокат районуна караштуу Көк-Жар айылында туулган. Жогорку билимдүү. Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Эртеңки күндөн үмүт чоң

Сөздөн сөздөр чубалып,
Сөздөн ырлар куралып.
Ырларга жүрөк эриткен,
Мукамдуу обон жаралып.
Комузду алып колуна,
Ырдаса Кыргыз жарашат.
Чертилсе жүрөк кылдары,
Кылгырып көздөн жаш тамат.
Той-тамаша, жыйында,

Төкмөлөр төгүп мактанат.
Илгертен келген салтыбыз,
Үзүлбөй дагы уланат.
Кыргыздын сөзү улуу сөз,
Акындар ырдап мактанат.
Гимнди жазып улуттук,
Кыргызым ырдап шаттанат.
Убагы келип өзгөрсө,
Кыргызга дүйнө таң калат.
Кылымдан кылым жаңырып,
Кыргызым өсүп баратат.
Абасы таза, көк шибер,
Жайлоодо сонун таң атат.
Бейиштин төрүн ээлеген,
Кыргызым, ийгилик жаратат!
Атагы чыгып дүйнөгө,
Кыргыз күрөшү таркалат.
Эрип түшкөн мөңгүдөн,
Суулары дагы даңкталат.
Окуп билим алышкан,
Жаштары, эли бааланат.
Талыкпай билим алгыла,
Жашообуз болот салтанат.
Төрөлөт улуу инсандар,
Жаштарда күчөп махабат.
«Эртеңки күндөн үмүт чоң»,
Кызарып бүгүн күн батат.

## Кадырлуу карыларым

Кадырлуу карыларым,
Кубанып жүрчү дайым.
Бактылуу көз ирмемдер,
Силерде болсун арбын.
Аман бол карыларым,
Жашоодон арыбагын.
Күмүштөй чачтарыңар,
Мезгилди карытканың.
Бактылуу карыларым,
Баа жеткис асылдарым.
Байкаймын көздөрүңдөн,
Жаштыктын жашынганын.
Аман бол карыларым,
Жашоодон арыбагын.
Күмүштөй чачтарыңдан,
Кылымды карытканың.

## Жаңы Жыл

Кезек келди эски жылды узаттык,
Кирип келди күткөн жылым кубантып.
Аппак кардай ак тилектер көп болсун,
Аяз ата сыйкырынан сурандык.
Ар бир үйдө ойлогон ой максаттар,
Орундалсын ушул жылы бүт калбай.
Кубанычта ойноп-күлүп жүрөлү,
Үйүбүздүн жылуу болсун түнөгү.
Жаңы жылда эли-журтум сак болсун,

Ала-Тоолук кыргызыма кут консун.
Молчулукта, токчулукта баарына,
Кирип келген Жаңы Жылым кут болсун.

## Неберем Асемага

Асема кызым айдайым,
Кубанып жүргүн ар дайым.
Эстүү болуп чоңойгун,
Ачылып бакыт-таалайың.
Талпынып баскан жолуңа,
Таалайдын нуру төгүлсүн.
Бакыт, байлык-ооматка,
Бар дүнүйөң чөмүлсүн.
Калың журтка барктуу бол,
Каада-салттуу, нарктуу бол.
Элдин жүгүн көтөргөн,
Эмгегиң менен даңктуу бол.
Көктөгү жанган жылдыз бол,
Керегиң тийип Кыргызга.
Сыймыктуу элдин кызы бол,
Сый-урмат таап турмушта.
Алгалап айкын жол менен,
Келечекте барасың.
Кези келсе Кыргызга,
Чолпондой болуп жанасың.
Жети өлчөп бир кескен,
Акылыңдан айланам.
Бактап, шактап мөмөлөп.
Бактылуу бол садагам.

## Доор талабы

Кыргызстан өнөргө бай, кенге бай,
Умтулушуп изденишкен жашка бай.
Мекенинен суурулушуп жаштарыбыз,
Москвада иштеп жүрөт иш ылгабай.
Боору кең, Орусия улуу эли,
Батырды өз койнуна сени, мени.
Бөтөн элде талыкпастан даярдалдык,
Тагдырымдын сыноосуна мына эми.
Ийкемдүү көчмөн уруу калк экенбиз,
Илгертен келген жоону кууп жеңген.
Жеңиш менен жаштарыбыз эмгектенип,
Таанылууда бүткүл элге «Кыргыз» деген.
Көздөн өтөт тарыхтын барактары,
Түркүн-түркүн доорлордун талаптары.
Талабы оор замандан артта калбай,
Такшалууда Кыргызымдын таланттары.
Чет элдин өздөштүрүп «таэквондо» башкаларын,
Үйрөнүп жасашууда ролли, сушилерин.
Кыргызымдын уул-кызы ким экенин,
Айтып турат жыйынтыгы ушулардын.
Жолдо катар ресторан, кафе-бар,
Ошолордо бүгүн Кыргыз шеф-повар.
Жаңы доор өнөрлөрү кут болсун.
Алга Кыргыз, башыбызга бак консун!

## ТАМАРА АЛИЕВА



*1978-жылы Ош областынын Кара-Кулжа районунун Кызыл-Жар айылында туулган. Кесиби медициналык кызматкер. Сооронбай Жусуев атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштеген. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү*

### Балапан

Келе жатам түркүн ойго малынып,
Ысык күндөн көлөкөгө жашынып.
Чырылдаган үндү угуп карасам,
Уядан кулаган балапаны талпынып.
Чымчык байкуш мени айланып чырылдап,
Канат менен кагып учат зыпылдап.
Чымчыктардын чырылдагы көбөйүп,
Ызы-чууга толуп кетти ызылдап.
Ай балапан, кайдан келдиң жорголоп,
Токто, токто кетип калба жорголоп.

Ыйлап жатат, сыздап жатат энекең,
Салайынчы уяңа кош колума бөпөлөп.

Уясына алып барып салганымда,
Балапанын канатына катканында.
Жүрөгүмдү жылуу мээрим аралап,
Мен да шаштым бакчадагы балама.

## Энелердин эмгеги

Энекем оймо чийип отурат,
Көрүп туруп ойго кеттим тунжурап.
Сызгычы жок кантип сызган чиймени,
Геометрия илим мында табышмак.
Килем токуп чий чырмаса энекем,
Уук чырмоосу керегеси келишкен.
Түндүк атап татынакай дегеле,
Күндүн нурун так үстүнөн киргизген.
Энелерге ар дайыма ардак-даңк,
Саймалары тирүү гүлдөй жадырайт.
Ийне менен жан киргизген оймолор,
Кылымдардан кылым кечип баратат.

## Атаке

Мен түш көрдүм, ал түшүмдөн жүдөдүм,
Түшүмдө тишим сынып ыйлап жүрүпмүн.
Ойгонгон соң опкоолжуп эх, жүрөгүм,
Кандай түш деп мен өзүмчө түйшөлдүм.
Көргөн түштү жакшылыкка жоорудум,
Бул күн өтпөй мен өзүмчө тоорулдум.

Кеч киргенде «Атаң кетти бизден», деди,
Телефондон кабар угуп боздодум.
Өлбө ата, өлүм ыраа көрбөймүн,
Баратамын, тирүү сизди көрөйүн.
Күткүн ата, барган жерим алыс жер,
Түбөлүккө издеп жүрүп өтпөйүн.
Эскеришет сиз окуткан окуучулар дайыма,
Катар тизип айтчу элеңиз тарбия.
Топ ойнотуп ден-соолукту чыңдатып,
Кызыктырчуң физкультура сабакка.
Ата-бала ажырашат тирүүлүктө дүйнөдөн,
Пенде деген өлбөйт экен күйүттөн.
Барган жериң бейиш болсун атаке,
Кем болбосун жаткан жериң үйүңдөн.

## Жаз чакырган сүйүү

Жазда дарак бүчүр гүлүн ачканда,
Ак кайыңдын жаштары жерди карай тамганда.
Мен сени көргөн элем, көргөн элем,
Байчечекей жаңы гүлүн жарганда.
Жашыл боёк жердин бетин басканда,
Таң сөгүлүп чолпон жылдыз батканда.
Мен сени сүйгөн элем, сүйгөн элем,
Жаз илеби сулуулугун чачканда.
Жай чакырып сулуулукту ааламга,
Алма, өрүк гүлүн төгүп бышканда.
Мен сени сүйөм дедим, сүйөм дедим,
Колуңдагы гүлүңдү мени көздөй сунганда.

## Кыргызстан

Мекеним, киндик каным Кыргызстан,
Сыймыктанам кыргыз деген атыңдан.
Баардык байлык сенин кенен койнуңда,
Кагылайын туулган жерим даңкыңдан.
Шаркыратма суулар акса шаркырап,
Таза тунук таштар турат жалтырап.
Сенин демиң кыргыз жерим мекеним,
Жарык нуруң дайым жансын жаркырап.
Ата-бабам ак калпагын башынан,
Бийик кийип кыргызмын деп даңктаган.
Камчы болсун колуңда, тулпар болсун жолунда,
Ата Журтум, асыл жерим Кыргызстан.

## УУЛКАН АСАН КЫЗЫ



*Өзгөн шаарынын Мырза-Аке айылында 2002-жылы 24-майда туулган. Учурда Мырза-Аке айылынын Камилжан Раимбеков атындагы мектеп-гимназиясынын 7-классынын окуучусу. «Москва кайрыктары» адабий клубубуздун эң кичүү эркетайы.*

### Эне тилим

Балдай ширин эне тилим,
Күндөй жарык бересиң.
Баарыбыз жүрөктөн,
Сүйөбүз эне тилин.
Эне тилде элим сүйлөйт.
Акын, ырчы ыр ырдайт.
Манас атам келген сүйлөп,
Эне тилде чырылдап.
Кылымдарды карыта бер,
Суктанышсын чет элдер.
Эне тилим, кыргыз тилим,
Барктайт дайым биздин эл.

## Мектебим

Таттуу экен мектебим,
Татынакай мектебим.
Сени менен жашаймын,
Өмүр бою барктаймын.
Мектебимдин астында,
Эжекелер агайлар,
Классташтар курбулар,
Тосуп алат дайыма.
Өмүр бою эстеймин,
Дайым сени эңсеймин.
Жыйырма жылда келемин,
Жакшылыкты тилеймин.

## Акыныбыз Токтогулга

Кылымдарды карыткан, акыныбыз Токтогул,
Кыйырларды жаркыткан, акыныбыз Токтогул.
Көрөңгөнүн байлыгы, акыныбыз Токтогул,
Көп күүлөрдүн кайрыгы, акыныбыз Токтогул.

Комуз коштоп ырдаган, акыныбыз Токтогул,
Коом жарасын сындаган, акыныбыз Токтогул.
Аң-таң кылган дүйнөнү, акыныбыз Токтогул,
Алымкандын сүйгөнү, акыныбыз Токтогул...

## Келчи, келчи Жаңы Жыл

Келчи, келчи Жаңы-жыл,
Ак босого аттап кир.
Аяз ата, аяз кыз,
Аларды да ала кир.
Келчи, келчи Жаңы-жыл,
Таза жылды алып кир.
Аяз ата, аяз кыз,
Белектерди камдап кир.
Келчи, келчи Жаңы-жыл,
Кой жылын бизге алып кир.
Жаш балача ойнойлук,
Балатыны айлантып.
Келчи, келчи Жаңы-жыл,
Дасторкондор жайылсын.
Үстү толо мейман болсун,
Маанайлары күлкүгө толсун.
Жаңы жылдын үстүндө,
Чоң атадан, чоң энеден,
Ак батаны алалы,
Ала капка салалы.

## Ыр жазам

Жалгыз мен олтурам,
Жомокторду чыгарам.
Жадатпагын мени деп,
Жанымдагыны урушам.
Тынчтуу жерге барамын,
Тыныгып алып жазамын.

Таарынычты, тагдырды,
Толтуруп турам баракка.
Кээде эстеп каламын,
Чуркап келип жазамын.
Ырым жаксын элдерге,
Максат кылам тазамын.
Ийгиликке жетейин
Бийлеп, ырдап жүрөйүн.
Ушул ырым жаксын деп,
Дайыма мен тилеймин.

# ЧЫНАРА НУРУНБЕКОВА



*1987-жылы 4-февралда Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Отуз-Адыр айылында туулган. Жогорку билимдүү. «Москва кайрыктары», «Эне-Сай кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. «Өчпөгөн өмүр» китебинин автору.*

## Алыстадым

Жашырып жамалымды жаркыраган,
Жанында жүрөктөшүп жашабадым.
Жанымды жанчыса да жалгыз жашоо,
Жетүүгө жөнсүз жагдай жасабадым.
Көрсөтпөй келишимдүү келбетимди,
Көксөттүм камап куса капасына.
Көөдөндү көзөсө да капалыктар,
Келбедим керемет күн калаасына.
Сүйдүрдүм, сүйүнтпөдүм сүйүү сунуп,
Сыйладың, сезем сырың садагасы.

Сакталаар супаасындай саратандын,
Сезимди сагынычта сактасакчы.
Деп сенден мен өзүмдү алыстатам…

## Апалар аман болсунчу

Тогуз ай ичте көтөрсөң дагы кыйналып,
Томсоруп апа кайгырбай кайра кубанып.
Түн бою тилеп жарыкка аман келүүмдү,
Төрөдүң мага Кудайдан өмүр суранып.
Бооруңа кысып бапестеп бөлөп бешикке,
Алдейлеп таптап уктабай карап кечинде.
Амандык сурап Жараткан улуу Аллахтан
Ак сүтүң менен чоңойттуң ороп мээримге.
Тамтуңдап кадам таштасам калбай артымдан,
Кагыла түшсөм алгандай сени алкымдан.
Күйпөлүп апа, жетелеп мени өстүрдүң,
Күн сайын айтып жомоктоп улуу салтыңдан.
Суук тийип кокус сыркоолоп калсам алсырап,
Сурадың шыпаа Кудайга апа жалдырап.
Жанымдан чыкпай маңдайдан сылап караган,
Оо, Кудай, апам керемет кандай асыл зат.
Чоңоюп анан суйкайып болдум өспүрүм,
Чаңытып көчө оюнга тойбой көп жүрдүм.
Оюма албай уктабай мени күтөөрүң,
Ойлонттум далай, апаке мени кечиргин.
Ушундай ыйык апалар аман болсунчу,
Улгайган кезде мээримге алар толсунчу.
Капкара чачтар агарган жалгыз биз үчүн,
Картайган кезде энелер эсен болсунчу.
Баа жеткис бактым апакем аман болсунчу…

## Тапшырдым

Сени сүйүп сапатыңды жактырдым,
Себепчиси өзүң болдуң жакшы ырдын.
Суудай тунук мамилени булгабай,
Сени бүгүн жубайыңа тапшырдым.
Бирге жүрдүм, бирге бастым каткырдым,
Булут баскан кайгырууну жат кылдың.
Бир өзүңдүн элесиңди көрөмүн,
Тизмегинен карабайын кайсы ырдын.
Жанымда эмес жүрөгүмдө, ырымда,
Жашай бергин түбөлүккө кылымга.
Жакшынакай жубайыңа жанашып,
Жашай билгин жалган жашоо сынында.
Жүрөгүмдүн жаздым сага жан сырын,
Сен бар үчүн бүтпөйт менин жакшы ырым.
Колуктуңдун таянычы болгун деп,
Кол тийгизбей сени ага тапшырдым.
Колуктуңа кайра өзүңдү тапшырдым...

## Майыптын махабаты

Тагдыр менден жүз бурганы кем беле,
Таштаар болсоң жолуктуң сен эмнеге?
Таалайым сен болоорсуң деп ишенсем,
Талкаладың тилегимди сен деле.
Жаратылыш бир мүчөмдү алса да,
Жараатымды бүтпөс кылып салса да.
Жашап келем үмүт үзбөй бакыттан,
Жандагандар баары кетип калса да.

Кырсык болду тагдырым да өзгөрдү,
Кейип алам эстегенде өткөндү.
Келбейт эми басып жүргөн күндөрүм,
Күтөм бирок көөдөндөгү көктөмдү.
Сезимим бар тең келбеген кылымга,
Сен сезбедиң, сездиң балким чынында.
Сендей эле төп келишкен жан элем,
Селкилерди суктандырган тынымга.
Күтүлбөгөн тагдыр алды торуна,
Кайдан келсин мындай сыноо оюма.
Майыптыктын күнүн көрүп келемин,
Менин бактым эми тагдыр колунда.
Тагдыр далай азап берди аябай,
Сени сүйдүм абалыма карабай.
Сезимимди кылча сыйлай албадың,
Сүйүүм менин чындыгына карабай.
Адамдар бар ак сүйүүдөн жыргаган,
А кээлери арман жутуп ыйлаган.
Аруу сүйүүм кала берди а менин,
Айрылуунун уусун ичип кыйнаган.
Ата- энеңдин түшүнөмүн айтканын,
А бирок мен ак сүйүүмдөн кайтпадым.
Майыптыктын оор азабын көрсөм да,
Кыйналбагам бүгүнкүдөй ардагым.
Тагдырымдын кемсинткенин көтөрдүм,
Түндү кээде уйку көрбөй өткөрдүм.
Түк жеңе албай калдым сүйүү азабын,
Балким эми бул дарт менен өлөөрмүн.
Ойго салдым сени дагы, кечиргин,
Оттой жанды сага болгон сезимим.
Оолак качып кетсем дагы өзүмдөн,

Ой-санаамды жалгыз өзүң ээледиң.
Оор турмуштун сыноосунан жеңилбей,
Махабаттын азабынан жеңилдим...

### Москва кайрыктары

Москва кайрыктары,
Жаңырып жүрөктөрдөн орун алдың.
Жаш акын таланттарды,
Жөлөдүң дем-күч бердиң, бооруң жайдың.
Көңүлдүн көксөгөнүн,
Табууга зор өбөлгө түзүп бердиң.
Жүрөктүн бөксөө жерин,
Толтур деп ыр мөмөсүн үзүп бердиң.
Канчалар сенден учту,
Канатын байлап алып бийиктерге.
Өзүңдө кулун болуп,
Айланды алар азыр күлүктөргө.
Жазганын өзү окуп,
Жүргөндөр жолун тапты бүгүн сенден.
Жана да айланышты,
Акынга ыр дүйнөсүн бүтүн кезген.
Москва кайрыктары,
Жашайсың түбөлүккө ырым менен..

## ЧЫНАРА НАЗАРАЛИЕВА



*1968-жылдын 13-январында Талас областына караштуу Манас районунун Арал айылында туулган. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү. Учурда Москва шаарында эмгектенет.*

### Туулган жерим

Кыргыз жерим, туулган мекен Таласым,
Эсте турат дайым баба Манасым.
Ак таңдай акындар бизден чыккан
Айтылуу Манас баскан аймагын.

Атактуу кыргызымдын наамын алган,
Адам жок ал акынды таанытбаган.
Ырларын обончулар ырдап жүрөт,
Анатай Өмүрканов ал да агам.

Манас айтса Асанкан агай жана Самат,
Үнүн угуп көргөнгө эл тамшанат.
Ачык айтып курч сүйлөйт Аалы акын,
Кыргыз, казак элине даңкы чыккан.

Билим берип окуткан Сарпбек агай,
Ушул тапта иштеп келет, иштен талбай.
Ыр китеби «Ырчы булак» жарык көргөн,
Окурмандар окуп келет ырдан танбай.
Тоодон ылдый аккан тунук суулары,
Тоолорунда сайрайт булбул куштары.
Төрт түлүк мал талаасында жайылып,
Кымбат мага ар бир ташы, кумдары.
Үнү угулат мөлтүр аккан булактын,
Жыты келет жондон кийин шыбактын.
Айлана кооз жашыл килем салгандай,
Сыймыктанам туулган жерим Таласым.
Аскалуу Эчкили тоо бизге жакын,
Багындырат Кайыңды, Арал айылым.
Жаратылыш эң кооз жерди тартуулаган,
Алмаштыргыс айылыма даңктанамын.

## Бир туугандарыма

Билсем дагы бир туугандын жакынын,
Сезбепмин мен сөздүн айтам ачыгын.
Сездим го алыс жакта жүргөндө,
Бир тууганга сагыначтын кадырын.
Мезгил жылып өтсө дагы арадан,
Ата-энем жаралбайт го кайрадан.
Чаптасаң да окшоштуруп бирөөнү,
Башка бирөө мага болбойт бир тууган.

Аман жүрчү ден-соолукта бир тууган,
Жок болсо дейм силерде эч муң-арман.
Тирүүлүктө жолугушуп сыйлашып,
Бололу боордоштору͏м эсен-аман.

### Өмүрлүк жолдошума

Телегейим тегиз болсо бардыгы,
Күнөөлөгүм келбейт менин тагдырды.
Болсо эгер балдарымдын атасы,
Багар элек биз экөөлөп балдарды.
Даттанбадың, башым ооруйт дебедиң,
Ооруу деген эмне экенин билбедиң.
Түшүп калдың кайсы жоонун колуна,
Кеткен бойдон бир кайрылып келбедиң.
Ашып-ташып болбосо да байлыгың,
Эмне себеп ошончолук айыбың.
Таптык сени жетимиш күн дегенде,
Алла Таала жазасын берсин алардын.
Өттү күндөр жүрөгүмдө так калган,
Кыйын турмуш өткөрдүм мен жаш чактан.
Мезгил чиркин токтобостон өттү го,
Кирпик какпай ойго батып тосуп ак таң.
Ата болдуң балдарым жаш убакта,
Азап тартып ойной турган куракта.
Көкүрөккө ыза кайгы, муң толуп,
Жеңилдеймин калса минтип баракта.
Бул жашоонун билемин мен жалганын,
Бирок билбейм канча өмүр калганын.
Балдарым эч нерседен кем болбосун,
Бүт өмүрүм балдарыма арнаймын.

## Уулума

Жалгызым деп айткандан мен коркомун,
Жаратканым жалгыз өзү колдосун.
Өчүрбөстөн атаң берген мурасын,
Бактылуу бол, намыстуу бол каралдым.
Тилегеним ыймандуу келин келсин,
Кудайым бала берсин, бак берсин.
Тиреги бол эжекеге, карындашка,
Ишеничти актачу бир сенсиң.
Уулум эми бак-таалайды тилеймин,
Сага ишенип мен да жашап келемин.
Атаңдын атын такыр өчүрбөстөн,
Тирегим сага батасы тийсин элдин.
Апакелеп турса дайым алган жарың,
Эркелетсем уулуң, кызың, балдарың.
Чоң апалап, тайэнелеп турушса,
Эне үчүн кетпес дөөлөт бул бактың.

## Классташтарыма

Эске салсам окуучулук жылдарды,
Өткөрүпбүз ошол кезде жыргалды.
Эже-агайды укпай коюп кээде биз,
Айтышканбыз бак түбүндө сырларды.
Атестатты ар ким кармап колуна,
Ар кимибиз түштүк турмуш жолуна.
Аман болсок жолугабыз деп коюп,
Тарап кеттик учкан куштай туш-тушка.
Балалык кез убакытты санабай,
Шарт болобу-болбоосуна карабай.

Убаданы берип коюп кеткенбиз,
Он жылдыкта калып калдым баралбай.
Баарыбыз улгайыппыз кыйла жашка,
Ак аралап кундуздай кара чачка.
Жолугуштук эстен кетпей балалык,
Болсок деп кайрадан ошол жашта.
Кош айтышып тарадык биз кайрадан,
Өтсө мейли он жыл дагы арадан.
Жолугалы отуз жылдык тойго деп,
Сактасын деп бөөдө кырсык жамандан.

## ЭЛИАНА ҮСӨНБЕК КЫЗЫ



*1988-жылы 27-мартта Талас районунун Арал айылында төрөлгөн. Учурда турмуш агымы менен Москвада жашап, гүл коздоочу флорист-дизайнер болуп иштейт. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Ар убак жамгыр жааса

Ар убак жамгыр жааса,
Телмирип терезедми үнсүз тиктейм.
Бакыт издеп себелеген тамчылардан,
Бактылуу болооруман үмүт үзбөй...
Ар убак жамгыр жааса,
Тажабай терезедми ойлуу карайм.
Бакыт издеп себелеген ак жамгырдан,
Бактысыз бул күндөрдөн өзүмдү аяйм....
Ар убак жамгыр жааса,
Айланып тереземе кайра келем.

Бактымды күтүп, күтүп, бирок билбейм,
Бактысыз бойдон эле кала берем.
Азыр да жамгыр жааса,
Бактымды күтөөр элем терезеден

## Партия

Бийлик дешип кызмат кылбай калкыма,
Бири дагы турбай берген антына.
Кымындай да ар-намысы калбаган,
Кыйнады го кыргызымды ПАРТИЯ!
Ишендирип элди куру калпына,
Ичин сылап жатат өзү мантыга.
Итке окшоп тоюшканын билишпей,
Ичип-жеди баарын ушу ПАРТИЯ!
Чек аралар, жашыл жайлоо Каркыра,
Сатылды го кытай, тажик, сартына.
Чыт курсагын ойлобогон Жан барбы,
Чындап күйгөн элибиздин баркына.
Көпкө жааса көлгө айланат тамчы да,
Көтөр башты жата бербей жанчыла.
Көкүрөктө көөдөнүң бош болбосо,
Кошул анда сап бололук камчыга.
Келечекти сатпай бүгүн акчага,
Кел саталык кереги жок ПАРТИЯ!

## Сүйүү азгырык

Кыш өмүрдү гүлгө ороп жаз кылып.
Суз көңүлдү нурга бөлөп наз кылып.
Бир кубантып бир ыйлатып жүрөктү,
Бийлеп келет сүйүү деген азгырык.

Күчтөн алып, өң келбеттен аздырып.
Күлүк салып мезгилимден шаштырып.
Кам санабай жүргөн кезде жүрөккө,
Канжар сайды сүйүү деген азгырык.
Карматып тост махабатка мас кылып.
Кайгыга дос, кубанычка кас кылып.
Уурдап алып, аруу таза дүйнөдөн,
Уйку бербейт сүйүү деген азгырык.
Акындарга улуу дастан жаздырып.
Акылманын, арсыз мени баш кылып.
Ааламдагы аалымдарды сүйдүрүп,
Арбап барат сүйүү деген азгырык.
Арманына, азабына кайылмын
Ар бир күнү, сүйгүм келет жакшырып.

### Энем

Узун түндө эч уктабай ойлодум.
Ууз жумшак, эне сенин колдоруң.
Бооруңа алып кучагыңа жылытып,
Бакыт тура эркелетип койгонуң.
Оо, анда мен, бала элем да билбегем.
Оонап чаңга деги кайда жүрбөгөм.
Ошончолук түйшүк тартып жатсаң да,
Оозуң ачып, күн болгон эмес тилдеген.
Сагынамын билбейм чыдап турушту,
Сенсиз эне жукпай койду ырыскы.
Жок дегенде бүгүн кирип түшүмө,
Жомок айтып мээримиңе жылытчы.
Мен түшүргөм чекеңдеги бырышты,
Мейли эне түшүмдө эле
Эссиз кызың урушчу!..

## Күз

Коңур күзүм, болдуң эми эскермем.
Көңүлдөгү сүйүүм толбой бөксөргөн.
Көлөкөндөй ээрчип жүрүп адаштым,
Караңгыда жалгыз калган кечтерден.
Күтүп сени махабатым көктөмдөн,
Канча күндү мен өзүңсүз өткөргөм.
Арзуум батпай, буюктурат ичимен,
Азыр кулайм жамгыр болуп көктөн мен.
Тагдырыма буйрубаган ушул күз,
Таалайлуу бол, махабатым кеч келген...

## ЭРБОЛСУН МАХАМАТСАБЫР УУЛУ



*1990-жылы 3-декабрда Ош областынын Ноокат районундагы Кызыл-Аскер айылында туулган. Бишкектеги Т.Садыков атындагы көркөм сүрөт академиясынын «Театр жана кино» факультетинин бүтүрүүчүсү. Кесиби боюнча эл аралык конкурстардын бир канча жолку жеңүүчүсү. Кыргызфильмине караштуу, «Айтыш» кино фондунун кыска метраждуу кинофестивалынын кубогунун автору. Азыркы учурда Москвада эмгектенип жашайт. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Ар-намыс

Мен эми баштагыдай эшигиме,
Тээп кирбей бийик турган бешигиме.
Тумар тутуп ак калпагым башка кийип,
Ийилем башаатым мекениме.
Мен эми ар-намыстан өткүм келет,
Өз жеримди кучактап өпкүм келет.
Өрт койуп өз элин саткандарды,

Ант менен көздөрүн ойгум келет.
Мен эми эне-тилди сүйгүм келет,
Бөтөн элди суктандырып жүргүм келет.
Айта көрчү унуттум деп эне-тилди,
Сууруп чыгып тилиңди кырккым келет.
Мээнети, тилеги ыйман менен,
Кыргыз элин даңазалап чыккым келет.
Даңкына дак салган саранлдарды,
Чептен нары тирүүлөй көмгүм келет.

## Түшүнүк

Убакыт – бул сен дедиң, сезе албадым,
Унчукпас болуп кеттиң уга албадым.
Ууртуңдан бир жыттап өпсөм дагы,
Утурлап сен өмүр көрө албадың.
Жашоо – бул сен дедиң, сүзө албадым,
Өттү күндөр, мөмөсүнөн үзө албадым.
Өпкүлөп кучагыңда жатсам дагы,
Өксүдүм, менчелик сүйүү сүйө албадың.
Сүйүү – бул жашоо дедиң, жаза албадым,
Сыздап өттүм түбү жок жете албадым.
Сыйкыры жан берген дүйнөм ушул,
Түбөлүк жандырмагын таба албадым.

Түбөлүк – бул акыры жок кезе албадым,
Түндүктөн жылдыз санап бүтө албадым.
Түйшүгү бул жашоонун башка чыгып,
Тирүүлүк эмне экенин биле албадым.

## Жол

Улуу Кыргыз, ар-намысты коргойлу,
Узак жолдо маңкурт болбойлу.
Утурлай келечекке назар таштап,
Улуу көч урпактарды ойлойлу.
Кадыр-барктуу зоболону сойбойлу,
Нарк-насилдүү Ата-Журтту бойлойлу.
Акыл-эс ааламына байыр баштап,
Калайык калк насаатын колдойлу.
Белде күч-беделди бербейли,
Бир муштум билекке бирдейли.
Биримдик, береке баштан кетпей,
Бир улут желегин жердейли.
Көңүл чөгүп, көзгө чок салбайлы,
Көктө учуп, көр турмушта сайрайлы.
Керемет үн, бейиш гүлүн берет деп,
Жараткандын жан боорунда чардайлы.
Ичи таза, сыртын карап күлбөйлү,
Асыл мүнөз, жыпар жыттуу гүлдөйлү.
Ак ниет, эртеңки муун үчүн,
Аруузаттын ажарында бүрдөйлү.
Тагдырдын так таразасын танбайлы,
Тескери басып Теңирди чанбайлы.
Түбөлүк кол кармашып бек кысып,
Эгиз жандай ээрчишип жандайлы.
Кыска жашоо кызыгына көнбөйлү,
Кеч келип, эрте кетип жүрбөйлү.
Кезиккенде кең пейил барктабай,
«Кесепет» майда адамдай сүйбөйлү.
Жара ичип жаман жолдо жатпайлы,

Жаштык кезди шайтанга сатпайлы.
Жыргал күндү азапка алмаштырбай,
Жакшы сыпат, жароокер мүнөз таптайлы.
Ыйман-ынсап, ынтымак нур демдейли,
Ырыс-кешик, узак өмүр тилейли.
Ыдырабай сый-урматта чимирилип,
Ыйык көңүл, жакшы жакка кир дейли.
Ак мээнет, адал эмгек элгейли,
Азбы-көппү бергенини теппейли.
Акыретке жолугаар камын көрүп,
Азыртадан, аракетке тердейли.
Улуу Кыргыз, намысты коргойлу,
Узак жолдо маңкурт болбойлу.
Утурлай келечекке назар таштап,
Улуу көч урпактарды ойлойлу.

## Энеке

Ардагым менин энем,
Мээримиң чексиз кенен.
Алпештеп баккан мени,
Кор кылбайм мээнетиңди.
«Апа» – деп жалынамын,
Сен барда кайгырбаймын.
Сагынып кучактасаң,
Дагы эле баладаймын.
Энекем менин бактым,
Эң ыйык асыл затым.
Түбөлүк кылсам кызмат,
Ак сүтүңдөн кутулбасмын.

## Мүнөздөмө

Жер чийип салаалаган чачтарыңдан,
Жебедей керилген каштарыңдан.
Жаралап жаш жүрөктү жула качкан,
Жарылып жалын чачкан жамалыңдан.
Ай чырай, асыл мүнөз пейилиңден,
Алтын ай, гүл жааган кейибиңден.
Азгырып көңүлүмдүн үшүн алган,
Аруузат алоологон тилегиңден.
Эркелетип эриткен эрмегиңден,
Эс-акылды сергиткен сезимиңден.
Ээлеп алып тирүү жанды куйкалаган,
Эзилип, кызарып бышкан илебиңден
Эгиздей окшошкон берметиңден,
Ийилген кымча ийин, белдериңден.
Эстен танып мээге бүлүк салган,
Эшилип соруп койчу тилдериңден.
Соңуркап суйкайган бойлоруңдан,
Соо жанды ооруткан ойлоруңдан.
Сая тартып, санаамды жулмалаган,
Чынарымды чымчылаган колдоруңдан.
Кара жанды сүрдөткөн көздөрүңдөн,
Каймактай бал тамган сөздөрүңдөн.
Кокуйлатып коюнуңа ала качкан,
Кош чүрөк, көк мончок төштөрүңдөн.
...Атыңа затың, жарашкан сулуу белең,
Асыл зат, ажарлуу ысык денең...
Сени ушундай керемет жаратканга,
Миң мертебе ыраазымын, «шүгүр» деген.

## ЭЛЬМИРА ИСАКОВА



*1967-жылы 22-январда Ош областынын Ноокат районуна караштуу Кара-Таш айылында туулган. Кесиби тарбиячы. «Көңүл ыргагым, жүрөк сырларым», «Жүрөккө катылган махабат» ыр жыйнактарынын автору. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөсү.*

### Жалган дүйнө

Өлбөчүдөй чиренип баскан менен,
Өлүм ак деп моюнум сунуп келем.
Өлбөчүдөй сездирген жалган дүйнө,
Арбалабыз аз-аздан азгырылып.
Жалган жашоо ыргагы ынандырып,
Жалгандыгы ушул да арбап турат.
Кумар оюн артынан сая кууган,
Айландырып ак жолдон адаштырат.
Туура жолду тумандап түтүн каптап,
Тамекинин ачуусунан алкым буулат.
Шапар тээп күнү-түнү чер жазылбай,
Адашкан бар, соо туруп, дүйнө көрбөй.

## Талант

Ырлар жазсам ырахатка батамын,
Ырлар менен жашап жыргал табамын.
Ырлар менин жан шеригим жыргалым,
Ырларымда өмүр сүрүп жашаймын.

Ырларымда кыргызымдын белестери,
Ырларымда ата-энемдин элестери.
Ырга айланган арманым да жыргалым,
Ыймандай сыр ырларымдын келечеги.

Ыйга айланып ырахаттуу өмүрүм,
Аттанаарда кетсе келбес сапарга.
Оо, Жараткан күнөө дебе,
Өзүң берген табияттан талантка.

Ырларымда жазып кеткем даңкыңды,
Токсон тогуз ысымыңды Жараткан.
Каным менен кошо келген таланттан,
Сенин ысмың даңктап азыр жаратсам.
Күнөө дебе кагылайын Жараткан.

Ырларымда жалган жашоо ыргагына эсирсем,
Пенделиктин жыргалына берилсем.
Келген жандын кетмейин унут салып,
Түбөлүктүү өзүңө шек келтирсем,
Кечир Кудай ырларыма берилсем...

## Таң булбулу

Мен бир булбул таңдан туруп сайраган,
Сен бир бакча гүлүн ачып жайнаган.
Шүүдүрүмдүн тамчыларын таратпай,
Булбул ырын тамчы суудай тыңдаган.

Булбул сайрайт махабаттын дастанын,
Сен тыңдайсың булбул куштун арманын.
Сездиң бекен бул дүйнөнүн жалганын,
Сездиң бекен махабаттын арманын.

Сен мен үчүн атпай калган ак таңым,
Бүтпөй калган махабаттай дастаным.
Ак баракка жазылбаган ыр сабым,
Жашоодогу менин бүтпөс дастаным...

## Эне жөнүндө

Кожолор баскан жерлигим энем,
Кең жайлоо төрлүү Төлөйкөн калды.
Желеде байлоо кулунуң калды,
Жетилип өскөн Баргыбай калды.
Ак жоолук баштан түштүбү апа,
Арманың абдан күчтүүбү апа!
Асылган дартың алдыбы апа,
Айтылбай арман калдыбы апа.
Кыр-кырда баскан кыялың калды,
Кызара бөрткөн Уркуяң калды.
Бел ашып баскан белесиң калды,
Бой жете өскөн Бактыгул калды.

Толгонуп баскан тоолоруң калды,
Толукшуп жүрчү теңтушуң калды.
Жайдары баскан жайыттар калды,
Жарашкан туулган айылың калды.


## Тагдыр ташы

Тагдыр ташы таразасы бир болуп,
Таалай кошту турмушубуз кут конуп.
Жүрөк кургур жүдөп бүттү кир болуп,
Сүйө албадым сен сүйгөндөй от болуп.

Мерез беле ушунчалык жүрөгүң,
Сүйө албадым сени чыны түгөйүм.
Тагдыр ташы таразасы бир болуп,
Пенделиктин чын сыноосун көтөрүп.

Тагдыр жүгүн бирге бөлүп калчадык,
Бир кайыкта калак болуп айдадык.
Көр турмуштун жазмышына баш ийип,
Кете албадык коломтого от жагып...

# ЭЛДИЯР БОРОЕВ



*1985-жылы 28-февралда Жалал-Абад областынын Таш-Көмүр шаарында төрөлгөн. Учурда Москва шаарында эмгектенет. «Москва кайрыктары» адабий клубунун ардактуу мүчөсү.*

## Балалыктан баш тартабыз, айласыздан

Балалыктан баш тартабыз, айласыздан,
Бала жыты тажады го жалгыздыктан
Баш бербей, убакыт кетет бурулуп,
Баарыбызды үшкүрүнтүп арман кылган.

Убакыттын учу бар ар бирибизде,
Утулабыз учу келсе ар кимибизге.
Эңсеп чогултсак ар бирибиз дүнүйөнү,
Эмне калат басып өткөн изибизде.

Күндөн-күнгө убактыбыз азайып жатат,
Күлүмсүрөп жаштыгыбыз картайып барат.
Карыганда да жетишебиз намазга деп,
Күнөөм жок деп ибадаттан баш тартат.

Ааламга таң атып, Күн нуру чачылды,
Аткан таңдын убактысы бар, кайра батты.
Адамдар ушул күнүм жакшы өттү дейт,
А бирок билбеди, өлүмгө бир күн жакындады.

Ойлонуп оюмдун учуна жетпей келем,
Оюма койсо убакытты токтотоор элем.
Он жашымдан беш убак намаз окуп,
Ойго салган турмушумду жеңээр элем.

Кыр ашырып мезгил күтөбүз тажабай,
Кыш келсе үшкүрүнүп аны жамандай.
Көчө тентип пайдам тийбей башкага,
Кордоп салдым убакытты, убалына карабай.

## Неге ишенбейсиң, арнап турган ак сүйүүмө

Неге ишенбейсиң, арнап турган ак сүйүүмө,
Неге ишенбейсиң, арзуу аралаш күлгөнүмө.
Сезимдердин сага арналганын байкабай,
Сен күлөсүң жалгыз менин жүргөнүмө.

Алсыз болдум бир сенин жалгыз алдында,
Арман кылбай түбөлүк болчу жанымда.
Жалындап күйгөн махабатка ишенип,
Жашынбастан жалооруган ырларымдын арасында.

Неге ишенбейсиң, жашырбай айткан сөзүмө,
Неге ишенбейсиң, жайдары тиктеген көзүмө.
Табышмак болдуң жообун мен таба албаган,
Таппай келем не кылдым айтчы өзүңө.

Акыркы убак арман ырлар гана жараттым,
Артка кайтпай кош айтам деп бараттың.
Байкадым ошондо арзуум сага чын экенин,
Байланып өзүңө, ал ансайын арбалдым.

Неге ишенбейсиң, күндө тиктейм десем сүрөтүңө,
Неге ишенбейсиң, зар болдум десем күлгөнүңө.
Серпип кашын канча селкилер турса да,
Сенден башка эч ким сыйбады жүрөгүмө.

Сүйдүм десем сен каткырып күлбөгүн,
Сүйдүргөн соң менин үмүтүм үзбөгүн.
Тетири басып «кош болуң» дебегин,
Тескерисинче сен өкүнүп жүрбөгүн.

### Бир ак кагаз менен калем сап

Бир ак кагаз менен калем сап,
Башында жазылган «Салам кат».
Сүйүүсүн арнап окуучулар,
Сүйүнүчтөн жазган улам кат.

Билесиңби сүйүү саптары тизилген,
Биздин каттарга вирус да кирбеген.
Ал каттар жүрөгүндө сакталып,
Азыркыдай ватцабынан издебеген.

Сагынса катты ачып окуй алган,
Сагынтпай жообун да жазып турган.
Телефонуң өчүп калса окуй албай,
Тоголонтуп ары-бери ойго салган.

Болгон эмес бизде кат жазбаган,
Бооруна алып канча кыз сактаган.
Сүйүүсүн билсин үчүн кургур жан,
Сулуу кылып ак кагазга жүрөк тарткан.

Ал убакта келген каттар жолдо,
Азыркылар келет экен телефондо.
Капырай түгөнүп калса балансың,
Калат экен каттар, эзилип жолдо.

* * *

Жоокер – бул автоматын асынган,
Жол каратып, ата-энесин сагынткан.
Жоогазындай мөлтүрөгөн кыздардын,
Жүрөктөрүнө чок салган инсандар.

## Жоокер

Ала-чаар кийгени жарашкан,
Аска-тоолорду жөө ашкан.
Алладан сурап күч-кубатын,
Алар элин душмандан сактаган.

Элдешке түшкөндөй душман менен,
Эр-азаматтарыбыз жан берген.
Эр намыстыгын сакташ үчүн,
Эли үчүн, жери үчүн жан берген.

Чууруган кыргыз тоо кыркалары,
Чер жазат жаңырткан ырлары.
Четинен айтышып сырларын,
Чек арачы жоокер куралы.

* * *

Айтса көнбөй, тилин укпай,
Адашып жүрдүм бир далай.
Аллахым берсе тилекти,
Аалам кездирем тил угузбай.

## Апаке

Кечир апаке жаштыгымды,
Кеткен менден каталарды.
Карызмын сага ар дайым,
Канткенде ак сүтүң актаймын.

Уксам болмок убагында,
Уктасам сенин кучагында.
Уялткан сени катам болсо,
Уулуңду апаке кечир анда.

Барсам дейм тезирээк кучагыңа,
Батыраак жеткиз дейм Кудайыма.
Байлык, башкасы күтө турсун,
Байып кетчи балаңдын урматына.

Апакем, мактоо жеткис адамымсың,
Асылым, токтобосун баскан кадамың.
Аягы жок ак тилектин кучагында,
Апакем, жазып бүткүс арманымсың.

# МАЗМУНУ

*Бапанов Б.* Баш сөз ........................................ 3
*Сабаева Ж.* Редактордон кириш сөз ........................................ 6
Айталы Жандаров ........................................ 10
Акылбек Мураталиев ........................................ 15
Мөлтүр Булак ........................................ 16
Акылбек Мамадалиев ........................................ 23
Акрам Турдубаев ........................................ 27
Анарбек Акматбеков ........................................ 38
Алижан Төрөбеков ........................................ 45
Адашкан Пирматов ........................................ 49
Абдыжапар Эгембердиев ........................................ 55
Асан Эркечбаев ........................................ 62
Алмазбек Галбаев ........................................ 66
Айсулуу Камалова ........................................ 70
Апал Итигулова ........................................ 75
Айбек Тавакал уулу ........................................ 79
Анара Аскарова ........................................ 82
Бурулча Төрөбекова ........................................ 86
Бурмакан Тургунбаева ........................................ 90
Бурулкан Садиева ........................................ 94
Бүбүсалиха Эгембердиева ........................................ 98
Гүлчехра Уучиева ........................................ 118
Гүлжан Жантөрөева ........................................ 122
Гүлсия Ашыралиева ........................................ 126
Гүлзат Кудайбердиева ........................................ 130
Гүлшайыр Мурзабаева ........................................ 134
Гүлзада Абсатарова ........................................ 138
Гүлиза Абдумиталипова ........................................ 142
Динара Садирбек кызы ........................................ 146
Дамир Абсатаров ........................................ 150
Жыргалбек Шералиев ........................................ 162
Жазгуль Жандарова ........................................ 167
Жапарбек Жаныбаев ........................................ 172
Жазгүл Тентиева ........................................ 178

ЗАрыл Өмүралиева ....................183
Калмамат Турдубаев....................193
Курманбек Борошев ....................198
Камалидин Каразаков ....................204
Канайым Сатыбалдиева ....................208
Кубанычбек Примберди уулу....................213
Канатбек Жапар ....................217
Мусакун Сатыбалдиев ....................221
Мээркан Токсобаева....................232
Маматжусуп Момунов....................238
Макбурат Кыдырбекова ....................244
Мухамбет Каныбек уулу ....................249
Мимоза Жаныбек кызы ....................254
Минура Сагындыкова....................258
Насыйкат Абылкасымова....................262
Нурзат Ибраим Кызы ....................266
Назымхикмет Марат уулу....................270
Нурлан Бейшебаев....................273
Назгүл Эргешова ....................278
Нургүл Доулбек Кызы....................281
Нурзат Айтымбетова ....................285
Перизат Абдыкасымова ....................289
Расагүл Кийикова ....................293
Роза Эшматова....................298
Султанбек Боркошев ....................302
Самара Кимсанова....................306
Сайранбүбү Баялиева....................311
Талантбек Жакшыбеков....................317
Тазагүл Мамажанова ....................320
Тамара Алиева ....................325
Уулкан Асан Кызы....................329
Чынара Нурунбекова....................333
Чынара Назаралиева ....................338
Элиана Үсөнбек кызы ....................343
Эрболсун Махаматсабыр уулу....................347
Эльмира Исакова....................352
Элдияр Бороев ....................356

*Буга чейин «Москва кайрыктары» ыр жыйнагынын 4 китебине 40тан ашуун авторлордун ырлары жарык көргөн. Бул китепке 70 кыргыз атуулдарынын ырлары кирди. Дил кайрыгыбызды ынтымак, адамгерчиликке үндөп, жаш таланттардын канаттарын кайрыбай, талпынта берели.*

*Ой-пикир, каалоо, суроолоруңуздар болсо кайрылыңыздар.*

**Бапанов Багытбек Шериевич**

**«Москва кайрыктары» адабий клубунун негиздөөчүсү**
**Е-почта: nurgazeta@mail.ru +7(926) 120-56-91**

**«Москва кайрыктары» адабий клубунун редакторлору:**
**Сабаева Жамал Турдакуновна +7 (926) 459-98-31**
**Абсатаров Дамир Нурмаматович +7 (925) 044-71-85**
**Мухамбет Каныбек уулу +7 (926) 553-18-61**

*Көркөм-адабий басылма*

**Бапанов Багытбек Шериевич**

**МОСКВА КАЙРЫКТАРЫ – 5**

**Жыйнак**

Бишкек, «Улуу Тоолор» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Сабаева Жамал Турдакуновна*
Корректорлору: *Абсатаров Дамир Нурмаматович,*
*Мухамбет Каныбек уулу*
Мукабасын көркөмдөгөн *Кадыров Алтынбек*
Компьютерде калыпка салган *Терибаева Рая*

Басууга 22.09.2016-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84$^1/_{16}$ Көлөмү 22,75 б.т.
Нускасы 600 даана.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү, 170А



«Москва кайрыктары» адабий клубунун мүчөлөрү, Алыкул Осмоновдун 100 жылдык юбилейин белгилөөдөгү поэзия кечесинде эстеликке түшкөн сүрөт. 15.11.2015 ж. Москва шаары.

